**ОШ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК ИНСТИТУТУ**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 349.6(575.2)(04)*

**Туратбекова Акмөөр Туратбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУ: ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК АСПЕКТИЛЕРИ

12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
д и с с е р т а ц и я

**Илимий жетекчи:**
юридика илимдеринин доктору,
профессор Джоробекова А.М.

**Ош – 2020 ж.**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**…………………………………………………..…….......…..3

**1-ГЛАВА. ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК: ТАРЫХЫЙ-ТЕОРЕТИКАЛЫК ТАЛДОО**

1.1.Экологиялык коопсуздук концепциясынын өнүгүүсү: маселенин тарыхы.....................................................................................................11

1.2.Экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү боюнча эл аралык коомчулуктун инициативаларынын калыптануусу жана өнүгүүсү....................................32

1.3. Экологиялык коопсуздук түшүнүгүнүн теоретикалык аспектилери.........................................................................................59

**2-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУНУН ӨНҮГҮҮСҮНҮН БҮГҮНКҮ АБАЛЫ ЖАНА УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛЫНУУСУ**

2.1. Туруктуу өнүгүү концепциясы Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздуктуу өнүгүү базасы катары....................................89

2.2. Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун камсыздалуусунун укуктук негиздери.....................................................119

2.3. Экологиялык коопсуздуктун өнүгүүсүнүн тенденциясы...................140

**ТЫЯНАКТАР**…………………………………………...........................153

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ**……........……............159

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Өндүрүштүн жана экономиканын булгануусуна алып келген өндүрүштү жана экономиканы өнүктүрүү максатында бардык жерлерде жаратылыш кендерин табуу жана колдонуунун жүрүүсүндө жаратылыш чөйрөсүнө ойлонулбаган адамзатынын таасирдөө процесси менен чакырылган жана орун алган өзгөрүүлөрдүн жана дисбаланстын жыйынтыгы болгон бүгүнкү дүйнөдөгү уланып келген экологиядагы кризис адамзатынын коомунун жашоосуна коркунуч жаратат. Экосистемадагы бузулган теңдүүлүк катастрофалык болгон жашоо чөйрөсүнүн деградациялаган өзгөрүүлөрүнүн себебинен тирүү жандыктардын өлүүсүнө алып келген кооптуулук түрүндөгү ири масштабдагы кесепеттер менен коркунуч жаратат. Ошондуктан, мамлекеттик, коомдук, маалыматтык коопсуздук түзгөн башка түрлөрү менен биргеликте маанилүү болгон экологиялык коопсуздук көйгөйлөрүн концептуалдык кабыл алуусу куралды.

Коомдо көтөрүлгөн экологиялык коопсуздук көйгөйлөрүнүн катарында планетанын калкынын санынын өсүү себебинен ресурстардын азаюусу алардын деградациясы, адамдын өндүрүш ишмердүүлүгүндөгү бузуулар болгон детерминанттарга көңүл бөлүнүп, милитаризациялык багыттарга жана алардын мамлекеттердеги ашыгы менен болгон деңгээлине, бүтпөгөн регионалдык конфликттерге, илимдин жана коомдук жашоонун дегумандашуусуна көрсөтүлгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Кыргызстанда мамлекеттин экологиялык коопсуздугунун приоритеттүүлүгү таанылып, реалдуу экологиялык факторлорду эске алуу менен масштабдуу чаралардын иштелип чыгуусун жана колдонулуусун талап кылып, алардын ишке ашырылуусу гумандык рационалдык, экологиялык адептик негиздерге багытталуусу милдеттүү. Аны менен биргеликте, экономикалык багыттардын жаңы методдорунун жана

технологияларынын иштелүүсү экологиялык процесстерди эске алуу менен ишке ашырылуусу зарыл.

Биздин мамлекетибиздин экологиялык коопсуздук контекстинде укуктук жөнгө салуунун суроолору маанилүү вектор болуп саналып, алардын натыйжалуулугу экологиялык бузууларды алдын алуу, экологиялык технологияларга колдонуу, кайтарылгыс экологиялык өзгөрүүлөрдүн пайда болуусуна жол бербеген, жана ошондой эле тийгизген айлана чөйрөгө жана жарандардын саламаттыгына зыянды калыбына келтирүү идеясына негизделген бул чөйрөдөгү ойлонулган коопсуздук концепциясынан көз каранды. Зарыл болгон социалдык экономикалык, укуктук жана башка шарттардын чечилүүсү экологиялык коопсуздуктук камсыз кылууга багытталган бул концепцияны ийгиликтүү ишке ашырууга түрткү жаратат.

Бүгүнкү күндө экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун натыйжалуу укуктук жөнгө салынуусунун көйгөйлөрү алдыңкы позицияларды ээлөөдө. Сунушталган экологиялык коопсуздуктун өнүгүү концепциялары жана экологиялык коопсуздук түшүнүктөрү азыркы мезгилдин көйгөйлөрү катары бардык жүрүп жаткан процесстерге таасирин тийгизип, түрдүү талдоолорго жана интерпретацияларга дуушар болуп, базалык акценттердин өзгөрүүсү орун алууда.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу көйгөйлөрүнүн чечилүүсүнүн коомдогу орун алган объективдүү процесстер менен байланышкандыгын жана техно чөйрөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн көз каранды болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Ошондуктан, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча укуктук жөнгө салуунун өнүгүүнүн экология чөйрөсүндөгү абалдын жакшырып кетүүсүнө болгон таасирин аныктоо үчүн тарыхта жана азыркы мезгилде чет өлкөлөрдүн экологиялык коопсуздук системасынын уюшулуусун карап чыгуу, экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү боюнча эл аралык коомчулуктун

инициативаларын изилдеп чыгуу, экологиялык коопсуздуктун андан аркы теоретикалык жоболорун иштеп чыгуу, илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу максатында теоретикалык укуктук изилдөө талап кылынат.

Жогоруда айтылгандын баары диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун жана алынган жыйынтыктардын теоретикалык практикалык маанилүүлүгүн тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы.** Жүргүзүлгөн бул тема боюнча диссертациялык изилдөө инициативдүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Диссертациялык иштин максаты экологиялык коопсуздукту комплекстик тарыхый укуктук изилдөөнү жүргүзүүдө.

Коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү ***маселелер*** коюлган:

- экологиялык коопсуздук концепциясынын өнүгүүсүнүн ретроспективалык талдоосун жүргүзүү;
- экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү боюнча эл аралык коомчулуктун инициативасынын өнүгүү суроолорун изилдеп чыгуу;
- экологиялык коопсуздук түшүнүгүнүн теоретикалык укуктук аспектилерин изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук өнүгүүсүнүн концептуалдык базасын талдап чыгуу;
- биздин республикабыздын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук негиздерин карап чыгуу;
- экологиялык коопсуздуктун өнүгүүсүнүн тенденциясын изилдеп чыгуу.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** анда биринчи жолу монографиялык деңгээлде Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун көйгөйлөрүн комплекстик түрдө тарыхый укуктук

талдануусу жүргүзүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн процессинде экологиялык коопсуздуктун концепциясынын өнүгүүсүнүн ретроспективалык талдоосу жүргүзүлүп, экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү боюнча эл аралык коомчулуктун инициативаларынын өнүгүү суроолору каралып, экологиялык коопсуздук түшүнүгүнүн теоретикалык укуктук аспектилеринин талдоосу жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуз өнүгүүсүнүн концептуалдык негиздери изилденип, биздин республикабыздын экологиялык коопсуздугунун камсыздалуусунун укуктук негиздери каралып, экологиялык коопсуздуктун өнүгүү тенденциялары изилденген, жана ошондой эле изилденип жаткан көйгөйлөр боюнча сунуштар жана тыянактар иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары, диссертацияда берилип, иштелген илимий практикалык жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылууну укуктук жөнгө салууну жакшыртуу үчүн болгон негиздердин бири болгондугунда; экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү боюнча андан аркы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө илимий изилдөө ишмердүүлүгүндө колдонулуусунун мүмкүн болгондугунда. Диссертациянын жоболору юридикалык жождордун жана факультеттердин окуу процессинде мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; экологиялык, жарандык, административдик укукту түзгөн бир катар укуктук сабактарын окутууда колдонулуусу мүмкүн.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАКТООГО ЧЫГАРЫЛГАН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ:

1. Өзүнүн калкынын жашоосу үчүн маанилүү болгон кызыкчылыктарын канааттандыруу, инсандын, коомдун жана жалпысынан айлана чөйрөнүн корголгондугун камсыз кылган шарттарды түзүү менен түшүндүрүлгөн ар бир мамлекеттин аныктоочу умтулуусу

бүгүнкү күндө улуттук коопсуздуктун жана сырткы чөйрөнүн өз ара шартталгандыгы менен түшүндүрүлгөндүгү тууралуу теоретикалык тезис. Албетте коопсуздук жана улуттук кызыкчылыктар түшүнүктөрүнүн тыгыз байланышы негизделген, анткени улуттук коопсуздук биринчи кезекте инсандын жашоосундагы маанилүү кызыкчылыктарынын бузулбастыгынын кепилдигин камсыз кылууга, башкача айтканда мамлекеттин фундаменталдык кызыкчылыктарын камсыз кылууга багытталган.

2. Бардык адамзатынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга багытталган эл аралык деңгээлде өткөрүлүп жаткан иш чаралар, анын ичинде кээ бир өлкөлөрдүн жана алардын өз ара мамилелеринин зарыл болгон нормаларын, эрежелерин жана аракеттеринин принциптерин аныктаган тийиштүү конвенциялардын жана келишимдердин иштелип чыгуусу жана кабыл алынуусу, глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн чечилүүсү үчүн маанилүү болгондугу тууралуу аргументтелген тыянак. Бул максаттарда приоритеттүү болуп глобалдык деңгээлде экологиялык стратегиянын анын практикада туруктуу жана экологиялык мотивделген мүнөзүнүн өнүгүүсүн камсыз кылууга, керек болгон учурда айлана чөйрөнү коргоого жана калыбына келтирүүгө багытталган түрдүү эл аралык долбоорлордун алкагында чагылдыруу менен иштелип чыгуусу эсептелет.

3. Экологиялык коопсуздуктун адамзатынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн маанилүү багыттарынын бири болгондугу негизделет, анткени адам менен аны курчаган айлана чөйрөнүн ортосундагы мамилелердеги бузулган балансты тез арада калыбына келтирүү талабы, мындай мамилелердин гармондошуусу жана адамдын жаратылыш ресурстарын акылдуу колдонуусу менен байланышкан. Ошол эле мезгилде ал азыркы түшүнүктөгү экологиянын, цивилизациянын таасиринен жаратылыш чөйрөсүн коргоого, ошол эле

учурда адамзатын мындай таасирдин катастрофалык кесепеттеринен коргоого багытталган экологиялык саясаттын негизги компоненти болуп эсептелет. Ошону менен биргеликте, коопсуздуктун башка түрлөрү менен биргеликте, коопсуздуктун бул түрү ички жана эл аралык багытталгандыкка ээ, ал эми акыркысы эл аралык форматтагы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта.

4. Туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун алкагында Кыргызстан экология маселелерин коомдук саламаттыктык сактоо жана өндүрүүчүлүк, калктын жаратылыш ресурстарына кайтарылгыс, ордуна келгис зыянын тийгизүү тобокелчилигин жана өнөр жай базасынын диверсификация суроолорун байлаган экономикалык өткөөл мезгилдин борбордук компоненти жана калыбына келтирүү планынын алкагында киргизилүүсү бекитилет. Экология суроолорунда коомдук маалымдалгандыгынын жогорулоосу экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги каражаты болуп эсептелип, маалымдалгандыктын аракеттерге өтүү ошондой эле маанилүүлүккө ээ болуп, бул мамиледе рационалдык экологиялык саясатты кабыл алуу үчүн зарыл болгон маалыматтын жоктугу, жана ошондой эле экологиялык маселелер боюнча коомдук маалымдалгандыкты аракеттерге өткөрүү үчүн зарыл болгон саясий таандыктын жоктугу түзгөн чектөөлөр орун алып келет. Коомдун экология суроолору боюнча жетишсиз маалым болгондугу айлана чөйрөгө түйшүк алып келүүчү болуп эсептелип, анын натыйжасы болуп жаратылыш ресурстарынын булгануусу, азаюусу жана деградациясы эсептелет.

5. Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясынын улуттук коопсуздуктун ажырагыс түзүмдүү бөлүгү катары экологиялык коопсуздукту аныктагандыгы жана туруктуу өнүгүүнүн милдеттүү шарты катары аны тааныгандыгы аргументтелген,

жана анын алкагында ал өз кезегинде жаратылыш чөйрөсүнүн жана анын тийиштүү сапатынын стабилдүүлүгүн камсыз кылган негиз болуп саналат. Экологиялык коопсуздук коомдун коопсуздугунун түзүмдүү элементи болуп, индивидуумдун, коомдун, мамлекеттин, жалпысынан адамзатынын бардык аспектилерде алардын маанилүү жашоо кызыкчылыктарын жана фундаменталдык негиздерин ички жана сырткы мүнөздөгү коркунучтардан ишенимдүү корголгондук абалы катары, коркунучтун жана кооптуулуктун бардык түрлөрүн жокко чыгарган абал катары каралат. Ошону менен биргеликте инсан, коом жана мамлекет багыттары боюнча бөлүнгөн коопсуздуктун түрлөрү белгиленип, алардын ар биринде жашоо тиричиликтин шарттарынын стабилдүүлүгүнүн кепилдиктери, конституциялык түзүлүштүн бузулбастыгы, материалдык потенциалдын күчтөнүүсү, коомдун руханий адептик баалуулуктары ишке ашырылат.

6. Бүгүнкү мезгилде экологиялык коопсуздук суроолору илимий техникалык төңкөрүштүн, экологиялык системанын жыйынтыгы болгон жаратылышкан адамдын ойлонулбгана аракеттеринин, бузуусунун жыйынтыгы анын адамдын жашоосуна коркунуч жаратқандыгы тууралуу түшүнүк адамзатына келгендиги менен чакырылгандыгы тууралуу теоретикалык тыянак. Ошондуктан, бардык дүйнөдө экологияны сактоо, орун алган ситуацияны объективдүү баалоо, талап кылынган зарыл сунуштамаларды иштеп чыгуу, жана ошондой эле экология чөйрөсүндөгү кризисти жана катастрофаны токтотуу боюнча масштабдуу чараларды тездетүүнү кабыл алуу максатында анын абалынын оор, коркунуч жараткан абалына алып келген детерминанттык белгилерин аныктоо активдүү түрдө ишке ашып келет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** изилдөөнүн жыйынтыктары, жоболору жана тыянактары диссертант тарабынан жеке түрдө иштелген.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы** баяндамаларды менен эл аралык илимий жана илимий практикалык конференцияларга

даярдоо жана баяндоо, КР ЖАКтын талаптарына ылайык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган негизги жоболорун жана жыйынтыктарын илимий журналдарда жарыкка чыгаруу процессинде жана ошондой эле бул жыйынтыктарды окуу процессинде колдонууда ишке ашырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын чагылдырылуусунун толуктугу.** Изилдөөнүн жыйынтыгы, алынган тыянактар жана иштелген жоболор диссертант тарабынан 11 илимий басылмаларда жарыкка чыгарылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү** коюлган талаптарга жооп берет жана кириштен, тыянактарга ээ болгон алты бөлүмдү камтыган эки главадан, иштеги булактардын колдонулган тизмесинен турат.

# Глава 1. ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК: ТАРЫХЫЙ-ТЕОРЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

## 1.1. Экологиялык коопсуздук концепциясынын өнүгүүсү: маселенин тарыхы

Бардык адамзатын камтыган көйгөй катары экологиялык коопсуздуктун түшүнүгүн түзүүгө бүгүнкү мезгилде глобализация эл аралык мамилелердин бардык чөйрөлөрүндө активдүү ишке ашуу процессинде болгон көрүнүш катары өзүнүн таасирин тийгизип, глобалдык форматтагы коопсуздук менен байланышкан көйгөйлөрдүн концептуалдык деңгээлинде орун алган базалык акценттердин өзгөрүүсүн, экономикалык жана каржылык кризис, баңги бизнеси жана уюшулган, трансулуттук кылмыштуулук, калктын массалык миграциясы, калктын өтө көбөйүүсү, экологиялык көйгөйлөр, жаратылыш ресурстарын чектөө сыяктуу көрүнүштөр менен бүгүнкү коомдун жашоосунун бардык чөйрөсүнө болгон таасиринин өсүүсүн түшүндүрөт[1, 62б.].

Жер шарынын масштабында жаратылыш катаклизмдеринин өсүүсү климаттык шарттардын өзгөрүлүүсүн, атмосферадагы озон катмарынын жукаруусун, чөлдөрдүн пайда болуусун, биоөзгөчөлүктөрдүн азаюусун дуушар кылып, бүгүнкү мезгилде өзүнүн негизинде экономикалык элементтерге ээ болуп, ар бир мамлекеттин алдында турган эң негизги көйгөй менен түздөн түз байланышы бар болгон – анын коопсуздугун камсыз кылууну талап кылат. Ошондуктан, бүгүнкү күндө экологиялык жагдайлар менен шартталган мамлекеттик коопсуздуктун суроолору талдоого жана түрдүү интерпретацияларга дуушар болуп, түрдүү аныктамалар, түшүнүктөр, анын ичинде айлана чөйрөнү коргоонун жана

экологиялык коопсуздуктун түшүнүктөрү, иштелип, сунушталууда [2, 42-43б.]. Ошону менен бирге, акыркысы мындай аспектилерде каралгандыгын белгилейбиз: жаратылыштык тектеги ресурстарды колдонууну жана анын булгануусун чектөөгө, түрдүү жаратылышты коргоочу зоналарды жана коруктарды түзүүгө, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын дүйнөсүнүн биологиялык түрдүүлүгүн сактоого жана калыбына келтирүүгө багытталган аракеттерди өзүнө камтыган адамдын жашоосунун кесепеттеринин түрдүү көрүнүштөрүнөн коргоо жана сактоо; коомдун чарбалык ишмердүүлүгүн жаратылыштык жана техногендин ресурстарды рационалдуу колдонууну жана ошондой эле коомдун талабы менен анын мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы балансты камсыз кылган перспективалык биочөйрөлүк механизмин түзүүнү башкалардын арасында өзүнө камтыган коомдун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында түзүмдүү жана сапаттуу трансформация; техногендик авария же жаратылыш катастрофасы жана ошондой эле глобалдык же локалдык эл аралык конфликттер менен шартталган экологиялык мүнөздөгү тобокелдиктерди башкаруу[3, 38б.].

Жыйырманчы жүз жылдыктын сексенинчи жылдарынын башталышына чейин адамды коргоо жана ошондой эле анын айлана чөйрөсүн коргоо коопсуздукту камсыз кылуунун эң жогорку, абсолюттук деңгээлинин форматында каралып келгендиги тууралуу жагдайды белгилеп кетүү зарыл. Бул ыкманын алкагында техногендик мүнөздөгү тобокелдер жана коркунучтар жогорку даражадагы көйгөйлөрдүн призмаында каралган. Анын коопсуздугун камсыз кылуу критикалык абалдын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн толугу менен, практикалык абсолюттук жокко чыгаруу талабына негизделет. Булганган, анын ичинде радиациялык же химиялык, айлана чөйрөнүн адамдын организмине болгон таасири так аныкталган конкреттүү көрсөткүчкө ээ болуп, ал

деңгээлде мүмкүн болгон чектин нормаларынан ашкан концентрациянын шартында биологиялык мүнөздөгү кесепеттердин көрүнүштөрү пайда болуп баштап, анын негизинде техникалык система өзүнүн ишмердүүлүгүндө көзөмөлдөнүп, алдын ала байкалып туруусу абзел. Мындай ыкма биочөйрөнүн кооптуулуктарына көбүрөөк дуушар болгон объектини түзгөн адамдын корголуусунун шарттарын сактоо менен техногендик аварияларды жокко чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүн карайт, анткени бул учурда жаратылыш чөйрөсү мындай кооптуулуктарга туруктуу болгон объект катары априори корголгон абалда түшүндүрүлүп келет[4, 133б.].

Адамдын коопсуздугун жана ошондой эле анын айлана чөйрөсүн экологиялык аспектиде коргоону камсыз кылуу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү боюнча көрсөтүлгөн талкуулоо техночөйрөнүн өнүгүүсүнүн бүгүнкү этабындагы объективдүү процесстерге жана мыйзамченемдүүлүктөргө адекваттуу болбогондугун көрсөттү. Бүгүнкү адамдын жашоосунун жасалма чөйрөсү, бул процесстин кесепеттери менен байланышкан тобокелдиктердин жана коркунучтардын өсүүсү маңызы боюнча технологиялык компоненттердин натыйжасы болуп, көп деңгээлде жогудагы абалдын себебин түзөт. Мындай шарттарда абсолюттук коопсуздукту камсыз кылууга умтулуу ишке ашпас маселени түзгөндүгү баарыбызга айкын көрүнүп турат, анткени тобокелдерди жана коркунучтарды нөлдүк көрсөткүчкө алып келүү жалгыз гана энергияны жана ошондой эле химиялык жана биологиялык ресурстарды өндүрүүнүн жок болгон форматтагы системанын иштөөсүнүн шартында мүмкүн боло алат. Ошого байланыштуу кооптуулукту мүмкүн болгон көрсөткүчтөгү өлчөмдө анын көрүнүштөрүнүн жана анын техникалык жана технологиялык прогресстердин натыйжасынан келип чыккан мүмкүн

болгон кесепеттеринин, зыянынын материалдык, социалдык жана башка пайдаларга караганда өзүн негиздеген шартта түшүнүү зарыл.

Мүмкүн болгон шарттарды түшүнүү экологиялык коопсуздук деген түшүнүктү иштеп чыгуу зарылдыгына алып келет. Өзүнүн кеңири маанисинде коопсуздук сөзү термин катары мындай талкууланат: “кимдир бирөөгө же бир нерсеге кимдир бирөө же бир нерсе тарабынан коркунучтун жок болгон абалы, ошону менен бирге ошол эле учурда кооптуулуктун бир нече булактарынын бар болуусу жокко чыгарылбайт” [5].

Коопсуздук катары кооптуулук коркунуч жаратпаган жана ал коркунучтан коргоо бар болгон абал түшүндүрүлөт[6]. Потенциалдык жабырлануучулардын коопсуздугу конкреттүү жабырлануучулар бардык бар болгон кооптуулуктарды эске алганда же алар үчүн кооптуулук жок болгон учурда камсыз болот. Коопсуздук бул кооптуулуктун гипотетикалык жок болуусу, кандайдыр бир катаклизмдердин жана коркунучтарды бар болуу мүмкүнчүлүгүнүн жока болуусу жана кооптуулуктардан реалдуу коргонуучулугу, аларга толук түрдө каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгү[7].

Экологиялык коопсуздук жана улуттук коопсуздук түшүнүктөрүнүн айкалышуу тууралуу суроо көптөгөн тартыш маселелерди жаратат. Көпчүлүгү улуттук коопсуздук түшүнүгү экологиялык коопсуздук түшүнүгү менен тыгыз байланышта болгондугу тууралуу көз караштарды колдойт, анткени ал коопсуздук сөзүнөн келип чыгат. Экологиялык коопсуздук түшүнүгүнүн маңызын аныктоо боюнча кээ бир көз караштарды белгилеп кетүүгө болот[8, 68б.]. Улуттук коопсуздук укуктук түшүнүгүнүн белгилерин кароо менен укуктук мааниде коопсуздук субъектинин түрдүү коркунучтардан же зыяндан корголгон абалын түшүндүргөндүгүн эске алуу зарыл. Улуттук коопсуздук түшүнүгү

тармактар аралык, дисциплиналар аралык мүнөзгө ээ, ошону менен биргеликте улуттук коопсуздук түшүнүгүнүн маанилүү элементтеринин бири болуп укуктук мазмунунун аягы жоктугу эсептелет. Улуттук коопсуздук түшүнүгүнүн кийинки элементи болуп корголгондук саналат. Аны менен биргеликте, корголгондук эл аралык мамилелердик катышуучулары, мамлекет же коом тарабынан кабыл алынган милдеттүү эрежелер боюнча ички бекитилген территориалдык чек жана убакытта аткарылган укук менен аныкталган ишмердүүлүктү түшүндүрөт[9, 11б.].

Юридикалык адабияттардагы экологиялык коопсуздуктун аныктамасы боюнча экологиялык коопсуздук түшүнүгү, айлана чөйрөнү коргоо окшош категориялар катары каралат. Бул ыкма боюнча экологиялык коопсуздук түшүнүгү айлана чөйрөнүн жагымдуу абалын сактоо жана ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын экологиялык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча кызыкчылыктарга жооп берген айлана чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдык колдонуу боюнча ишмердүүлүк катары аныкталат[10, 107б.].

Кээ бир көз караштарга ылайык экологиялык коопсуздук адамдын курчаган материалдык дүйнөнүн эсебинен өзүнүн жашоосу үчүн табигый физиологиялык жана социалдык керектөөлөрүн канааттандыра албагандыгынын себебинен адам биологиялык түр катары жашоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган планетадагы жаратылыш чөйрөсүнүн жагымсыз антропогендик таасиринин натыйжасында адамдардын массалык өлүмүнө алып келүү коркунучун жокко чыгарган чаралардын системасы катары каралат[11, 48б.].

Бул маселенин башкача чечилүүсүн окумуштуулардын башка тобу сунуштап, ага ылайык экологиялык коопсуздук адамдын жашоосундагы маанилүү кызыкчылыктары бузулбаган жана жагымсыз факторлордун

таасиринин зыянынын айлана чөйрөгө кооптуулугу же экологиялык катастрофанын жана адамдын саламаттыгына болгон катастрофанын мүмкүн болуусу талап кылынган аз өлчөмгө чейин минимизацияланган[12, 53б.].

Коопсузудктун аныктамасынын талкуусунун көп болгондугуна карабастан, экологиялык коопсуздуктун бир түрдөгү так аныктамасынын жок болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Бул жерде экологиянын түшүнүк катары бүгүнкү күнгө чейин адистердин жана изилдөөчүлөрдүн арасында бир түрдөгү бирдей талкууланып, аныктамасына ээ болбогондугу тууралуу жагдайды баса айтып кетебиз. Бирөөлөрүнүн пикири боюнча, ал өсүмдүктөрдүн жана жаныбар организмдеринин бири бирине жана айлана чөйрөсүнө болгон мамилелер тууралуу илимди түшүндүрсө[13], башкаларынын ою боюнча, экологиянын түшүнүгү жалпы территорияны ээлеген организмдердин абалын, алардын бири бирине жана айлана чөйрөгө болгон мамилесин камтыйт[14]. Жалпысынан көрүнүп тургандай, экология термининин түзүлүүсүндөгү көйгөйлөр бири бирине болгон өзгөчөлүктөргө ээ болгон жана экологиянын түрдүү өз алдынча көптөгөн бөлүмдөрүнүн бар болуусуна түрткү болгон түрдүү чөйрөлөрдөгү бул түшүнүктүн колдонуусу менен шартталган, анткени экологиялык аспект илимий жана адамзатынын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрдө орун алган. Ошондуктан коопсуздук адамдын эң маанилүү керектөөсүн түшүндүрүп, алардан кийин тамактануу, эс алуу, маалыматтык канааттандыруу болгон керектөөлөр оруп алып, бул болсо адамдын аны курчаган айлана чөйрө менен биргеликте анын жашоого болгон жөндөмдүүлүгүн жана жашоого туруштук берүүсүн камтыйт.

Коопсуздук маселелери инсандын, коомдун жана мамлекеттин маанилүү жашоодогу кызыкчылыктарын сырткы жана ички коркунучтардан коргоо абалы катары Кыргыз Республикасынын №44

2003-жылдын 26-февралындагы “Улуттук коопсуздук тууралуу” Мыйзамынд бекитилген. Бул мыйзамдын биринчи беренесинде жашоодогу маанилүү кызыкчылыктар инсандын, коомдун жана мамлекеттин прогрессивдүү өнүгүүсүн жана жашоосун камсыз кылган жана канааттандырган керектөөлөрдүн жыйындысы катары каралат. Ошол эле жерде улуттук коопсуздуктун негизги объектилерине инсан, анын укуктары жана эркиндиктери; коом, анын материалдык жана рухий баалуулуктары; мамлекет, анын конституциялык түзүлүшү, суверенитет жана территориалдык бүтүндүк киргендиги ачыкталат[15].

Жогоруда аталган бүгүнкү реалдуулукта экологиялык коопсуздук инсандын укуктары жана эркиндиктери, коомдун рухий жана адептик баалуулуктары болгон объектилери менен түшүндүрүлгөндүгүн тастыктап, илимий-техникалык прогресстин мезгилиндеги коопсуздуктун камсыз болуусунун масштабдуулугун жана глобалдуулугун белгилеп, анын жер шаарындагы экологияга таасирин тийгизген катастрофалар менен байланыштырат. Ошондуктан, адамды жана аны курчаган айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө коомдун эволюциясынын процессинде пайда болгон кооптуулуктардан коргоо тууралуу билимдердин системасын өз алдынча илимий багыт катары калыптануусунун зарылдыгы тууралуу бардык жерде айтып баштап, коопсуздук жашап кетүүгө болгон мүмкүнчүлүк катары кабыл алынып, ошону менен бирге, адамдын жана курчаган айлана чөйрөнүн коопсуздугун изилдеген бүгүнкү шарттарда илимде коопсуздуктун концепциясынын жаңы векторунун пайда болуусу негизделди. Ошентип, экологиялык коопсуздук адамдын жана биочөйрөнүн өзүнүн өнөр жайлык-өндүрүштүк комплекстин негативдүү таасиринен, адамга жана аны курчаган чөйрөгө зыян кесепеттерге ээ болгон илимдин жана техниканын өнүгүү процессинде адамдын ишмердүүлүгү менен байланышкан кооптуу мүнөздөгү кесепеттерден

корголуу абалы катары аныкталат. Бул жерде экологиялык коопсуздуктун белгилүү бир өлчөмдө жашоого аракеттүүлүктүн коопсуздугунун түшүнүгү менен окшоштугу байкалат, анткени эки учурда тең өнөр жайлык себептер менен пайда болгон түрдүү мүнөздөгү негативдүү таасирдөөлөрдөн корголуу жана ошондой эле анын жашоосунун ыңгайлуу шарттарын камсыз кылуу түшүндүрүлөт жана бул жерде жашоого болгон аракеттүүлүктүн коопсуздугу мындай чөйрөнүн абалы менен шартталат. Ошого байланыштуу кээ бир авторлор тарабынан адамдын жашоо тиричилигине анын айлана чөйрөсүнүн жана экологиянын таасири тууралу маалыматтар айтылып келет. Ошондой эле адамдын чарбалык ишмердүүлүгү көп өлчөмдө жана көп учурда биочөйрөнүн бузулуусунун негизги булагы болгондугу белгиленет. Жаратылыш чөйрөсүндө көп өлчөмдөрдө газ түрүндөгү, суюк жана каттуу түрдө болгон өндүрүштүн калдыктары калууда. Калдыктарда орун алган түрдүү химиялык заттар жерге, абага же сууга түшүп, экологиялык звенолор боюнча чынжырча менен кийинкилерине өтүп, аягында адамдын организмине түшөт[16].

Илимий коомчулукта башка түрдөгү пикирлер да жок эмес. Мисалы, окумуштуулардын бирөөлөрү экологиялык коопсуздукту адамдын ишмердүүлүгүнөн жаралган жагымсыз шарттардын, адамдын биологиялык түр катары аны курчаган материалдык дүйнөнүн эсебинен өзүнүн табигый физиологиялык жана социалдык керектөөлөрүн канааттандыра албагандыгынын себебинен жашоого болгон мүмкүнчүлүгүн жоготкон планетадагы жаратылыш чөйрөсүнүн натыйжасында адамдардын массалык өлүмгө дуушар болуу коркунучун жокко чыгарган чаралардын системасы катары түшүнүшөт[17, 43б.]. Башкаларынын көз карашы боюнча экологиялык коопсуздук жарандардын социалдык, экономикалык, экологиялык укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын; коомдун жана мамлекеттин материалдык, маданий

жана башкан баалуулуктарынын; ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жана ишкерлердин экономикалык жана башка кызыкчылыктарын адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасынан жана ага адамдын таасирдөөсүнөн келип чыккан айлана чөйрөнүн жагымсыз факторлорунун зыяндуу таасиринен жана ошондой эле экологиялык авариялардын жана катастрофалардын кесепеттеринен корголуу абалын түшүндүрөт[18, 366б.].

Ошондой эле жаратылыш чөйрөсүн жана адамдын жашоочулук маанилүү кызыкчылыктарын чарбачылык жана башка ишмердүүлүктүн мүмкүн болгон негативдүү таасирдөөсүнөн, жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан жана алардын кесепеттеринен корголуусу экологиялык коопсуздуктун түшүнүгү катары белгиленет. Ошол эле жерде экологиялык коопсуздук ушул коомдук мамилелердин тобун жөнгө салган укуктун нормаларынын системасы катары каралат. Укуктун бул нормалары укуктук жөнгө салуунун жалпы принциптери, жалпы максаттары жана маселелери орун алган баарына белгилүү болгон бирдиктүүлүккө ээ[19]. Экологиялык коопсуздук конкреттүү субъект тарабынан берилген изилденип жаткан объектинин бар болуусуна, жашоосуна коркунуч жараткан кооптуулуктун баалоосу менен мүмкүн болгон потенциалдык тобокелдердин жана таасирдөөлөрдүн бул объектиге болгон таасирин мындай таасирдөөлөрдөн коргоочу чаралар менен болгон айкалышы жана корглуу даражасы менен аныкталгандыгы катары каралгандыгын белгилеп кетүү зарылү. Ошону менен бирге, потенциалдык мүмкүн болгон реалдуу коркунучтардын жана тобокелдердин чексиздигине карабастан тандоо билим менен дайыма чектелип, корголгон объектилер менен кооптуулуктардын булактарынын ортосунда жайгашкан[20].

Жогоруда айтылган улуттук коопсуздуктун бардык үч элементтеринин борбордук жана байланыштаырган элементи болуп байланыштырган объекти катары адам эсептелгендиги аныктоого мүмкүнчүлүк жаратат, анткени экологиялык коопсуздук улуттук коопсуздуктун түзүмдүү бөлүгү болуп саналат, себеби экологиялык коопсуздуктун объектиси улуттук коопсуздуктун, ага жаратылыш чөйрөсүнүн таандыгы белгиленген эмес болсо да, объектисинин түзүмдүү бөлүгү болуп саналат. Туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу максатында коомго натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу, илимий негизделген долбоорлорду иштеп чыгуу, масштабдуу иш чараларды аткаруу зарыл, бирок бардык бул аракеттер жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөрүү коркунучунун пайда болуу тобокелдиги менен байланышкан. Коопсуздук туруктуулук, бүтүндүк жана салыштырмалуу өз алдынчалык түзгөн белгилер менен мүнөздөлгөн бардык системанын ажырагысы системасы болуп эсептелет, бирок ал өзүнүн бар болуусуна кооптуулуктун жана коркунучтун келип чыгуусуна байланыштуу ээ.

Коопсуздук жалпы кабыл алынган мааниде кооптуулук коркунучу жок болгон, кооптуулуктан корголуу бар абалды түшүндүрөт[21, 67б.]. Тобокелдикти аныктоону потенциалдык кооптуулук чаралары катары кароодо коопсуздук кооптуулуктун пайда болуу тобокелдиги жок болгон же коркунучтун пайда болуу тобокелдиги нөлгө келген абалды түшүндүрөт, бирок жалпыга белгилүү болгондой, тобокелдиктин толугу менен реалдуу жок болуусу мүмкүн эмес, ошондуктан бүгүнкү этапта коомдо абсолюттук коопсуздук идеясынан реалдуу ишке ашкан коопсуздук концепциясына өтүү чечими кабыл алынган – мүмкүн болгон тобокелдик, анын катарында жаратылыш чөйрөсүнө болгон таасирдөө.

Ошентип коопсуздуктун (корголуу абалы) тобокелдигинин даражасы жана аны колдоонун даражасы адамга тиешелүү аныкталат.

Коопсуздуктун максатын коопсуздукка болгон коркунучту, жана ошондой эле алардын объектинин бардык деңгээлдердеги аракеттеринин кесепеттерин нейтралдоо, тамырынан жок кылуу, булактарын ликвидациялоо түзөт. Кооптуулукка бардыгы дуушар болуусу мүмкүн: жер, жер казынасы, табигый экологиялык система, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү, адам. Кооптуулуктун булагы болуп бардык жандуу жана жансыз объектилер эсептелиши мүмкүн. Бирок коопсуздуктун объектиси катары кооптуулуктан коргоону камсыз кылуу жана корголуу абалын колдоо боюнча аракеттер багытталганды жана өз кезегинде бир эле учурда бул эки маанилүү сыпаттарга ээ болгонду таануу зарыл: негативдик аракеттердин коркунучун жаратпайт жана негативдик аракеттерге каршылык көрсөтөт. Бул мааниде жаратылыш чөйрөсү биринчи жана экинчи белгиге да ээ эмес. Айлана чөйрө жашап кетүү үчүн жана адамдын ийгилиги үчүн негиз түзүүчү мааниге ээ. Жаратылыш ресурстарынын деградациясы, булгануусу жана чектен ашык эксплуатациясы жаратылыш чөйрөсүнүн бузулуу коркунучун жаратып, кайтарылгыс кесепеттерге алып келип, адамдын саламаттыгынын начарлануусуна жана жашоосунун сапатынын төмөндөөсүнө алып келүүсү мүмкүн. Ошентип, экологиялык коопсуздуктун маанилүү фактору болуп адам үчүн кооптуулук жаратпаган деңгээлдеги сапатка ээ болгон айлана чөйрөнүн жагымдуу абалы, үзгүлтүксүз мониторинг менен жана коркунучтардын пайда болуусуна жана алардын бузуучу кесепеттерине ыкчам жооп берүү менен камсыз болгон адамдын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу жана нормалдуу физиологиялык, интеллектуалдык жана руханий адептик өнүгүүдөгү керектөөсүн канааттандыруу эсептелет.

Экологиялык коопсуздук адамдын жана айлана чөйрөнүн өз ара аракеттешүү процессинде пайда болуп, анда бардык адамдар анын

ресурстарына өзүнүн реалдуу керектөөсүн канааттандыруу үчүн адилеттүү жана аң сезимдүү мүмкүнчүлүккө ээ болуп, анын сапатынын начарлоосун жана адамдын негативдик таасирдөөсүн алдын алуу механизми менен камсыз болот. Экологиялык чөйрөдөгү корголбогондук (кооптуулук) абалы айлана чөйрөдөгү болуп жаткан же келечектеги боло турган өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүп, адамдын керектөөсүн азыркы жана келечектеги реалдуу керектөөсүн анын ресурстарынын эсебинен канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө негативдүү түрдө чагылып келет (чагылат). Экологиялык коопсуздуктун жана экологиялык кооптуулуктун айырмалоочу деңгээлин болуп жаратылыш чөйрөсүнүн регенеративдик потенциалы саналат.

Чарбалык жана башка ишмердүүлүктөн, жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан, алардын кесепеттеринен мүмкүн болгон негативдик таасирдөөсүнөн корголуу абалы катары экологиялык коопсуздуктун мүнөздөмөсүн эсептөө зарыл. Адамзатынын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында коомдун жаратылыш менен болгон өз ара аракеттешүүсүндө өз кезегинде булгануу жүрүп, жаратылыш чөйрөсүн негативдүү түрдө коомго таасирин тийгизет. Ошого байланыштуу экологиялык коопсуздуктун коркунучу болуп кооптуу көрүнүш жана процесстердин натыйжасында өзгөрүлгөн айлана чөйрөнүн адамдын жашоосуна жана өнүгүүсүнө болгон негативдүү таасир эсептелет.

Жогоруда айтылгандын негизинде экологиялык коопсуздук катары адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталуусу жана корголуусу, айлана чөйрөнүн жагымдуу абалы, адамдын коомунун туруктуу өнүгүүсү кепилденген ички жана сырткы экологиялык коркунучтардан айлана чөйрөнү өз ара аракеттешүү процессинде адамдын корголуу абалын түшүнүү сунушталат. Өз кезегинде, объектиде мындай абал анын натыйжалуу камсыздалуусунун натыйжасындага гана

куралуусу мүмкүн. Ошону менен биргеликте, бул чөйрөдөгү негизги көйгөйлүү суроону мыйзамчыгаруучулуктун талаптарына ылайык ачык жана ошондой эле жалпыга мүмкүн болгон түрлөрүн экологиялык маалыматка киргизүүгө болгондугунун, ал эми алардын кайсыл түрлөрү жашырууну же чектелген мүнөзгө ээ болгондугунун аныкталуусу түзөт. Ошондой эле ишенимдүү маалымат термини мыйзамчыгаруучулук тарабынан аныкталган эмес.

Экологиялык маалымат укуктук категория катары экологиялык укуктун жана маалыматтык укуктун көз карашы менен каралуусу мүмкүн. Биздин көз карашыбыз боюнча, экологиялык маалымат катары мыйзамга ылайык мүмкүнчүлүгү чектелбеген айлана чөйрөнүн абалы, айлана чөйрөнү коргоого багытталган иш чаралар, чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн, жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын, алардын кесепеттеринин жаратылыш чөйрөсүнө, адамдын жашоосуна жана саламаттыгына болгон негативдик таасири тууралуу маалыматтык түшүнүү зарыл.

Адам укуктарынын жалпы декларациясы жеке укуктарын ишке ашыруу, адамдын эркиндиктерин аткаруу процессинде коомдун башка мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын сыйлоону зарыл болгон таануу жана ошондой эле моралдык талаптарды сактоо, коомдук тартипти камсыз кылуу, коомдук ийгиликтүүлүктү колдоо үчүн болгон мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу максаты үчүн мыйзамдагы бекитилген чектөөлөргөн дуушар кылууга болгондугу жөнгө салынып, демократиялык коомдун талаптарына дал келет.

Адамдардын укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европа конвенциясы менен жогоруда аталгандан сырткары маалыматтык укук чөйрөсүндөгү кошумча чектөөлөр жөнгө салынып, ал мамлекеттик коопсуздуктун кызыкчылыктарын, мамлекеттик

территориалдык бүтүндүктү же коомдук тынчтыкты коргоо үчүн, өлкөдөгү баш аламандыктарды болтурбоого, жарандардын саламаттыгын коргоо, коомдук адептүүлүктү сактап калуу, алардын укуктарын жана репутациясын коргоо, конфиденциалдык түрдө алынган маалыматтын жайылуусун алдын алуу же сот адилеттигинин өкүлдөрүнүн адилеттүүлүгүн жана авторитетин колдоо максатында зарыл болуусу бекитилген.

Экологиялык коопсуздуктун мазмундуу түшүнүгүндө конкреттүү объектинин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн пландаштырылган же табигый жүрүмүнүн сакталуусунун мүмкүнчүлүгү чагылдырылып, объектиге потенциалдык таасирдөө маанисинде түзүлгөн мүнөздүү баасы менен тастыкталган шарттарда мүмкүн болгон жана кепилденүү шарты менен негизделген. Экологиялык коопсуздук чарбалык ишмердүүлүктүн натыйжасына жалпынан геосистемага же кээ бир жаратылыш компоненттерине жаратылыш жана башка түрдүү адамдын таасирдөөсүнүн интеграцияланган форматында белгилүү объектиге нормалдуу же табигый абалын жана ошондой эле белгилүү лимиттин чегинен чыкпаган өлчөмдө объектиге потенциалдык зыянды тийгизүүдөгү аракеттердин, процесстердин жана абалдардын интеграциялангандыгын түшүндүргөн жагдай белгиленет. Мындай тыянакты кошумчалап, экологиялык коопсуздук экологиялык баланcты кепилдеген аракеттердин, абалдын жана кубулуштардын комлпекси экендиги жөнүндө көз караш менен макул болуу зарыл.

Адистердин басымдуу бөлүгүнүн пикирлери боюнча экологиялык коопсуздукду көп деңгээлдүү түрдүн түзүлүшү катары карап, анын глобалдык, регионалдык жана локалдык, же улуттук деңгээлдер анын система катары бекемделүүсүнүн аныктоочу белгиси болгондугун тастыктайбыз. Бул көрүнүш менен глобалдык жана локалдык

масштабдагы экологиялык коопсуздуктун маселелеринин түзүлүүсүнүн тарыхы менен жана ошондой эле конкреттүү мамлекеттин улуттук коопсуздугу анын экологиялык коопсуздугунун системасын түзүү маселелери менен байланышкан[22, 121б.].

Эл аралык коопсуздук же глобалдык коопсуздук форматында экологиялык коопсуздуктун өсүп келе жаткан ролун түшүнүү бүгүнкү этапта глобалдык коопсуздуктун жаратылышын түздөн түз калыптаган бир катар жагдайлар төмөнкүлөр менен байланышта белгиленет: жаңы типтеге конфликттердин пайда болуусу, трансулуттук деңгээлде так аныкталбаган жаратылыштагы системалуу чогултулган субъектилердин жана мамлекеттердин ортосундагы куралдуу каршылык көрсөтүү менен; маңызы боюнча чоюлган массалык зыян тийгизүүчү куралдардын түрлөрүнүн көзөмөлдөнбөгөн жайылтылгандыгы менен (куралдын бул түрүнө мамлекеттер жана жогоруда аталган субъектилер ээ боло алат); глобалдык деңгээлде коопсуздук системасын түзүүдө экологиялык аспектинин так катталуусун талап кылган башка өлкөлөрдүн энергетикалык жана сырьелук ресурстарына мүмкүнчүлүк алуу үчүн күрөштү жандандыруу менен[23, 84б.].

Ар бир мамлекеттин өзүнүн калкынын жашоосу үчүн маанилүү керектөөлөрүн канааттандырууга, инсандын, коомдун жана айлана чөйрөнүн корголгондугун камсыз кылган шарттарды түзүүгө жалпысынан умтулуусу маанилүү болуп, бүгүнкү күндө чоң кызыкчылыкты жараткан көйгөй катары улуттук коопсуздуктун жана сырткы чөйрөнүн өз ара шартталгандыгы менен түшүндүрүлөт. Коопсуздук жана улуттук кызыкчылык түшүнүктөрүнүн өз ара тыгыз байланышы эч кандай суроолорду жаратпайт, анткени улуттук коопсуздук биринчи кезекте инсандын кызыкчылыктары жашоодогу маанилүү орунду ээлеген негизги элементтерди камсыздоого багытталып, улуттук коопсуздук ал инсанга эң

маанилүү болгон мамлекеттин кызыкчылыктарын камсыз кылууга багытталган. Ошону менен бирге, улутутк коопсуздукту камсыз кылуу системасы катары жашоо тиричилигинин түрдүү чөйрөлөрүндө инсандын, коомдун жана мамлекеттин корголгондугунун керектүү деңгээлине жетүү кызыкчылыгында аракеттенген мамлекеттик жана коомдук институттардын жыйындысы катары түшүнүү зарыл[24].

Глобалдык деңгээлде жана дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө экологиялык коопсуздуктун абалынын негативдүү абалы улуттук кызыкчылыктардын башкаруу тобунун түшүнүүсүнүн түрдүү даражасы менен шартталган, анткени улуттук приоритеттердин шкаласында көп учурда экологиялык кызыкчылыктар биринчи орунда экономикалык кызыкчылыктарга берип, ал тизменин эң төмөнкү орунун ээлеп келет. Ошого байланыштуу глобализациялык процесстерге байланыштуу экологиялык кооптуу өндүрүштөр өнүккөн мамлекеттерден өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге которулуу процесси ишке ашып келет. Мындан сырткары, өнүккөн мамлекеттердин экологиялык мыйзамчыгаруучулугунун катаалдануусунун натыйжасында кооптуу калдыктар кем багал өлкөлөргө экспорттолууда. Мүнөздүү буга мисал болуп Индия, КЭР, Түштүк-Чыгыш Азиянын өлкөлөрү экологиялык кооптуу өндүрүштүн жана калдыктардын өнүккөн өлкөлөрдөн ташылуучу негизги пункт катары эсептелинип келет. Ошону менен бирге, бул региондордо эскирген жана кир технологиянын негизинде өнөр жайлаштыруу экологиялык мүнөздөгү олуттуу көйгөйлөрдү чакырган өнөр жай таштандыларынын көлөмүнүн көбөйүшүнө алып келип, техногендик авариялардын жана катастрофалардын мүмкүн болгон коркунучтарын жаратып, айлана чөйрөнү коргоо боюнча зарыл иш чараларды каржылоонун өлчөмүндө маанилүү көрсөткүчтөрдө артта калуусу менен шарталат[25, 39б.]. Бул мисал болгон экологиялык

конфликттерди жалгыз гана тынчтык жолу менен чечүүнү камсыз кылуу менен экологиялык коопсуздукту анын трансчектик аспектиде кепилденгендигинин маанилүүлүгүн баса белгилейт. Ошону менен биргеликте, экологиялык коопсуздук регионалдык деңгээлде тийгизилген экологиялык зыяндын кайра калыбына келтирилүүчү же компенсациялоо принциби сакталып, камсыз болуусу абзел.

Бир мамлекеттин чегинен чыккан экологиялык көйгөйлөр бул көйгөйлөрдүн концептуалдуулугунун белгилүү өзгөрүүсүнө алып келет жана бүгүнкү шарттарда эл аралык форматта экологиялык макулдука келүүнүн зарылдыгын белгилейт, анткени түрдүү мамлекеттердин өзүнүн менчик улуттук кызыкчылыктарынын бар болуу бул чөйрөдөгү көп тараптуу кызматташтыкты жетиштүү түрдө көйгөйлүү маселеге айландырат. Регионалдык деңгээлдеги экологиялык коопсуздук регионалдык экологиялык системасынын жалпылыгынын шарттарында чектешкен мамлекеттердин кызыкчылыктарын аныктап, эл аралык нормалардын, эки тараптуу, көп тараптуу мүнөздөгү келишимдердин негизинде экологиялык коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүдө макулдашкан кызыктуу аракеттерди жасоого мажбур кылат. Мисалы, калдыктарды өндүрүү, ташуу жана көмүү маселеси боюнча мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндө эл аралык укуктук актыларга  Кооптуу калдыктарды трансчектик ташуу жана аларды жок кылууну көзөмөлдөө тууралуу Базелдик конвенция кирет[26].

Глобалдык деңгээлдеги экологиялык коопсуздук бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн мамлекеттеринин жашоо тиричилигинин бардык чөйрөсүндө ишке ашып келген глобалдашуу процесси менен байланышкан тенденциянын күчөтүлүүсүнө байланыштуу глобалдуу болгон түрдүү экологиялык көйгөйлөрдүн жана адам үчүн жана ошондой эле анын курчаган жаратылыш чөйрөсүнө негативдүү түрдөгү экономикалык

ишмердүүлүктүн кесепеттерин ийгиликтүү чечилүүсүн камсыз кылган жалпы дүйнөлүк мүнөзгө ээ болгон чаралардын системасын түзүүгө багытталган. Глобалдык деңгээлдеги экологиялык коопсуздуктун көз карашы менен адамдын айлана чөйрөсүнүн деградациясы милитаристтик түрдөгү эмес, перманенттик, узак мөөнөттөгү жана кайтарылбас мүнөздөгү коркунучту түзүп, коомдун жашоо тиричилигинин социалдык, экономикалык жана саясий чөйрөсүндөгү өзүнүн көрүнүштөрүнө ээ болуп, аны менен болгон күрөштү жетиштүү түрдө көйгөйлүү маселеге айландырат.

Планетардык масштабдагы экологиялык коопсуздук анын уюшулуусуна байкоонун эң заманбап каражаттарын, биринчи кезекте космостук базаны уюштурууну, экологиялык мүнөздөгү маалымат менен дайыма алмашуу системасын уюштурууну, экологиялык коопсуздукту жана жаратылыш байлыктарын акылдуу, рационалдуу колдонууда экономикалык түзүм айыл чарбасынын өндүрүшүнүн чөйрөсүндө химиялаштыруунун чектөөсүн камсыз кылууга чакырылган шарттарда илимий жана технологиялык суроолордо эл аралык коомчулуктун субъектилери тарабынан интеграцияланган ыкманы талап кылууну, биотехнологияларды колдонууда этияттык мамилени, экологиялык технологияларга колдоо көрсөтүүнү колдонуу менен перманенттик мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылууга чыкырат.

Глобалдык масштабдагы экологиялык коопсуздук көйгөйлөрүн кароо менен түрдүү деңгээлдеги экономикалык жана техникалык өнүгүүү деңгээлине ээ болгон өлкөлөрдүн аны түшүнүүсүнүн концептуалдык өзгөчөлүктөрүн белгилеп кетүү зарыл маселени түзүп келет. Экономикалык күчтүү мамлекеттер үчүн коопсуздуктун экологиялык компоненти глобалдык кооптуулуктардын шкаласында биринчи позицияларга ээ болсо, ошол эле мезгилде өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн

абсолюттук көпчүлүгү үчүн мындай орунду ачка калуу коркунучу жана кедейлик ээлейт. Бул жагдай экономикалык кембагал өлкөлөрдүн баарында өнүккөн өлкөлөрдүн дүйнөлүк масштабда экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча берилген сунуштарын глобалдык деңгээлде экономикалык жана саясий чөйрөлөрдө өзүнүн басымдуулук кылуусунун камсыздалуусунун модернизацияланган формасы катары кабыл алынып келет. Буга мисал катары Нью-Йорктогу глобалдык саммитте орун алган климаттын өзгөрүүсү менен күрөшүүгө багытталган саясаттын айланасындагы талаш тартыштарды айтып кетсек болот жана иш чарада өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин категориясына кирген өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн олуттуу каршылыктарына ээ болгон, анткени алар үчүн мындай долбоордун каржылык жана экономикалык коштолуусу мүмкүн эмес болуп саналат. Ошону менен биргеликте, жакшы өнүккө эмес экономикага ээ мамлекеттер өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу бул саммитте көз караштарын дүйнөлүк коомчулукка жеткирип, дүйнөлүк өндүрүштө жана соодада өнүккөн өлкөлөрдүн өздөрүнүн басымдуулугун сактоо үчүн болгон күрөштө климаттын өзгөрүүсүнүн көйгөйлөрүн арсеналынын ичинен саясий ангаждалган курал катары колдонгондугун белгилешти. Анын жыйынтыгында эң масштабдуу глобалдык саммит жүз жыйырма өлкөдөн мамлекет жана өкмөт башчыларынын катышуусун камтып, бардык өлкөлөрдүн алардын өнүккөн же өнүгүп келген өлкөлөрдүн катарына кирүүсүнөн көз каранды өздөрүнө парниктик газдарды чыгарууну кыскартуу боюнча милдеттенмелерди алуу менен аяктады[27].

Жогоруда берилген факт экологиялык коопсуздуктун камсыздалуусунун локалдык, регионалдык же глобалдык деңгээлдери болгон бардык деңгээлдеринде белгилүү бир консенсуска келүүдөгү кыйынчылыктарды тастыктайт жана ошол эле мезгилде эл аралык укуктун

бардык субъектилери экологиялык кооптуулукту ар бир адамга, өлкөгө, жалпысынан дүйнөлүк коомчулукка таасирдеген булак болгон константа катары түшүнгөндүгүн белгилөө маанилүү. Бул болсо экологиялык кооптуулук үчүн анын күчтүк мүнөздөгү салттык коркунучтардан айырмалоочу белги болуп саналат. Адамдардын коомуна жаратылыш чөйрөсүнүн басымынын өсүүсү жалпысынан коомго жана ар бир индивидуумга таасирин тийгизип, техногендик авариялардын жана жаратылыш катаклизмдеринин санынын өсүүсүнүн көрүнүштөрүнөө ээ болуп, адамдардын саламаттыгынын бузулуусун жана жаратылыш процесттерин деформациялап, анын натыйжасында чоң өлчөмдөгү каржылык жана экономикалык гана эмес, ошондой эле социалдык мүнөздөгү чыгымдарга алып келип отурат.

Бүгүнкү чындыктын шарттарын эске алуу менен эл аралык деңгээлде экологиялык башкаруунун жалпы глобалдык механизминин натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылууга даяр болгон институционалдык-укуктук форматтагы универсалдуу конструкция түрүндө сунушталган жана жер шаарында жашоону сактоого багытталган эң маанилүү стратегиялык максатка жетүүнү кепилдеген конкреттүү аракеттер жана экономикалык практика аркылуу ишке ашкан экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында дүйнөнүн бардык мамлекеттеринин кызыкчылыктарын бириктирген планетардык масштабдагы концепциянын иштелип чыгуусу зарыл маселени түзөт.

Бардык адамзатынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга багытталган эл аралык деңгээлдеги өткөрүлүп жаткан иш чаралар, анын ичинде кээ бир өлкөлөрдүн жана алардын өз ара мамилелеринин зарыл болгон нормаларын, эрежелерин жана аракеттеринин принциптеринин аныкталуусунун тийиштүү конвенцияларынын жана келишимдеринин форматында иштеп чыгуу жана кабыл алуу глобалдык экологиялык

көйгөйлөрдүн чечилүүсү үчүн маанилүү болуп саналат. Бул максатта приоритеттүү болуп глобалдык деңгээлде экологиялык стратегияны иштеп чыгуу саналып, зарыл болгон учурда айлана чөйрөнү коргоого жана калыбына келтирүүгө, туруктуу жана экологиялык мотивделген мүнөздүн өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган түрдүү эл аралык долбоорлордун алкагында тажрыйбада чагылдырууну талап кылат.

Экологиялык кооптуулуктун жогорулап өскөн деңгээлин аныктоо экологиялык системанын ага адамзатынын таасирдөөсүнүн өсүүсүнүн шартында болгон абалда экологиялык системанын туруктуу өнүгүүсүн жетиштүү камсыз болуусу үчүн зарыл болгон эң маанилүү шарт катары глобалдык масштабдагы экологиялык коопсуздуктун комплекстүү системасын түзүмдөөгө багытталган глобалдык институттардын коркунучунун адекваттуу деңгээлин түзүүнү камтыган бардык адамзаты үчүн маанилүү болгон маселелерди аныктоого мажбур кылды. Планетардык масштабдагы экологиялык коопсуздук кандайдыр бир эле аракеттин жыйынтыгында камсыз болуусу мүмкүн эмес, себеби тийиштүү өнүгүп келген институттардын туруктуу коштоосуна муктаж.

Улуттук гана эмес, ошондой эле регионалдык деңгээлдерде экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун көйгөйлөрүн чечүү үчүн мүмкүн эмес болгондугун түшүнгөн дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн экологиялык системанын сакталуусунда болгон кызыкчылыгы айлана чөйрөнүн жалпы системалуу түшүнүүсүнүн алкагында ишке ашкан Бириккен Улуттар Уюмунун эгидасы менен өткөн эл аралык аракетеринде чагылдырылып, экологиялык кризистен чыгуунун варианттарын активдүү издөөгө, экологиялык коопсуздук жана тийиштүү институционалдык өзгөрүүлөрдүн чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүүдө импульс берип, дүйнөнүн бардык өлкөлөрү үчүн жалпы болгон бир катар принциптерди салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк

Буга чейинки бөлүмдө экологиялык коопсуздуктун жана жалпысынан индивидуумдун, коомдун, мамлекеттин жана адамзатынын маанилүү жашоо кызыкчылыктарынын жана бар болуусунун фундаменталдык негиздеринин бардык аспектилеринде жобо катары кимге же бир нерсеге коркунучтун же кооптуулуктун бардык түрүн жокко чыгарган сырткы жана ички мүнөздөгү коркунучтардан сактоо катары каралган аныктамалар берилген. Жогоруда айтылган маалыматтардын негизинде инсандын, коомдун жана мамлекеттин багыттары боюнча коопсуздуктун деңгээлдери бөлүнүп, алардын ар биринде жашоо тиричилигинин шарттарынын стабилдүүлүгүнүн, конституциялык түзүмдүн туруктуулугунун, материалдык потенциалдын күчтөндүрүүнүн, коомдун рухий-адептик баалуулуктарынын кепилдиктери ишке ашат.

Жалпысынан адамдын, коомдун жана түрдүү формадагы коомчулуктун жашоого болгон тийиштүү шарттарын камсыздоого багытталгандык коопсуздуктун өтө татаал жана көп пландуу системасын түзөт, ошого байланыштуу коопсуздукту типтери жана түрлөрү боюнча дифферциялоо ишке ашып, алардын ичинен буларды белгилеп кетүүгө болот: сырткыны өзүнө камтыган эл аралык, глобалдык жана космостук; курамы коомдук коопсуздук, социалдык, саясий, экономикалык, техникалык жана технологиялык, укуктук, коргонуучулук, азык-түлүктүк, экологиялык жана башкалар болуп бөлүнгөн улуттук (ички жана мамлекеттик) коопсуздук[54]. Коопсуздуктун камсыз болуусунун маанилүүлүгү улуттук конституциялар, доктриналар жана мыйзамдар жана ошондой эле жарлыктар, декреттер, токтомдор, декларациялар жана башка актылар түзгөн негиздүү документтерде жана ошондой эле мамлекетте орун алып, ишке ашып келген реформалардагы принциптердин, идеялардын жана максаттардын чагылдырылуусун шарттайт.

Адамдын жана жарандын айлана чөйрөсүнүн жана жашоочулук маанилүү кызыкчылыктарынын бүгүнкү жана келечекте боло турган мүмкүн болгон чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн негативдүү таасиринен жана жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу коркунучунан корголуусунун кепилдиктеринин камсыз болуусуна багытталган саясий, укуктук, экономикалык, технологиялык жана башка чаралардын системасын, инсандын, коомдун жана бизди курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн антропогендик жана жаратылыш кооптуу таасирдөөнүн натыйжасында пайда болгон коркунучтардан корголуу абалын түшүндүргөн экологиялык коопсуздуктун маанилүүлүгүн белгилеп кетүү зарыл болуп саналат. Экологиялык коопсуздуктун жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу колдонуунун көйгөйлөрү коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсү менен байланышып, шартталып, саламаттык сактоонун, бүгүнкү күндөгү жана келечектеги муундардын жашоо тиричилигине жана табигый өнүгүүсүнө жагымдуу шарттарды түзүү суроолору менен байланышкан[54].

Экологиялык коопсуздук адамзатынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн маанилүү багыттарын түзөт, анткени адам менен анын айлана чөйрөсүнүн ортосундагы мамилелердин балансынын бузулуусун тез арада калыбына келтирүү талабы, мындай мамилелердин гармонизациялоосу жана адамдын жаратылыш ресурстарын туура колдонуу менен байланышкан. Ошол эле убакытта ал анын бүгүнкү түшүнүүсүндө экологиянын жана экологиялык саясаттын түздөн түз негизги компоненти болуп саналып, жаратылыш чөйрөсүн цивилизациянын таасиринен коргоого багытталып, ошол эле учурда адамзатын мындай таасирдөөнүн катастрофалык кесепеттеринен коргоону максаттайт. Ошону менен биргеликте, коопсуздуктун бул түрү

коопсуздуктун башка түрлөрү менен биргеликте ички жана эл аралык багытталгандыкка ээ болуп, акыркы түрү эл аралык форматтагы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен түздөн түз тыгыз байланышта болот.

Бүгүнкү күндө адамдын экологиясы коом менен жаратылыш ортосундагы, адамды аны курчаган чөйрөнүн мамилелерин изилдөөчү дисциплина катары өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп келет. Экология көбүрөөк социалдык жана саясий аспектилерде каралууда. Ошону менен бирге, экологиялык коопсуздуктун камсыз болуусу коомдун жана жаратылыш чөйрөсүнүн баланстык жашап кетүүсүн, жаратылыштын корголуусун жана бүгүнкү заманбап шарттарга адекваттык болгон жаратылышты колдонуунун стратегиясын камсыз кылууга багытталган максаттардын, принциптердин, маселелердин жана конкреттүү чаралардын аныкталуусун өзүнө камтыган тийиштүү экологиялык саясаттын иштелүүсүн жана ишке ашырылуусун талап кылат[55, 167б.].

Жогоруда аталган ыкмаларга жана баалоолорго негизделип, таянып экологиялык коопсуздуктун камсыздалуусуна чакырылган ишмердүүлүктүн мындай негизги багыттарын белгилеп кетүүгө өбөлгө бардыгын белгилейбиз: жаратылышты рационалдуу колдонуу программаларын ишке ашыруу; жаратылышты коргоо иш чаралары; бардык жаратылыш ресурстарын, анын ичинде сырьелорду, материалдарды жана энергияны этияттык менен колдонуу; өндүрүштүн мүнөзүн андан экологияга мүмкүн болгон кесепеттерин эске алуу менен фундаменталды трансформациялоо; новациялык, жаратылыш чөйрөсүн сактаган технологияларды кийирүү; адамдын рационуна экологиялык зыяндуу тамак аш продуктуларына жол бербөө; адамдын экологиялык тарбиялануусу; эл аралык деңгээлде экология чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүү.

Өлкөдө жаратылыш ресурстарынын экологиялык чөйрөнүн начарлануусунун фонунда толугу менен колдонулуп жок болуусу менен мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлинин жана ошондой эле бул көйгөйдүн глобалдуулугун, анын маанилүүлүгүн жана актуалдуулугун коом тарабынан түшүнүүгө болгон даярдыгынын ортосунда түздөн түз көз карандылык бар экендиги эч бир шек жаратпаган факт болуп саналат. Аталган коркунуч төмөнкү жагдайлардын шартында Кыргызстан үчүн жетиштүү түрдө реалдуулукка ээ: улуттук жаратылышты коргоо мыйзамчыгаруучулугундагы маанилүү коллизиялардын орун алуусу; экологиялык маданияттын төмөнкү деңгээли; коррупция; заманбап экологиялык талаптарга жооп бербеген технологияларды жана материалдарды өндүрүштө колдонуу, бирок "өнөр жай саясатынын максаттары заманбап реалдуулуктарды эске алуу менен илимге бай, жогорку технологиялык жана башка прогрессивдик өндүрүштөрдүн инновациялык өнүгүүсүнө максаттык багытталуу менен түшүндүрүлөт" [56, 164б.]. Ошого байланыштуу Кыргызстандын территориясында зыяндуу өндүрүштүн таштандыларын көмүп, сактоого максатталган территория катары жана ошондой эле бизди курчаган жаратылыш чөйрөсүнө кооптуу таасир көрсөткөн өндүрүштөрдү жайгаштыруу территориячка катары колдонуу тенденциясы айкын байкалгандыгын белгилеп кетүү негиздүү болуп саналат. Мамлекетте экология чөйрөсүндө мамлекеттик маселелерди ишке ашырган мекемелердин коррупциялануусунун жогорку деңгээлин эске алуу менен өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу чөйрөсүндө максатка багытталган саясатынын жок болуу шартында көзөмөлдүк функцияларынын алсыздануусу өнөр жай мүнөзүндөгү авариялардын жана катастрофалардын өсүүсүн жана масштабдуулугуна түрткү жаратат жана маанилүү каржылык коштоо жана тийиштүү иш чаралардын ишке ашуусу үчүн акчалай каражаттарынын

ченемдүү бөлүнүүсүн экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу менен байланышкан көйгөйлөр талап кылат[57].

Экологиялык система үчүн өзгөчөлүк болуп андагы бир эле учурда социалдык жана жаратылыштык компоненттердин болуусу эсептелип, социумдун аны курчаган жаратылыш чөйрөсү менен болгон конфликтинде жана ошондой эле социалдык, техникалык жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара аракеттешүүнүн натыйжасында бардык экологиялык баланстын бузулуу фактылары пайда болууда. Айлана чөйрө түшүнүк катары ошондой эле талаш маселелердин предмети бойдон калып, анын алкагында адистердин көпчүлүгү жаратылыш жана социалдык факторлордун алардын түз же кыйыр таасирдөөсүндө, түрдүү мезгилдик көрсөткүчтөрдө бардык тирүү жандыктарга, анын ичинде адамдын жашоосуна, саламаттыгына жана активдүүлүгүнө таасирин тийгизген жыйындысын түшүнүүнү сунушташат[58, 98б.].

Коомдук жашоонун түрдүү көрүнүштөрүнүн арасында укуктук түрдө өзүнүн аныктосунда баалоого дуушар болгондору өзгөчө маанилүүлүккө ээ, анткени мындай көрүнүштөр коомдогу мамилелерди жөнгө салууга жана так аныкталууга жана аныктамага ээ болгон укуктук мүнөздөгү жоопкерчилик суроолорунун чечилүүсүнө багытталган укуктук түшүнүктөрдү статусуна ээ болот. Дефиниция аркылуу ал башка көрүнүштөр менен байланышкан байланыштардын конгломератынын ичинен синтезделип, анын натыйжасында так аныкталган жана жөндөмдүү болуп, анын кесепетинде илимий жана укуктук компоненттерди өзүнө камтыган социалдык мүнөздөгү көзөмөл алардын үстүнөн аныкталып, бекитилет. Экологиялык коопсуздук түшүнүгү укуктук категорияга таандык болуп саналат, анткени ал мыйзамчыгаруучулук жана нормативдик-укуктук актыларда да кеңири

колдонулуп, бул түшүнүккө интеграцияланган көрүнүштөрдүн маанилүүлүгүн түздөн түз белгилеген түрдүү багыттагы тематикалардын талкуулануусунда өзгөчө орунга ээ болуп келет. Ошону менен биргеликте, жалпыга белгилүү болгон анын аныктамасы мыйзамчыгаруучулукта жана илимий коомчулукта иштелип, бекитилген эмес. Иштердин мындай абалы экологиялык коопсуздуктун анын маңызын аныктоо жана ошондой социалдык-укуктук статусун белгилөөчү көрүнүш катары анын талдануусун татаалдантып, жаратылышты колдонуу системасындагы жакын мамилелердин, жаратылышты коргоонун, жалпы коопсуздуктан синтездеп алууга мүмкүнчүлүк жаратпайт. Ал биздин көз карашыбыз боюнча каралып жаткан түшүнүккө так мүнөздөмө берүү үчүн бар болгон түшүнүктөр жетиштүүлүгү тууралуу туура эмес пикирге негизделген.

Чындыгында экологиялык коопсуздук болгон өз алдынча термин катары аталган көрүнүштөр жана ошондой эле процесстер жетиштүү түрдө өзгөчөлөнгөн болуп эсептелет, себеби жаратылышты коргоого жана курчаган жаратылыш чөйрөсүнө таандык болгон көрүнүштөр жана процесстертин органикалык жалпылыгына карабастан ала бири бирине окшош эмес. Биз тараптан каралган көрүнүш маңызы боюнча чектеш болуп эсептелет, анткени ал экология менен коопсуздуктун ортосунда орун алган жана биздин көз карашыбыз боюнча толугу менен экологияда да жана коопсуздукта да ачыкталуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес жана экологиялык коопсуздук көрүнүш катары экологиянын жана коопсуздуктун билимдерин колдонууга негизделген талдоонун жыйынтыгында гана түшүндүрүлүүсү мүмкүн.

Социалдык экологиянын өнүгүүсү экосистеманын жаңы баалуулуктарын, жер шаарына уникалдык мегаэкосистема катары мамиле жасоону, тирүүгө этияттык, кылдаттык мамиле кылууну адамзатынын алдында чыгарууга күчтүү импульс болууга негиз түздү. Кээ бир авторлор

социалдык экологияны адамдын экологиясы менен окшоштурууда. Бирок акыркысы социалдык экология үчүн жеке чөйрө болуп эсептелет. Социалдык экология адамзатынын жана аны курчаган географиялык-мейкиндик, социалдык жана маданий чөйрөнүн ортосундагы мамилелерди, өндүрүш ишмердүүлүгүнүн айлана чөйрөнүн курамына жана сапатына түз жана кыйыр таасирин, адамдын саламаттыгына жана адамдын популяциясынын генофондуна антропогендик ландшафттын экологиялык таасирин изилдөөчү бөлүм болуп эсептелет. Социалдык экология түрдүү компоненттери динамикалык теңдүүлүктө болгон татаал дифференциацияланган система катары жаратылыш чөйрөсүн талдап, “жаратылыш-коом” болгон бирдиктүү системага айлана чөйрөнү жана адамдын ишмердүүлүгүн байлаган адамзатынын экологиялык үйү катары жердин биочөйрөсүн карап, жаратылыш экосистемасынын теңсалмактуулугуна адамдын таасирин ачыктап, адамдын жана жаратылыштын өз ара мамилелеринин башкарылуусунун жана рационалдашуусунун суроолорун изилдейт[59].

Жогоруда аталган изилдөөнүн объектисин жалпысынан жаратылышка коомдун мамилеси менен биргеликте ага болгон адамдын мамилеси эсептелип, анын алкагында ал белгилүү бир түзүлүш катары каралып, мындай негизде социалдык экологиянын пайда болуусуна база түзүүгө мүмкүнчүлүк түзгөндүгүн жана экология негативдик мүнөздөгү көрсөткүчтөрүн азайтуу үчүн бизди курчаган айлана чөйрөгү түрдүү деңгээлдерде өзгөрүүлөрдү байкоодо түшүндүрүлгөн экологияны изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт, себеби бүгүнкү заманбап цивилизациянын шарттарында мындай кесепеттерди болтурбоо мүмкүн эмес болуп саналгандыгын көрсөттү.

Теоретикалык аспектиде экологиялык коопсуздук объекти катары адамдын, жана ошондой эле коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун

карап, ошондой эле предмети катары жаратылыш чөйрөсүндөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр менен болгон байланышты аныктайт. Экологиялык коопсуздук түшүнүгүнү талдануусу курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн тарабынан адам жана коом үчүн кандайдыр бир кооптуулуктун мойнубузга албоодо негиделгендигин көрсөтүп, ошол эле учурда мындай коопчулуктардан пайда болуусу жана мойнубузга алуубуз экологиялык коопсуздук түшүнүгүнүн өзүнүн пайда болуусун шарттады. Экологиялык кооптуулук биздин изилдөөбүздүн форматында кошумча кароого муктаж болбогон жетиштүү түрдө иштелген аныктама болуп эсептелет. Ошого байланыштуу, Кыргызстандын экологиялык чөйрөсүндөгү абалды начарланткан фактыны гана белгилеп кетүү максатка ылайыктуу болуп саналып, анын мамлекеттеги ички саясаттык абалга негативдик таасирин тийгизген, адамдын жана коомдун жашоосунун жана жагымдуу шарттарынын сапатына түздөн түз таасирин тийгизгендиги тууралуу тыянакка келебиз.

Экологиялык кооптуулук – адамдын саламаттыгынын абалынын жана айлана чөйрөнүн абалынын алардын орто статистикалык көрсөткүчтөрүнөн айырмаланган белгилерди чакырган керексиз окуялар орун алган абал; бул абалды мүнөздөгөн белгилүү параметрлердин, белгилердин, факторлордун нормадан айырмалануусу[60].

Экологиялык кооптуулук айлана чөйрөнүн сапатынын аныкталган нормативдердин чегинен чыгып, бузулуусуна алып келген жаратылыштык, антропогендик жана жаратылыштык-антропогендик системалардын иштөөсүнүн көрсөткүчтөрүнүн түрдүү өзгөрүүлөрүн түшүндүрөт. Экологиялык кооптуулуктун пайда болуусунун себептерин экологиялык кооптуулуктун факторлору түзөт жана ал белгиленген нормативдердин чегинен сыртта болгон көрсөткүчтөргө алып келген айлана чөйрөнүн компоненттеринин параметрлеринин өзгөрүүсүнө алып

келген түрдүү жаратылыштык жана антропогендик процессти түшүндүрөт. Экологиялык коопсуздуктун факторлорунун мындай эки тиби белгиленет: жаратылыштык жана антропогендик[61]. Ошону менен биргеликте, көп учурда экинчи тип коопсуздуктун техноолгиялык, экономикалык, химиялык жана башка түрлөрүнүн көйгөйлөрү менен бирдей убакта пайда болуусун түшүндүргөн адамдын, адамдык коомдун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында түзүлгөн социалдык, технологиялык, экономикалык, уюштуруучулук-чарбалык болгон башка системанын форматындага мындай кооптуу факторлор аркылуу туулуп, байкалат. Анын натыйжасы катары экологиялык кризис экономикалык түрүнө коштоочу катары эсептелет, анткени коомдун жана мамлекеттин стабилдүү экономикалык абалын объективдүү түрдө экологиялык чөйрөдөгү негативдик тенденцияларын өз убагында байкоого жана аларга бөгөт коюуга түрткү жаратып, ал эми бул чөйрөдөгү кооптуу абалдар алардын коопсуздугун камсыз кылуу шартында өзүнүн пайда болуусунда чектелип кала берүүдө.

Жогоруда аталгандын бардыгы экологиялык коопсуздук белгилүү реалдуулукту чагылдырган категория катары бир тараптуу бирдиктүү талкууга ээ эместиги тууралуу фактыны тастыктайт жана анын кесепети катары анын камсыздалуусуна багытталган саясатты ишке ашыруудагы белгилүү кыйынчылыктарды жаратат. Маанилик планда башында жаратылышты коргоо адамды курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн жаратылыш ресурстарынын рационалдуу жана натыйжалуу колдонуусу жана адамдын жагымдуу жашоосу үчүн аны курчаган айлана чөйрөнү түзүлүүсү үчүн максатка ылайыктуу жана пландуу трансформациялоо катары көтөрүлүп келген.

Экологиялык коопсуздук адамдын экологиясына арналган окуулардын тамырынан өзүнүн башталуусуна ээ болуп, жаратылыш

чөйрөсүнүн жана адамдын жашоосуна маанилүү кызыкчылыктарды мүмкүн болгон чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн негативдүү таасиринен, жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан жана алардын кесепеттеринен корголуу абалын түшүндүрөт. Ошону менен биргеликте, экологиялык коопсуздуктун объектилерин адам, анын бирикмелери, коом жана мамлеке, айлана чөйрө жана анын мындай түзүмдөрү – кээ бир жаратылыш объектилери, экосистема, өзгөчө корголго территория[62]. Бул жерде экологиялык коопсуздуктун жаратылыш чөйрөсүнүн технологиялык цивилизациялык таасирин чектүү лимиттөө менен өз ара байланышы баса белгиленип, адамдын коомунун ишмердүүлүгү менен байланышкан жаратылыштын факторлорго каршылык көрсөтүүгө багытталган атайын чараларды күчтөндүрүлүүсү менен алардын коопсуздугун толуктоонун зарылдыгын чакырган табигый жаратылыштык пайда болгон коркунучтардын бар болуусун ошону менен бирге эске алат.

Бир катар адистердин, алардын ичинен юристтердин, жетиштүү түрдө узак убакыттын ичинде маңызы боюнча экологиялык коопсуздуктун мындай өз алдынча предмет болгондугун фактылык кабыл албагандыгын белгилеп кетүү орундуу болуп саналып, бул түшүнүктү жаратылышты коргоонун жана ошондой эле жаратылышты рационалдуу колдонуунун контекстинде түшүнүп келишкен. Бул суроо боюнча карама каршы пикирди колдогон экологдор[63, 44б.] экологиялык мамилелердин чөйрөсүндө мындай өз алдынча багыты болгон экологиялык коопсуздуктун бар болгон идеясын жакташып, адамдын сакталуу идеясына таянышып, калктын саламаттыгын сактоо маселелеринин бар болгон жана мүмкүн болгон экологиялык шарттарыга туура келген чаралар катары коопсуздуктун бул түрүн түшүнүү базасы болгон аспектилерин ачыктаган[64, 72б.].

Мындай аныктама белгилүү аракеттердин жыйындысынын натыйжасында экологиялык маанилүү катастрофалардын жана авариялардын алдын алынуусунун кепилдигинин камсыз болуусу катары аныкталган экологиялык коопсуздуктун түшүнүгүнүн маңызына басым жасап, экологиялык балансты өнүктүрүп жана конкреттеп, адамзатынын көнүү процесси маанилүү зыян тийгизүүсүз ишке ашпагандыгын белгилеп, жердеги экологиялык балансты камсыз кылган абалдарды, көрүнүштөрдү жан ааракеттерди өзүнө камтыган динамикалык типке ээ болгон сунушталган аныктаманын башка аспектинен айырмаланып, статикалык мүнөзгө ээ.

"Белгилүү аракеттердин жыйындысына" эмне киргендиги тууралуу толук айкындыктын жоктугунун алкагында экологиялык коопсуздуктун биринчи кезекте жыйындыда болгон экологиялык көйгөйлүктө өзүнүн белгилүү ордуна ээ болгондугун белгилөө менен, анын жаратылышты коргоо жана жаратылышты колдонуу менен өзүнүн окшоштугун жокко чыгарып, экологиялык мүнөздөгү кооптуу абалдар болгон авариялар жана катастрофалар менен шартталган учурларга гана жайылып, тиешелүү болгон; бул аныктама, экинчиден, экологиялык коопсуздукту экология форматынан анын жалпы түшүнүүсүнөн толугу менен алып тыштап, аны жалпы социалдык маанидеги деңгээлге көтөрөт, анткени авариялар жана катастрофалар жалгыз гана экологиялык факторлордун кесепети болбойт жана экономикалык, технологиялык, социалдык, укуктукн аскердик жана башка факторлордун жыйынтыгы болуп саналат; үчүнчүдөн, экологиялык коопсуздук көйгөй катары өзүнүн чечилүүсү үчүн мамлекеттик деңгээлге чыгарылат. Акыркысы маанилүү орунга ээ, себеби экология үчүн катастрофалардын жана авариялардын кесепеттерин жок кылуу же азайтуу мамлекет тарабынан тийиштүү уюштуруучулук, саясий, укуктук жана экономикалык мүнөздөгү чаралардын ишке ашуусу аркылуу гана

ишке ашуусу мүмкүн.

Талданып жаткан көйгөй боюнча экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу түшүнүгүнө да токтолуп кетүү зарыл. Мыйзамчыгаруучулук аныктамасынын жоктугуна байланыштуу экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу түшүнүгүнүн мазмуну боюнча түрдүү көз караштар, ой пикирлер айтылып келет. Айлана чөйрөнүн жагымдуу абалынын сакталуу кызыкчылыктарына жана ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын экологиялык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү талаптарга жооп берген айлана чөйрөнүн жана жаратылыш ресурстарынын рационалдуу колдонуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн түрлөрү киргендиги тууралуу көз караштар юридикалык илимде белгиленип келет[65, 106-119б.].

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун конституцилык терминин жана анын мазмуну тууралуу айкын түшүнүктөрдүн иштелик чыгуусунун зарылдыгы белгиленет, анткени ансыз айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү илимий негизделген мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу да, бул чөйрөдөгү мамлекеттик башкарууну жакшыртуу да жана айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамчыгаруучулукту кодификациялоо мүмкүн эмес[66, 12-18б.]. Экологиялык ишмердүүлүк экологиялык копосуздукту камсыз кылуу менен түшүндүрүлүп, өзүнүн мазмунуна жаратылыш чөйрөнүн факторлорунун таасиринин адамдын саламаттыгын камсыз кылган жана анын жагымдуу жашоо тиричилигине жеткизген жаратылыш чөйрөсүнүн сапатына жеткизүүнү жана колдоону камтыйт. Ошону менен биргеликте, адамдын саламаттыгына жана экологиялык коопсуздуктун башка объектилерине экономикалык, саясий, уюштуруучулук, укуктук жана башка мүнөздөгү адекваттык чаралардын системасынын жардасы менен экологиялык авариялардын жана катастрофалардын мүмкүндүгүн же

курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн жагымсыз факторлорунун кооптуу зыян таасиринин мүмкүндүгүн мүмкүн болгон төмөнкү деңгээлге чейин төмөндөөсү түшүндүрүлөт[67, 37-43б.].

Жогорудагыга ылайык, бизге түшүнүктүү болгондой, экологиялык коопсуздуктук камсыз кылуу адамга кооптуулуктун жок болгон айлана чөйрөнүн абалынынын жагымдуу деңгээлин колдоого багытталган ишмердүүлүктүн түрдүү формадагы жана мазмундагы түрлөрүн түшүндүрөт. Аны менен биргеликте, ишмердүүлүктү камсыз кылуунун каражаттарынын бири катары мүнөздөсө болот жана камсыз кылуунун өзү экологиялык коопсуздук реалдуу түрдө ишке ашуучу максат болгон жардамы менен шарттар түзүлгөн белгилүү каражаттардын комплексин билдирет.

Каралып жаткан түшүнүктүн түзүмүнүн маанилүү элементи болуп коопсуздук абалынын бузулуусунун себеби катары коркунуч түшүнүгү эсептелет. Экологиялык коркунучту айлана чөйрөнүн сапатын негативдүү өзгөрүүсүнө жана ошону менен адамга зыян тийгизүүнүн түз же кыйыр мүмкүнчүлүгүн түзгөн (саламаттыгынын начарлоосу, жашоо сапатынын төмөндөөсү жана башкалар) шарттардын жана факторлордун жыйындысы эсептелет. Коркунучтун булактары болуп айлана чөйрөгө негативдик таасирин тийгизген жана анын сапатынын начарлоосуна алып келген жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү кооптуулуктун ички жана сырткы булактары саналат.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу системасынын маанилүү элементи болгон субъектиге токтолуп кетүү зарыл. Аларга бийлик органдарын жана кызмат адамдарын камтыган мамлекет, жарандар, коомдук бирикмелер, башкача айтканда экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарымдарга жана милдеттерге ээ болгон бардык адамдар кирет. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун

мазмунун бардык иштелген, жакшыртылган, натыйжалуу аракеттер багытталган жаратылыштык, техногендик жана экологиялык корнкунучтардын жана мүмкүн болгон кесепеттердин ички жана сырткы түрлөрүн алдын алуу, ачыктоо жана өз убагында жок кылуу максатында иштелген жана ишке ашырылган саясий уюшулган, социалдык экономикалык, маалыматтык укуктук, техникалык каражаттардын системасу түзөт. Жогоруда айтылган экологиялык коопсуздуктун корголгондук абалын камсыз кылуунун жана коопсуздукка жетүү реалдуу болгон шарттарды субъектилер тарабынан түзүүнүн натыйжасында пайда болгон корголуу абалы түзгөндүгүн жалпылап кетүүгө мүмкүнчүлүк жаратат. Коркунучтарга жана мүмкүн болгон кесепеттерге каршылык көрсөтүүгө багытталган каражаттардын системасын иштелүү жана ишке ашырылуу процессинде зарыл болгон шарттар түзүлөт. Анын натыйжасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу катары ички жана сырткы жаратылыштык, техногендик жана экологиялык коркунучтарды жана алардын аракеттеринин мүмкүн болгон кесепеттерин ачыктоо жана өз убагында жок кылуу максатында иштелген жана ишке ашырылган саясий, уюштуруучулук, социалдык экономикалык, каржылык, маалыматтык, укуктук, техникалык каражаттардын системасы түшүндүрүлөт.

Экологиялык коопсуздуктун камсыз болуусу экология үчүн катастрофалар жана авариялардын алдын алынуусу менен алардын кесепеттерин жок кылуусунда дагы камтылган жана бул планда жогоруда аталган түшүнүктүн белгилүү толук эместигин белгилеп кетүү зарыл. Мындан ары, экологиялык коопсуздук менен түздөн түз байланышкан жаратылыш жана ден-соолук түшүнүктөрү кеңири аныкталууга муктаж. Алар маңызы боюнча каралып жаткан түшүнүктүн кошумча белгилерин түзөт. Мындан сырткары, экология үчүн кооптуу болгон булактардын

катарына катастрофалык кесепеттерге алып келүүгө мүмкүнчүлүгү бар жаратылыш чөйрөсүндө табигый жана узак убакытта чогулган өзгөрүүлөргө алып келген көрүнштөр киргизилүүсү зарыл. Экологиялык коопсуздуктун көйгөйлөрүн карап отуруп, анын адамзаты үчүн экологиялык эмес, көбүрөөк социалдык-экологиялык аспектиде өзгөчө маанилүүлүккө ээ болгондугун белгилеп кетебиз.

Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун концепциясы (мындан кийин Концепция) экологиялык коопсуздукту улуттук коопсуздуктун ажырагыс компоненти катары аныктап, аны туруктуу өнүгүүнүн милдеттүү шарты катары таанып, анын алкагында жаратылыш чөйрөсүнүн сакталуусу жана анын тийиштүү сапатынын колдоосу камсыз болгон негиз катары аныкталат[68].

Кыргыз Республикасынын айлана чөйрөнү коргоо жана жаратылышты рационалдуу колдонуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаты Концепцияга ылайык төмөнкү негизни принциптерга таянат:

- экономикалык, социалдык жана экологиялык түзүмдөргө бирдей маани берген туруктуу өнүгүү жана жаратылыштын деградациялоо шартында адамдын коомунун өнүгүүсүнүн мүмкүн болбогондугу;

- экономикалык өсүүдө экологиялык негативдик кесепеттердин алдын алуусу жана аларды болтурбоо;

- калктын саламаттыгы үчүн чарбалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгында негативдик экологиялык кесепеттерди болтурбоо, мүмкүн болгон экологиялык кесепеттердин эске алынуусу;

- жаратылыш системасына таасирдө менен байланышкан чарбалык жана башка долбоорлорду эгерде алардын кесепеттери айлана чөйрө үчүн күтүлбөгөн болгон учурда алардан баш тартуу;

- акчалай төлөмдүн негизинде жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоо тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун бузуунун

жыйынтыгында айлана чөйрөгө тийгизилген зыянды төлөп, калыбына келтирүү;

- экологиялык маалыматтын мүмкүндүгү, ачыктыгы;

- жарандык коомдун, өзүн өзү башкаруу органдарынын жана иштиктүү топтордун айлана чөйрөнү коргоо жана жаратылышты рационалдуу колдонуу чөйрөсүндөгү чечимдерди даярдоо, талкуулоо, кабыл алуу жана ишке ашырууда активдүү катышуу[57].

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү айлана чөйрөнү коргоону эске алуу менен ишке ашуусу милдеттүү жана жакынкы перспективада эксплуатациянын чектерин аныктоо менен жаратылыш ресурстарын алдын ала экологиялык-экономикалык баалоого негизделиш керек. Ошону эске алуу менен экологиялык коопсуздуктун негизги багыттары катары булар аныкталган:

- секторалдык саясатка экологиялык аспектилерди интеграциялоо;

- калыбына келтирилген жаратылыш ресурстарын алардын деградациясын жокко чыгаруу менен рационалдуу колдонуу;

- милдеттүү экологиялык экспертиза, тажрыйбалык долбоорлорду экспертизалоодо айлана чөйрөгө таасирдөөнү баалоо;

- параметрлерди иштеп чыгуу жана экосистемалардын потенциалдык көлөмдөрүнүн калыбына келүү мүмкүнчүлүктөрүн баалоону жүргүзүү жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландаштырууда бул параметрлерди эске алуу процедураларын кийирүү;

- түрдүү товарлардын жана кызматтардын, тейлөөлөрдүн мамлекеттик баасын түзүү системасына экологиялык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн/индикаторлорунун комплексин кийирүү;

- баалардын түзүмүндө экологиялык чыгымдарды эске алуу;

- экосистемага экономиканын негативдүү таасиринин кесепеттерин алдын алууда жана жокко чыгарууда ички жана сырткы инвестицияларды, салымдарды чакыруу[57].

Ошого байланыштуу, төмөнкү формада көрсөтүлгөн экологиялык коопсуздуктун форматында туруктуу өнүгүүнү коштоого багытталган приоритеттердин түзүмү өзгөчө көңүлдү талап кылат:

- өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү чөйрөсүндөгү чечимдерди экологиялык абалды түзгөн факторлорду эске алуунун негизинде иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

- адамдын, коомдун жана жаратылыш чөйрөсүнүн өз ара мамилелериндеги негативдик аспектилерди аныктоо, алардын изилдөө жана экономикалык, техникалык, укуктук жана башка мүнөздөгү превентивдик чаралардын жыйынтыгында аларды иштеп чыгуу;

- Концепциянын багыттарын ишке ашыруу боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдерде мыйзамчыгаруучу жана аткаруучу бийликтин органдарынын максатка ылайыктуу ишмердүүлүгүн уюштуруу; - экологиялык коопсуздуктун тийиштүү деңгээлинин негизинде өндүрүштүн, эмгек шарттарынын, эс алуунун жана жарандардын тиричилигинин натыйжалуулугун баалоонун критерийлерин кийирүү; - экологиялык коопсуздуктун камсыз кылуу чөйрөсүндө иштеген укуктук нормаларды, анын ичинде өзгөчө административдик укукту, иштеп чыгуу; - Массалык маалымат каражаттарын экологиялык коопсуздукту, анын негиздерине калкты окутууну, жарандарды тийиштүү тарбиялоосун камсыз кылууга багытталган нормалардын жана эрежелердин, техникалык стандарттардын жана башка талаптардын сакталуусунун жана аткарылуусунун милдеттүүлүгүн түздөн түз пропагандалоого чакыруу;

- Концепциянын негизги жоболорун кийинки иштелип чыгуусунун

жана тажрыйбада ишке ашуусунун теоретикалык-колдонмо базис катары экологиялык коопсуздуктун камсыздалуусу менен байланышкан көйгөйлөрдүн чөйрөсүндө илимий изилдөө иштерин уюштуруу жана ишке ашыруу[69, 201б.].

Ошону менен биргеликте, мамлекеттин, коомдун жана адамдын аларга өзгөчө маанилүү болгон, экологиялык коопсуздуктун камсыздалуусу менен шартталган тигил же бул аспектиде приоритеттери болуп төмөнкүлөр саналгандыгын эске алуу маанилүү болуп саналат:

- Кыргызстандын мамлекеттик бүтүндүгүн жана анын суверенитетин сактоо;

- жагымдуу экологиялык чөйрөнүн түзүлүү шарты катары коомдун жашоо тиричилигинин социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүнүн стабилдүү өнүгүүсүнүн кепилдиктери;

- коомдун жана инсандын коопсуздугун камсыз кылуу;

- конфликттик, күчтүк форматка социалдык, этникалар аралык жана башка карама каршылыктардын трансформациясын жокко чыгаруу.

Экологиялык чөйрөдөгү приоритеттердин синтези белгилүү өлчөмдө коркунучтардын белгилүү формасындагы системалар түрүндө анын мазмунун түзүп, Концепциянын ишке ашуусунун алкагында жана жаратылыштык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга жана ошондой эле алардан келип чыккан кесепеттерди жок кылуу жана азайтууга багытталган мамлекеттик бийликтин жана өзүн өзү башкаруу органдарынын практикалык ишмердүүлүгүндө албетте эске алынуусуга милдеттүү.

Глобалдык түшүнүүдөгү бүгүнкү экологиялык дүйнө таануунун деңгээли анын өнүгүүсүнүн буга чейинки эрте болгон стадияларынын жетиштүү өлчөмдө айырмаланат. Эгерде буга чейин адамды курчаган жаратылыш чөйрөсүнө өзүнүн таасирин тийгизген техногендик жана

антропогендик мүнөздөгү кооптуулуктар жана коркунучтар бардык ага коштолгон чыгымдар менен андан аркы цивилизациялык процесстин алкагында гана канааттандырылган коомдун реалдуу керектөөсү менен принципиалдуу түрдө каршылыкка түшкөн чаралардын жаратылышты жана өзгөчө адамзатынын жашоосун сактоого багытталган болсо, ал эми бүгүнкү күндө коом жана жалпысынан адамзаты мындай зарылдыктын керектиги тууралуу тыянакка келип, мындан да маанилүү болгон, биздин көз карашыбыз боюнча, конструктивдик негизде “конфликттин жактарынын” эки жагына тең мүмкүн боло турган карама каршылыктын чечилүүсүнө даярдыгын билдирди. Экология адамзатынын жашап кетүү тууралуу окууга трансформацияланып, анын идеологиялык компонентин шарттап, жетиштүү түрдө алдыга жылган жана карама каршы болгон өнүгүүсүн белгиледи.

Жаратылыштык жана техногендик таасирдөө адамдын жашоо тиричилигинин бардык аспектилерине олуттуу таасирин тийгизгендиги тууралуу факт эч кандай талаш маселе жаратпайт. Бизди курчаган айлана чөйрө анын бүгүнкү абалында анын туруктуу өнүгүүсүндө Кыргызстан үчүн олутуу көйгөйлөрдү түзүп, коом жана мамлекет тарабынан бул тууралуу жарыялангандыгына карабастан, мүмкүн болгон катастрофалардын кесепеттеринин кооптуулугу алар тарабынан жетиштүү жана тийиштүү түрдө кабыл алынбай келет. Айтылгандардын жыйынтыгы болуп Кыргызстандагы адамды курчаган айлана чөйрөнүн жашоосу үчүн кооптуулук туулуп, мүмкүн болгон экологиялык авариялардын жана катастрофалардын пайда болуу ыктымалдыгы эсептелет. Экологиялык коопсуздук коомдун коопсуздугунун түзүмдүү компоненти болуп, инсандын мыйзамчыгаруучулук менен каралган укуктарын жана эркиндиктерин иш жүзүндө ишке ашырууга жана коомго болгон чакырыктардын жана коркунучтардын түрдүү формаларына жана

түрлөрүнө каршылык көрсөтүү үчүн уюштурган коомдогу тийиштүү укуктук нормалардын жана эрежелердин, жарандык институттардын бар болуусуна негизделет.

Бул чөйрөдөгү мамлекет тарабынан жасалган тажрыйбалык кадамдарынын жана ошондой эле экологиялык коопсуздуктун камсыздалуусу менен байланышкан каралып жаткан көйгөйлөрдүн жасалган талдануусу, биздин көз карашыбыз боюнча, коопсуздуктун башка түрлөрүнө салыштырмалуу экологиялык коопсуздуктун суроолорунда коомду маалымдоодо калдыктык принцип менен иш жүргүзүлгөндүгүн тастыктайт. Мындай иштердин абалын кайрадан баалап чыгуунун зарылдыгы адамга жана коомго маалыматтык мейкиндиктин өсүп келе жаткан таасири, заманбап экологиялык дүйнө таануну, тийиштүү маданиятты жана билимди түзүү үчүн анын натыйжалуу колдонуу мүмкүнчүлүгү шарттап, жыйынтыгында коомдо анын ар бир мүчөсүндк экологиялык аң сезимдин пайда болуусуна түрткү жаратат.

Биз көрсөткөн маалымат дагы бир жолу экологиялык коопсуздуктун жаратылыштын коопсуздугу катары эмес, адамдын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугу катары таанылгандыгы тууралуу фактыны баса белгилеп кетүүгө мүмкүнчүлүк түзгөндүгүн айтып кетүү маанилүү болуп саналат, анткени жаратылыш чөйрөсү бардык зыяндуу таасирдөөдөн коргонуу объектиси болуп, адамдын чарбалык ишмердүүлүгү менен шартталган жаратылыштык келип чыгууга ээ болгон булактар жана факторлор менен потенциалдык жаратылган кооптуу экологиялык абалдардан корголуусу катары кабыл алынат. Бирок мындай зыяндуулук жаратылыштын чөйрөсү менен эмес, коом менен салыштырмалуу болуп эсептелет.

Жаратылыш чөйрөсүнө зыян таасирдөөнүн салыштырмалуулугу төмөнкү түрлөргө бөлүнүүсү мүмкүн:

- экономикалык көрсөткүчтөргө ээ болгон жана тийиштүү жаратылышты коргоо мыйзамчыгаруучулугунун предмети болгон материалдык мүнөздөгү зыяндуу коомго тийгизүү;

- инсанды жана ошондой эле коомду жана мамлекетти экологиялык коркунучтардан коргоо контекстинде экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган мыйзамчыгаруучулуктун предмети катары аныктоо[70, 44б.].

Экология чөйрөсүндө кризистик көрүнүштөрдү жана коопсуздук принциптерин жеңүүнүн багыттарынын бири катары коопсуздук системасын институционалдык-башкаруучулук, нормативдик-укуктук, аналитикалык жана изилдөөчүлүк жөнгө салуу суроолорунда мамлекеттик функциялар жана коопсуздуктун көйгөйлөрүнүн тигил же бул себептер менен эпиборборунда жайгашкан адамдардын спонтанндык-табигый мүнөздөгү жашоо тиричилигиндеги аз маанидеги эмес процесстер менен шартталган улуттук коопсуздуктун системасынын түзүмү боюнча кээ бир сунуштар бар. Аларга институционалдык бекитилген, анын ичинде бийликтин мыйзамчыгаруучулук жана аткаруу органдарынын, элементтерин киргизүүгө болот. Бул институттардын алкагында стратегиялык, тактикалык жана ыкчам планда мамлекеттик коопсуздуктун бардык системасынын башкарылуусу камсыздалат. Мындай чөйрөдө башка түзүмдүү элементтерге салыштырмалуу максатка ылайыктуу рационалдуулу эң жогорку даражага ээ.

Каралып жаткна чөйрөдөгү чечимдерди иштеп чыгуу, кабыл алуу жана көзөмөлдөө процесстери башкалардын алдында так бөлүнөт, анткени аларда кабыл алынган чечимдер мамлекет, коом жана анын өз алдынча бир мүчөсү үчүн өзгөчө мааниге ээ, себеби бул чөйрөнүн субъектилеринин аракеттеринин натыйжалуулугу объективдүү түрдө түрдүү факторлордун (компоненттүүлүктүн жоктугу, кээ бир көйгөйлөр

боюнча катачылык) таасири астында азаюусу мүмкүн, ошондуктан каралып жаткан түзүмдүү элементтин алкагында тигил же бул түрдө камтылган субъектилердин жыйындуу иштөөсүнүн натыйжалуулугун перманенттик комплекстүү мониторинг жана талдоо жүргүзүү талап кылынат.

Коопсуздук менен байланышкан көйгөйлөрдүн илимий-теоретикалык жана колдонуучулук талдануусу, коопсуздуктун көйгөйлөрүнүн чөйрөсүндөгү жогору квалификациялуу адистер, теоретикалык ойлорду колдонуучулук иштелмелерге трансформациялаган илимий кызматкерлер, системалуу жана стратегиялык деңгээлдерде ойлонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ практика кызматкерлери болгон интеллектуалдык потенциалдын өлкөдө бар болуу шартында алардын натыйжалуу шартында анын стратегиялык приоритеттерин, максаттарын иштеп чыгуу жана модернизациялоо болгон багытты четке какпоо керек. Мындай көрүнүштөгү ишмердүүлүктүн жыйынтыктары катары түрдүү концепциялар, анын ичинде мамлекеттин коопсуздугу, алардын ишке ашуусунун жүрүүсүнүн аналитикалык коштолуусунун негизинде иштелген жана модернизацияланган нормативдик укуктук актылар жана ошондой эле тийиштүү түрдө системалаштырылган теоретикалык жана колдонмо идеялар жана түрдүү болгон социалдык, экологиялык, этникалык жана башка аспектилеринде иштелмелер болуусу мүмкүн. Мындай ишмердүүлүк мамлекеттик институттар менен биргеликте илимий жана мамлекеттик эмес уюмдар катышкан түрдүү форматта ишке ашууда[71, 148б.].

Коомдун бүгүнкү жашоосунда адамдын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу менен байланышкан көйгөйлөргө тиешелүү болгон ишмердүүлүктүн тийиштүү контекстинде массалык маалымат каражаттарынын кеңири спектрин колдонуу менен ишке ашкан

коопсуздуктун процесстеринин маалыматтык коштолуусунун маанилүүлүгү белгиленет. Ошону менен биргеликте, түрдүү аналитикалык борборлор, институттар, атайлаштырылган ММК жана башкалар бул системача катары шайкеш болгон системачаларда орун алган мамлекеттик коопсуздуктун процесстерин камсыз кылуу менен байланышкан мониторинг иштерин жүргүзүп, көп учурда автономдук түрдө бири бирине көз каранды тартипте өнүгүп келет. Ошону менен биргеликте, алар өзүнүн ишмердүүлүгүнүн белгилүү өзгөчөлүгүнө байланыштуу кээле акценттерди жокко чыгарып, жаңы приоритеттерди аныктап, жаңы аспектилерде коопсуздук менен байланышкан көйгөйлөрдү ачыктоого жөндөмдүү. Бүгүнкү шарттарда ММК өзүнүн материалдарында коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүгө позитивдүү багытталган расмий түзүмдөрдүн жана уюмдардын көз караштарын чагылдыруусу мүмкүн жана ошол эле учурда негативдик багытта да колдонуусу мүмкүн, ошондуктан объективдүү эмес уюмдардын жана иштеп жаткан бийликке каршы багытталган жана ошондой эле чет мамлекеттерге бирөөлөр аркылуу маалыматты колдонуусу мүмкүн[72, 55б.].

Ошондой эле мамлекеттик коопсуздуктун гана эмес, социалдык, этникалык жана индивидуалдык мүнөздөгү коопсуздуктун көйгөйлөрүнө багытталган мамлекеттик эмес (комерциялык эмес) уюмдардын жана формалдуу эмес бирикмелердин ишмердүүлүгүнүн активдештирилгендигин белгилеп кетүү зарыл. Бул түзүмдөр жарандык коомдун түзүлүүсүнүн активдүү процессин көрсөтүп, бийликтин органдары менен жетиштүү эмес тартипте чечилбеген, индивидуум жана коом үчүн актуалдуу болгон көйгөйлөрдү чагылдырып, аталган бейөкмөттүк уюмдар өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жаатында эл аралык тажрыйбадан, же конкреттүү мамлекеттен же чет өлкөлүк уюмдан алынган идеяны пропагандалап, коомдун активдүүрөөк болгон бөлүгүнүн

табигый жана спонтанндык көз карашына таянган рационалдык ишмердүүлүктү белгилейт.

Жалпысынан коомдун, социалдык топтордун жана конкреттүү индивидуумдардын жашоо тиричилигин камтыган мейкиндик адамдын жашоо практикасынын жана психологиясынын негизинде куралган коопсуздук системасынын түзүмдүү элементин түзүп, коомдук жана жеке мүнөздөгү коопсуздуктун салыштырмалуу массалык, топтук жана индивидуалдык деңгээлдерин өзүнө камтыйт. Бул ыкма коомдун керектөөсүнүн жана адамдар үчүн жашоосуна маанилүү болгон талаптардын жыйындысын, аларды камсыз кылуу үчүн керектүү ресурстарды, индивидуумдун жүрүм турум нормаларын, жашоо образын жана белгилүү коомчулуктун жалпы маданий өнүгүүсүнүн даражасын карайт. Коомдун анын жашоо тиричилигинде эң маанилүү мүнөздөмөлөр пайда болуп жаткан чакырыктары жана кооптуулуктар түрүндө болуп, аларды жеңүү коомдун жана мамлекеттин кээ бир элементтеринин күнүмдүк ишмердүүлүгүнүн форматында мүмкүн эмес, бирок коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндө максатка ылайыктуу мамлекеттик иш чараларды ишке ашыруу аркылуу гана мүмкүн. Бул мейкиндикти изилдөөчү коомдогу кээ бир индивидуумдардын жана алардын топторунун негативдүү жүрүм турумунун өз алдынча көрүнүштөрү жана ошондой эле социалдык топтордун жана этникалык коомчулуктардын антогонизми, уюшкан кылмыштуулук жана башкалар сыяктуу көрүнүштөр менен иш жүргүзөт.

Экологиялык коопсуздуктун изилдеп чыгып, анын толук өлчөмдө мамлекеттин коопсуздугунун системасына интеграцияланбагандыгын белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан институционалдык-спонтандык болгон системачанын форматында ал максаттык, системалык түзүмдөлгөн жана рационалдык башкаруу принциптеринин түзүлүү чөйрөсүн жана ошондой

эле илимий-теоретикалык иш чараларга кызыкчылыгы таратылып, колдонулган жана коопсуздук көйгөйлөрү үчүн колдонмо мааниге ээ, коопсуздуктун стратегиялык приоритеттерин, анын максаттарын жана принциптерин иштеп чыгуу жана модернизациялоону камтыган чөйрөлөрдү жөнгө салат. Бул жерде аз эмес ролду коопсуздук чөйрөсүндө процесстерди маалыматтык коштоо чөйрөсүндөгү, мамлекеттик эмес (комерциялык эмес) уюмдардын жана формалдуу эмес бирикмелердин ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүндөгү аракеттер ойнойт. Экологиялык коопсуздук коомдун жашоо тиричилигининин бардыгы менен камтылган жана ал жерде орун алган социалдык топтордун жана кээ бир инсандардын бар болуу шартындагы мейкиндик менен тыгыз байланышта. Экологиялык чөйрө маанилүү деңгээлде экономикалык ишмердүүлүктүн чөйрөсүнө, социалдык жана укуктук чөйрөлөргө өзүнүн таасирин тийгизет.

Ошентип экологиялык чөйрө экологиялык коопсуздук менен биргеликте коопсуздуктун системасынын түрдүү компоненттери менен туруктуу жана бутакталган байланыштарына ээ. Ошондуктан тигил же бул системачанын бардык компоненттеринин позитивдик же негативдик мүнөздөгү метамарфоздору башка түзүмдүү компоненттерине, системачаларына жана алардын компоненттерине, коопсуздуктун бардык системасына анын сапаттуу деңгээлин жакшыртууга же начарлатууга алып келүүсү мүмкүн. Коопсуздуктун анын экологиялык түзүмдүүмүн камсыз кылуу системасын башкаруу үчүн арналган уюштуруучулук түзүмдү проектирлөө экологиялык коопсуздуктун максаттарына жана маселелерине жетүүгө багытталган өз ара аракеттешүүнүн субъектилеринин компетенциясы жана функциялары боюнча камсыздалуусунун механизминин дифференцияланууcуна негизделген.

Бул түзүм Кыргыз Республикасынын бардык деңгээлдеринде адекваттык административдик жана укуктук коштоодон сырткары перманенттик прогресстин абалында болгон деңгээлдеги илимий коштолууну талап кылат, анткени экологиялык чөйрөдөгү чакырыктардын жана коркунучтардын деңгээли андан алдыга кетүү боюнча өсүүнүн тенденциясына ээ, ошого байланыштуу экологиялык мыйзамчыгаруучулук субъектилердин нормалдуу иштөөсүн жана өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган.

Экологиялык коопсуздук өнүгүүнүн көйгөйүн түзгөндүгүн белгилкеп кетүү абзел, анткени узак мөөнөттөгү максаттарга жетүү жана ыкчам пландагы аны менен байланышкан тактикалык максаттарга жана маселелерди коюу аркылуу стратегиялык форматтагы маселелере жетүү аркылуу анын чечилүү мүмкүнчүлүгү шарттайт. Ошону менен биргеликте, максаттарды аныктоо процесси көп эмгектик талап кылгандыгын жана тийиштүү изилдөөлөрдө комплекстик, терең, бүтүндүү, системалуу ыкманы талап кылгандыгы эске алуу керек.

Экологиялык коопсуздуктун экологиянын негизги компоненти болгондугуна байланыштуу анын бүгүнкү түшүнүлүүсүндө цивилизациялык таасирдөөнөн жаратылыш чөйрөсүн коргоого, ошол элу учурда, адамзатын мындай таасирдөөнүн катастрофалык кесепеттеринен коргоого багытталган түздөн түз экологиялык саясаттын маанисин эске алганда, анда экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган ишмердүүлүктүн негизги багыттарына жаратылышты рационалдык колдонууга багытталган программаларды ишке ашырууну; бардык жаратылыш ресурстарын, анын ичинде сырьелорду, материалдардын жана энергияны этияттык менен колдонууну; экология үчүн мүмкүн болгон кесепеттерин эске алуунун негизинде өндүрүштүн мүнөзүн фундаменталдуу трансформациялоо; жаратылыш чөйрөсүн сактаган

новациялык технологияларды кийирүүнү; адамдын рационуна экологиялык зыяндуу тамак аш продуктуларына жол бербөөнү; адамдын экологиялык тарбияланыуусу; эл аралык деңгээлде экология чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүүнү киргизүү зарыл.

Өлкөдө жаратылыш ресурстарынын экологиялык чөйрөнүн начарланыуусунун фонунда толугу менен колдонулуп жок болуусу менен мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлинин жана ошондой эле бул көйгөйдүн глобалдуулугун, анын маанилүүлүгүн жана актуалдуулугун коом тарабынан түшүнүүгө болгон даярдыгынын ортосунда түздөн түз көз карандылык бар экендиги белгиленет. Улуттук жаратылышты коргоо мыйзамчыгаруучулугундагы маанилүү коллизиялардын орун алуусу; заманбап экологиялык талаптарга жооп бербеген технологияларды жана материалдарды өндүрүштө колдонуу, экологиялык маданияттын төмөнкү деңгээли сыяктуу түрдүү жагдайлардын шартында аталган коркунуч Кыргызстан үчүн жетиштүү түрдө актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун концепциясы экологиялык коопсуздукту улуттук коопсуздуктун ажырагыс компоненти катары аныктап, аны туруктуу өнүгүүнүн милдеттүү шарты катары таанып, анын алкагында жаратылыш чөйрөсүнүн сакталуусу жана анын тийиштүү сапатынын колдоосу камсыз болгон негиз катары аныкталат.

Ошону менен биргеликте, экологиялык коопсуздук коомдун коопсуздугунун түзүмдүү компоненти болуп, инсандын мыйзамчыгаруучулук менен каралган укуктарын жана эркиндиктерин иш жүзүндө ишке ашырууга жана коомго болгон чакырыктардын жана коркунучтардын түрдүү формаларына жана түрлөрүнө каршылык көрсөтүү үчүн уюштурган коомдогу тийиштүү укуктук нормалардын жана эрежелердин, жарандык институттардын бар болуусуна негизделет.

Ошентип экологиялык чөйрө экологиялык коопсуздук менен биргеликте коопсуздуктун системасынын түрдүү компоненттери менен туруктуу жана бутакталган байланыштарына ээ болуп, тигил же бул системачанын бардык компоненттеринин позитивдик же негативдик мүнөздөгү системачаларына жана алардын компоненттерине, коопсуздуктун бардык системасына анын сапаттуу деңгээлин жакшыртууга же начарлатууга алып келүүсү мүмкүн.

# Глава 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУНУН ӨНҮГҮҮСҮНҮН БҮГҮНКҮ АБАЛЫ ЖАНА УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛЫНУУСУ

## 2.1. Туруктуу өнүгүү концепциясы Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздуктуу өнүгүү базасы катары

Мамлекеттин өнүгүүсүнүн бүгүнкү мезгилинде ар бир өлкөнүн экологиялык саясаты концептуалдык база болгон жана глобалдык көйгөйлөрдүн макулдашылган стратегиялык чечимдерин иштеп чыгуу үчүн экинчи миң жылдыктын эң маанилүү окуя болгон дүйнөлүк саясий элитанын биринчи жолу тарыхта чогулган, айлана чөйрөнүн жана туруктуу өнүгүүнүн суроолоруна арналган БУУнун конференцияларында[73, 5-23б.] жана саммитте[74] иштелип, кабыл алынган бардык документтерди өзүнө бириктирген эл аралык коомчулук менен жарыяланып, кабыл алынып, таанылган туруктуу өнүгүүнүн стратегиясына негизделген. Бардык мамлекеттердин күчтөрүн бириктирүүгө чакырууну талап кылуу аркыоуу чечилген планетрадык масштабдагы жашоо үчүн маанилүү көйгөйлөрдүн курчтоосу бүгүнкү цивилизациянын өнүгүүсүнүн жана бизди курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн сакталуусунун көйгөйлөрү менен үзгүлтүксүз байланышта болгон адамзатынын жашап кетүүсүнүн олуттуу көйгөйлөрү боюнча көптөгөн өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн жана мамлекет жетекчилеринин жолугушуусун уюштуруунун зарылдыгына алып келди.

Дүйнөлүк бардык өлкөлөрүн бириктирген форумдагы кабыл алынган негиз салуучу документтерде[75] адамзатынын цивилизациясы өзүнүн тарыхында бурулуучу абалына ээ болуп, азыркы жана келечектеги муунга адамдардын айлана чөйрөнү сактоо жана өнүктүрүү боюнча

керектөөсүн канааттандыруусун камсыз кылган глобалдык көйгөйлөрдү чечүүгө балансталган жолдун пайдасына чечилүүсүнө умтулуун ишке ашыргандыгын белгилейт. Ошону менен биргеликте өлкөлөрдүн алдында белгиленген маселелерди аткаруу үчүн эл аралык өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүүсүнүн мамлекеттик стратегиясына өзгөчө орун берилип, өз ара мамилелердин жаңы системасын аныктоонун зарылдыгы тууралуу бирдиктүү чечимге алып келген мамлекеттердин улуттук өкмөттөрүнө жүктөлгөн жоопкерчилик дүйнөлүк коомчулуктун жыйырма биринчи кылымдаргы күн тартибиндеги маанилүү суроолорун алардын ишке ашуусунун механизмин иштеп чыгуу маселеси түзөт[76]. Мындан келип чыккан аталып кеткен мамилелер экологиялык жетиштүүлүккө негизделген натыйжалуу экономиканы түзүүнү көздөгөн мамлекеттер арасындагы саясаттын негизги багыты болгон өнүгүүнүн туруктуулугуна алып келүү максатында түрдүү экономикалык өнүгүүсүнө ээ болгон өлкөлөрдүн киргизилген өзгөрүүлөрдүн керектигин жана өз убагындагысын чагылдыруусу абзел.

Эл аралык деңгээлде өткөрүлүп жаткан иш чаралар социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана айлана чөйрөнүн корголуусунун өз ара байланышынын бекмдөө багытын көрсөтүп, туруктуу өнүгүүнүн приоритеттүү максаты катары – адамдын потенциалын өнүктүрүүнү жана жакырдыкты жок кылууну, өндүрүштүн жана колдонуунун моделдерин өзгөртүүнү, адамдардын таза сууга, санитарияга, энергияга, саламаттыгын сактоого, азык түлүктүн коопсуздукка болгон керектөөсүн канааттандырууну; биологиялык түрдүүлүктү коргоону жана планетанын экологиялык коопсуздугуна зыянын тийгизү турган, техногендик мүнөздөгү негативдүү кесепеттер үчүн улуттук-мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдерде[74] жоопкерчиликти баса белгилөө менен жаратылыш ресурстарын аягына чейин колдонбоону түшүндүрөт[77].

Туруктуу өнүгүүнүн кызыл линиясы менен экологиялык чөйрөдөгү тийиштүү чалалардын аткарылуусунун так аныкталган мөөнөтүн камтыган чарбалык-экономикалык ишмредүүлүктү жөнгө салган маанилүү документ болгон жана жогорку деңгээлде кабыл алынган саммиттин чечимин аткаруунун планына ылайык жер шаарынын калкынын керектөөсүн канааттандыра алган социалдык-экономикалык деңгээлдин көтөрүлүүсү өтөт.

Саммиттин катышуучуларынын кызыктар болгондугу өлкөлөрдүн өкмөттөрүн жана жарандык коомун туруктуу өнүгүүү жолу менен ирээти менен алдын жылуу үчүн планетанын калкынын алдында бүгүнкү күндө турган маанилүү жана негизгиси конкреттүү маселелерди аныкталган мөөнөттө аткарууга багыттоого мүмкүнчүлүк түздү, мисалы, дүйнөнүн мамлекеттеринин лидерлери жылдан жылга планетада азаюуда болгон ичүүгө болгон суунун коопсуздугун камсыз кылуу жана ошондой эле ушул жылдары жакыр калктын санын жарымына кыскартуу үчүн тез чараларды көрүүсү зарыл. Мындан сырткары, жолугушуунун катышуучулары 2020-жылга өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө саламаттыкты сактоо системасын жакшыртууга, башка өлкөлөрдүн системасы менен салыштырганда тийиштүү деңгээлге жакындатууга жетишүү үчүн келишимге келишти. Катышуучулар ошондой эле энергиянын калыбына келүүчү булактарын колдонуунун көлөмүн жогорулатууга келишишип, айланы чөйрөнүн абалын начарлатууну жокко чыгаруу жана планетанын биотүрдүүлүгүн жана балык ресурстарын сактоо боюнча натыйжалуу чараларды көрүүгө чечим кабыл алышты[79].

Социалдык көйгөйлөрдүн чечилүүсү продукциянын чыгарылуусун көбөйтүүгө, айлана чөйрөгө адамдын ишмердүүлүгүнүн басымын күчөтүүгө алып келген экономиканын рычагдарын бекемдөөгө багытталган өндүрүштүн кеңейүүсү менен байланышкандыгын белгилеп кетүү зарыл, ошол себептен бардык деңгээлдерде социалдык-

экономикалык жана экологиялык кызыкчылыктардын ортосундагы балансты сактоо, эл аралык жана улутттук-мамлекеттик масштабда туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууга багытталган коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу оптималдашуусун өткөрүү талап кылынат. Ошону менен биргеликте, бар болгон институционалдык чөйрөнүн укуктук жана формалдуу эмес чектөөлөрүн эке алуу зарыл.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу механизми, биздин көз карашыбыз боюнча, экономикалык, гуманитардык жана укуктук аспектилерди өзүнө камтуусу милдеттүү. Биринчи кезекте өлкөнүн экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун гуманитардык аспектиси, коомдогу дүйнө таануунун доминантынын жаңы көз карашынын бекитилүүсү, экологиялык маданияттын курулуусу тууралуу кеп болуп отурат. Экологиялык дүйнө тануугa болгон көз караш адамдын жана жалпысынан социалдык организмдин жаратылыштык коргоочулук көнүп кетүү механизмин түшүндүрүп, өзүнүн экологиялык кооптуулуктун алдынан улуттук жашап кетүү багытында тез арадагы корректирлөөсүн талап кылат. Ошого байланыштуу, экологиялык билим алуу өзгөчө өсүп келе жаткан муундун тарбиялануусун жана агартуусун өзүнө камтып, улуттуу жашап кетүүсү же деградациясы тууралуу кеп болуп отургандан чоң мааниге ээ.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу туруктуу өнүгүүнүн контекстинде өлкөнүн жарандарынын жана мамлекеттин жашап кетүү шарты катары бар болгон экономикалык приоритеттердин экологиялык түрүнө алмашуусунун натыйжасында мүмкүн боло алат. Бул алмашуу адамдардын аң сезиминин, жалпысынан коомдун баалуулуктар системасынын, экологиялык көйгөйлөрдүн маңызын түшүнүүсүнүн тийиштүү өзгөрүүсүн жана ал көйгөйлөрдү чечүүдөгө ар бир адамдын жоопкерчиликтүү катышуусун түшүндүрөт. Жарандар жашоо чөйрөсүнө болгон жоопкерчиликтүү мамилесин пайда кылуу жүрүм турумдун өтө

узак мөөнөттөгү жаратылышты колдонуу стереотибин бузуу менен байланышкан, ошондуктан экологиялык аң сезимдин өнүгүү процесси ырааттуу жана системалык болуусу абзел. Ал үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн жана агартуунун каражаттары менен бардык жаш курактагы адамдардын, социалдык катмарлардын жана коомдун кесиптик тобунун экологиялык маданиятын жогорулатуу жолу менен камсыз болуусу мүмкүн. Экологиялык маданият жана экологиялык билим берүү бардык деңгээлдерде конкреттүү жерде, региондо чарбалык ишмердүүлүктүн экологиялык кесепеттери тууралуу жетиштүү маалымдалгандыкка негизделген экологиялык сабаттуу башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жана аткарууга мүмкүнчүлүк жаратат. Коомдун бардык катмарларында экологиялык билимдердин дефицити жарытылышты коргоо мыйзамчыгаруучулугунун бузууда көп бөлүгү жатат жана бийликтин аракетсиздигин жана калктын адекваттуу эмес реакциясынын себеби болуп саналат.

Экологиялык маданияттын негиздерин билүү мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге аларга бөлүнгөн чөйрөдө башкаруучулук чечимдерди сабатуу ишке ашырууга жардам бергендиги айкын. Жыйындысында, экологиялык сабатуу коом адамзатынын келечектеги мууну үчүн жашап кетүү жана өнүгүү үчүн түрдүү масштабдагы экологиялык катастрофага жол бербейт. Өлкөдөгү күндөн күнгө начарлаган экологиялык жагдайдын шартында өлкөнүн экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө укуктук жөнгө салууну жакшыртуу механизмин иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгып, айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салган көптөгөн мыйзамдарды жана административдик укуктук актыларды өзүнө камтыйт. Бирок алардын ишке ашырылуусунун механизминин жакшы эместиги жөнгө салууну жана рыноктук өзүн өзү жөнгө салууну стимулдаган борборлоштурулгун пландоо механизмин комплекстик колдонуунун

негизинде башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде туруктуу, ишке жөндөмдүү иштеген моделинин түзүлүү маселеси коюлат. Ошондуктан, экологиялык маданияттык курулуусу, жана ошондой эле экологиялык билим берүүнүн жана тарбиянын өнүгүүсү экологиялык өнүгүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттык негизги стратегиялык максаты болуусу милдеттүү. Экологиялык маданияттык түзүлүүсү адамдардын аң сезиминин өзгөрүлүүсүсүз мүмкүн эмес, бирок экологиялык билим берүүну уюштурууга болгон туура жол менен мүмкүн боло алат. Албетте, адамдардын аң сезиминин гана өзгөрүлүүсү жетишсиз, андан сырткары бардык мамлекеттик саясаттын мамлекеттик улуттук коопсуздуктун маанилүү түзүмдүү бөлүгү болгон өлкөнүн экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга багытталуусу зарыл.

Укуктук жөнгө салуу механизми жараандарды экологиялык коопсуз чөйрөдө жашоого болгон укугунда бардык менчиктин формасындагы ишканалардын жана уюмдардын жаңы заманбап технологияларга жана айлана чөйрөнүн саламаттандыруусуна болгон экономикалык кызыкчылыгына болгон жол менен жарандардын кызыкчылыктарын коргоого багытталат.

Ошентип, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу ар бир мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнүн, жана алгач улуттук жашап кетүүсүнүн маанилүү шарттары болуп саналат. Экологиялык коопсуздуктун пайда болуусунун маанилүү шартын адамдардын экологиялык маданиятынын ажырагыс бөлүгү болгон адамзатынын экологиялык көйгөйлөрдүн маңызын түшүнүүсү түзөт. Чечим кабыл алган адамдар кандайдыр бир ишмердүүлүктү ишке ашырууда биз үчүн приоритеттик максатты кандайдыр бир өзүбүздүн максатыбызга гана жетүү эмес, ошондой эле айлана чөйрөгө болгон зыяндын минималдык даражасында ага жетүү эсептелет. Адамдын жаратылыш чөйрөсүнүн

ажырагыс бөлүгү болгондугун жана бардык чөйрөгө болгон негативдик таасирлер аягында анын өзүнө чагылат.

Глобалдык дүйнөнүн трансформациясы, социалдык экологиялык түзүмүн эске алуу мамлекеттин улуттук коопсуздук тууралуу түшүнүктөрүнүн өзгөрүүсүнө үлгү боло алат. Акыркы убакытка чейин суунун кескин жетишсиздиги байкалган өлкөлөр үчүн бул абал жаратылыш ресурстарынын азаюусунун көйгөйү болуп, мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуунун көйгөйлүү талаасына кирген эмес. Бүгүн социалдык жаратылыштык чөйрө бардык жерде ар бир мамлекеттин улук улуттук баалуулугу катары каралып келет. Андан сырткары, мамлекеттин экологиялык коопсуздук суроолору глобалдык экологиялык абалдын начарлоосу, жаратылыш чөйрөсүнүн баалуулуктарынын өсүүсү менен эл аралык конфликттер экологиялык түскө ээ боло баштайт[80, 141б.].

Бүгүнкү мезгилде жашоонун жетиштүү деңгээли катары адамдын жагымдуу жашоосунун (улуттук-маданий, диний жана башка өзгөчөлүктөрдөн көз каранды болгон) жана биочөйрөнүн туруктуулугунун сандуу жана сапаттуу критерийлеринин комлпексин көрсөткөн адамдын жагымдуу жашоосунун материалдык көрсөткүчтөрү, бүтүндүү социалдык организм катары коомдун факторлорунун жана жашоо шарттарынын бири бири менен өз ара байлнышкан көп түрдүүлүгү түшүндүрүлөт. Экономикалык өнүккө мамлекеттерде материалдык ийгиликтүүлүгүн жана социалдык корголгондугун канааттандыруудан сырткары заманбап көйгөйлөрдүн коом тарабынан маанилүүлүгүн түшүнүү деңгээлине жараша керектүү зарылчылыктарды түзгөн потенциалдык керектөөчүлүк категориясы негизги мааниге ээ болуп, жашоонун рухий жана интеллектуалдык баалуулуктарга багытталуусу ишке ашып, экологиялык өнүгүүнүн глобалдык башкарылуусу системасын түзүү чөйрөсүндө бири бирин толуктап, багыттаган чечимдерди шарттаган бош убактынын бар болуусу, айлана чөйрөнүн жана саламаттыктын абалын жакшыртуу,

экологиялык коопсуздукта жалпы адамзатынын керектөөсүн түзүү зарыл элементти түзүп, туруктуу өнүгүүнүн экономикасын куруу, экологияга, экологиялык маданиятка этияттык, акылдуу мамиле тууралуу адамдарда аң сезимди куруу, адамдын аң сезиминде жаратылыш жана адамдын принципиалдуу бирдиктүүлүгү, алардын өз ара байланышкандыгы жана адамдын экологиялык абал үчүн эң чоң жоопкерчилиги тууралуу түшүнүктү жаратуу ишке ашат[81, 23-26б.].

Дүйнөлүк коомдук өнүгүүнү изилдөө өндүрүш күчтөрү менен коомдук мамилелер ортосунда орун алган кыйроодон чыгуу жолун издөө түзүлүштүн негиздерине таасирин тийгизип, адамдын баалуулук маңызында болгон өзгөрүүлөрдү көрсөтүп, өзгөрүү ишмердүүлүгүндө, жашоого болгон умтулуусун өзгөртүүдө, өндүрүштөн колдонуу көз карандылыгын жөнгө салууда, өндүрүштү көбөйтүү үчүн ресурстарды жырткычтык менен колдонуусундагы карама каршылыктарды чечүүдө жана адамдын керектөөсүн жаратылышка болгон андан кийинки зыяны жок канааттандырууга түрткү жараткан экологиялык пайдалуу технологияларды иштеп чыгууда чагылдырылат.

Дүйнөлүк коомчулуктун диалектикалык карама каршылыктардын чечилүүсүнүн жана ошого байланыштуу дүйнөлүк катастрофалардын жокко чыгарылуусунун чечилүүсү алгач прогрессивдик өнүгүүгө жооп берген түзүмдүү маалыматтын жогорку деңгээлине жана анын чагылдыруучу мүмкүнчүлүгүнүн өсүүсүнүн системасына өтүү үчүн потенциалдуу каражат болгон маалыматтык чөйрөдөгү илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери болгон өзгөрүү процессине ээ болгон экологияга аң сезимдин жаңы глобалдуу системасынын ийгиликтүү калыптануу шартында гана ишке ашуусу мүмкүн. Мындан сырткары экологиялык кризистер системага кардиналдык өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн аны тең салмактуулугу жок абалга өткөрүп, өзүн өзү сактоого болгон универсалдык керектөөчүлүктү актуалдаштырып,

керектүү аракеттердин биригүүсүнө жана максатталуусуна көмөк көрсөтөт, ошого байланыштуу жаратылыш чөйрөсүнө акылдуу мамилени маалыматтык-экологиялык коом (билимдерге таянган өнүгүүсүнүн негизги ресурсун интеллектуалдык-маданий потенциал түзөт) катары кароо логикалык болуп эсептелип, ошону менен биргеликте мындай аныктама так белгилерин камтыбайт жана дүйнөлүк жаңыруу процесттеринин маңыздуу жактарын чагылдырбайт.

Техногендик таасирдөө алардын масштабдарынын чектөөдөн ашуу шартында жаратылышта жаратылыш чөйрөсүнүн деградациясын, өзгөчө экологиялык кир технологияны жана эскирген жабдыктарды колдонууда, чакырат. Коомдун өнүгүү процессин токтотууга мүмкүн эместиги баарыбызга белгилүү жана техникалык прогресстин өзү жаратылыш ресурстарын колдонуусуз ишке аша албайт, бирок ошол эле убакытта жаратылыш системасынын табигый көлөмү жана анын туруктуулугу чексиз эместигин белгилеп кетүү зарыл. Коом жаратылыштан болгон түздөн түз илимий-техникалык прогресстин кесепеттеринен болгон көз карандылыгынан бошолуусунун натыйжасында коом ал системанын ийгиликтүүлүгүнөн андан да көбүрөөк көз каранды болуп, илимдеги негизги илимий буйрутмасы болгон мындай мазмунун аныктайт: жаратылышты колдонуунун илимий негиздерин иштеп чыгууну жана көрсөтүлгөн белгилер менен экологиялык жагдайды экологиялык нормалоо жана конструктирлөөнүн жолдорун издөөгө максатталган маселери бар жаратылыш системасынын абалын калыбына келүүнү камсыз кылуу.

Айлана чөйрөгө техногендик басымды жөнгө салуу, өзгөчө өтө «оордошкон» райондордо», олуттуу илимий негиздөөлөрдү «оптималдык жаратылышты колдонуу» аныктамасынын өзүндө жана ошондой эле жаратылыштын өзүн өзү тазалоосунун жана өзүн өзү калыбына келүүсүнүн табигый системасын колдонуу менен территориянын

уюшулуусунун бүтүндөй системасында талап кылат. Жаратылыштык экосистеманы сактоо үчүн экологиялык нормативдерди, башкача айтканда территориянын ушундай уюшулуусунда жердин же суу көлөмүнүн биологиялык продуктивдүүлүгүнүн начарлоосуна алып келбеген, жердин жана суунун баалуу жаратылыш ресурстары катары анын сапаттарынын сакталган же жакшырткан абалын камсыз кылгандыгы зарыл маселени жаратат. Ар бир ишкананын өндүрүштүк ишмердүүлүгү айлана чөйрөнүн мыйзамченемдүүлүктөрүнө адекваттуу болуусу милдеттүү. Өндүрүштү экологиялаштыруунун талаптарынын алкагында техногендик иштердин жөнгө салынуусунун критерийи катары минималдык чыгашаларда жашоонун сапатын камсыз кылуу принциби эсептелет. Мындай ыкма социалдык натыйжалуулуктун приоритетинин принциби деп аталат. Жаратылышты колдонуунун территориалдык оптималдашуусу боюнча иш чаралар калыктын саламаттыгынын жогорку деңгээлин жана айлана чөйрөнүн сапатын колдоону өзүнө камтуусу милдеттүү [82].

Өндүрүштө адамдын ордун жана ролун маанилүү өзгөрткөн түздөн түз өндүрүштүк күчкө илим ээ болгон коомдун өнүгүүсүндө илим жана техника тууралуу түшүнүктөрдү кардиналдык өзгөрткөн илимий-техникалык төңкөрүш адамдын эмгегинин мүнөзүн, анын билим берүү системасындагы кесиптик жана гуманитардык даярдоосун белгиледи. «Интернет» деген аталышка ээ болгон персоналдык компьютерлердин жана баарына жеткиликтүү болгон электрондук тармактардын бүткүл дүйнөлүк системасынын негизинде коомдун буга чейин күтүүсүз болгон маалымдануусунун жыйынтыгында адам маалыматтардын чоң көлөмүнө буга чейин болуп көрбөгөндөй ээ болуп, адамдардын жана уюмдардын өз ара аракеттешүүсүнүн сапаттуу трансформациясына алып келген баарлашуунун жаңы ыкмасы пайда болду. Түздөн түз өз ара аракеттешүүнүн реалдуу  чөйрөсү менен биргеликте виртуалдык маалыматтык мейкиндик пайда болуп, өзгөчө бат ылдамдыкта

кеңейтилип, өзүн өзү уюштурулуп турат. Адамзаты үчүн өзүнүн кесепеттери боюнча колоссалдык чоң болгон көрүнүш катары тармактык коомдун тең салмактуу эмес өзүн өзү уюшулуу процесси адамдын жашоо тиричилигинин дээрлик бардык чөйрөлөрүнө маңыздуу таасирин тийгизип, бүгүнкү күндө тармактык экономика, тармактык башкаруу, тармактык укук, тармактык маданият жана башка ушул сыяктуу терминдер таанылып, колдонууга ээ болуп келет. Туруктуу өнүгүүнүн идеяларын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун принципиалдуу жаңы формалары жана каражаттары пайда болуп, ошол эле учурда илимий техникалык төңкөрүш адамзатынын глобалдык көйгөйлөрүнүн комплексин жаратып, алардын чечилүүсүнүн жолдорун издөөгө аракеттерин жасоодо[83].

Жогорудагынын негизинде, социалдык экологиялык системадагы (адамзат – жашоо чөйрөсү) глобалдык коопсуздукту камсыз кылуу жана бул системанын бүгүнкү абалынын биочөйрөнүн жакшыртылган абалына башкарылган түрдө өтүүсү менен түшүндүрүлгөн глобалдык экологиялык өнүгүүнүн системасынын башкарылуусу актуалдаштырылып, ошону менен биргеликте экологиялык коопсуздуктун актуалдуу параметрлери өткөөл процессинин башынан аягына чейин мүмкүн болгон көрсөткүчтөрдүн чегинен чыкпоосу милдеттүү болуп эсептелет. Анткени глобалдык экологиялык коопсуздук көйгөйлөрү функциялоонун эмес, өнүгүүнүн көйгөйлөрү болгондуктан, биочөйрөнүн жакшыртылган абалына өтүү процесси кардиналдык түзүмдүү фукнционалдык өзгөрүүлөрдүн ишке ашуусу менен аныкталат. Ошол эле убакытта биочөйрөнүн чөйрөсүнүн жакшыртылуусунун уюштурууччулук процессинин туруктуулугун камсыз кылууну анын бузулуучу көрүнүштөрүсүз акырындык менен өтүүсүн кепилдөө менен ишке ашыруу милдеттүү. Уюштурууччулук процесстин башкарылуусу эволюцияланган өзүн өзү уюштуруунун жыйындысынын максатка багытталган

синхрондошуусу жана активдешүүсү катары жыйынтыгына ээ болгон ички өзүн өзү уюштурулуусунун тенденцияга ээ болгон системаны иштеткен башкаруу таасирдөөсүн жараткан учурда башкаруунун жаңы түрүн түзүү зарылчылыгы пайда болот. Аларга уюштуруучулук жетишкендиги боюнча түрдүү даражага ээ болгон глобалдык социо-экологиялык системанын системачалары кирет. Ошону менен биргеликте, башкаруучулук таасирдөөлөр оптималдуу болуп, тигил же бул өлкөнүн өнүгүүнүн экономикалык деңгээлине, улуттук, диний жана башка өзгөчөлүктөрүнө жооп берүүсү зарыл. Тең салмактуулуктун жок болуусу шартында глобалдык деңгээлде стратегиялык башкаруудага катачылыктар чоң кооптуулукка ээ болуусу тууралуу эскертүү керек, себеби адекваттуу эмес башкарууда басымдуулукка ээ болгон катастрофалык багытка ээ болгон эволюциялык эмес конкуренция жараткан жаңы түзүмдөр дайыма бар болуп, бул чөйрөдө орун алып келет[84, 92б.].

Берилген багытта чогулан жетектөөчү жоболор тигил же бул чөйрөдөгү баштапкы чекит болуп, социалдык укуктук маңыз болуп саналат. Мындай мазмун менен экологиялык аспектиде коопсуздук мазмундалып, анын маңызы мамилелерди аныктоо жана жөнгө салуу болгон нормаларда камтылган коомдогу көз караштарды берүүдө. Жогорудагынын негизинде коопсуздук экологиялык багытта адептик баштоолорго жана кабыл алынган маанилүү укуктун актыларына таянуусу зарыл. Бул болсо кооптуу жаратылышты колдонуу ойлору бардык өткөрүлүп жаткан иш чаралардын мазмунунда болуп, саясий дүйнө таанууда чагылдырылышы керек.

Мамлекеттин жашоо тиричилиги түздөн түз маңыздуу учурларга болгон иштелип чыккан көз караштарга баш ийип, бул учурда экологиялык татаалдануу адамдын белгилүү территориядагы баштоосунун ишмердүүлүгүнүн менен байланышкан жашоо тиричилигине таасирин тийгизет.

Мындай ойдо мындай ишмердүүлүктүн социалдык саясий натыйжасы болгон коомдук мамилелердин көрсөтүлгөн чөйрөсүндөгү мамлекеттин жана коомдун ишмердүүлүгүнүн максаты мазмундалуусу керек. Мамлекеттин экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча негизги оюун түзгөн башка түзүмдүү бөлүктөрү катары белгилүү аны курчаган биологиялык жана антропогендик чөйрөдө коомдун нормалдуу иштөөсүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттик ишмердүүлүктөн принциптери эсептелет. Ишмердүүлүктүн тандалган багыттарынын катышуучулары системаны калыбына келтирүү жана орнотуу боюнча индивиддердин жашоосуна кооптуу тоскоолдук жаратып, бүтүндөй организмдин бузулуусуна жана өзүн өзү жөнгө салуусундагы токтоп калууга алып келген экологиядагы стабилдүүлүктүн бузулуусуна өбөлгө болгон терең кийлигишүүнү жаратат[85, 15б.].

Белгиленгенден сырткары адамдын жашоосуна жагымдуу болгон шарттарды түзүү менен байланышкан анын кызыкчылыктарына тиешеси бар мындай багыттарды камтыган объектилердин коопсуз бар болуусу үчүн маанилүү шарттарды түшүндүргөн баалуудан азырак баалууга болгон тепкичтерге бөлүнүү болгон коопсуздуктун экологиялык түшүнүлүүсүн жана курулуусун эске алган кээ бир адистердин көз караштар жок эмес. Бул шарттар саясатта бардык чөйрөлөрдүн коопсуздугуна багыт алган заманбап мамлекеттик түзүлүштүн туруктуу өнүгүүсү менен байланышкан биринчи негиз катары эске алынат. Ага ылайык жасалып жаткан укуктук, методологиялык башкаруучулук, экономикалык, экологиялык билимдик жана башка чаралар адамдын жашоо тиричилигинин кооптуулугунун алсыздаганына жана азайганына байланыштуу өзгөчө курч зарыл болууда. Ошондуктан чаралардын бардыгы өзүнүн багыты катары туруктуулукту сактоону, жакырчылыктан жана өлүмдөн коргоону эсептейт, башкача айтканда коопсуздук шарттарын түзүүгө максатталат[86, 20-23б.].

Ошондой эле аталган багыттардын бары толук түрдө мазмунуна экологиялык коопсуздуктун өз алдынча багыты катары кире албагандыгын белгилеп кетүү зарыл, анткени алардын көпчүлүгү бул суроонун ченемдик аспектилерин, аныкталган талаптарды жана приемдорду жөнгө салган жана алардын аткарылуусун аныктаган объектилердин кооптуулугун азайтуу боюнча уюштуруучулук приемдорду өзүнө камтыйт. Коопсуздукту камсыз кылуу системасы жана коркунучтарга каршылык көрсөтүү чараларынын комплекси болгон экологиялык коопсуздуктун концепциясынын мазмунуну бөлүктөрү экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу концепциясына кирген нормативдик укуктук уюштуруучулук, регулятивдик жана процедурдук процессуалдык эрежелери болуп саналат.

Мамлекеттин улуттук саясатынын биринчи даражадагы көйгөйлөрүнүн бирин айлана чөйрөнүн, өзгөчө өнөр жай өндүрүшүндө, абалынын начарлоосуна түздөн түз таасирин тийгизген антропогендик бардык чөйрөлөрдө көзөмөл жүргүзүү көйгөйү эсептелет. Ошону менен биргеликте бул жерде маанилүү ролду маңызы боюнча чарбалык ишмердүүлүктүн жүргүзүлүүсүнүн негизги эрежелерин бекиткен, бирок тажрыйбада экологиялык мыйзамчыгаруучулуктун аткарылуусу төмөнкү деңгээлде болгон мамлекет тарабынан кабыл алынып жаткан укук чыгаруучулук чаралардын натыйжасыздыгы ойнойт.

Экологиялык саясаттын экологиялык коопсуздук концепциясында өзүнүн мазмунун толугу менен чагылдырылгандыгы тууралуу сөз так болбойт, анткени экологиялык коопсуздук концепциясынын маңызы болуп нормативдик укуктук белгиге ээ болгон экологиялык саясат эсептелет. Ага ылайык, экологиялык коопсуздук концепциясынын иштелип чыгуусу өлкөнүн экологиялык экономикалык жана социалдык өнүгүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Экологиялык коопсуздуктун адамдын, коомдун, мамлекеттин

жашоого маанилүү болгон кызыкчылыктарын коргоонун расмий принциптери, методдору жана механизминин жыйындысы аны аныктайт. Иделогиялык түшүнүүдө экология менен байланышкан маселелер адамдын кызыкчылыгы үчүн алардын толугу менен чечилүүсү үчүн коомдун өзүнө бар болгон иштелмелердин жана жоболордун аткарылуусун камсыз кылууну жүктөйт жана ошол эле учурда буларды аткарбаган учурда ал үчүн жоопкерчиликти ишке ашырууну талап кылат [85, 15б.].

Юридикалык илимде экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун концепциясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарылдыгы негиздөө боюнча аракеттер жасалууда, аны менен биргеликте, экологиялык коопсуздук концепциясын иштеп чыгуу зарылдыгына таасирин тийгизген төмөнкү факторлор белгиленет. Анын жарытылышты коргоо көйгөйлөрүнө адамзатынын жашап кетүү көйгөйлөрүнүн маанилүүлүгүн бергендигин белгиленип, бар болгон жана келечектеги экологиялык коркунучтардын олуттуулугун чагылдырып, экологиялык көйгөйлөрдү коопсуздук маселелерине салттуу берилген саясий приоритеттин жогорку даражадагы деңгээлге айландырат. Андан сырткары, анын ресурстардын кайрадан бөлүшүүсүнө өбөлгө жаратып, жаратылышты коргоо көйгөйлөрүн чечүүгө мүмкүнчүлүк бергендиги белгиленет[87, 107б.].

Экологиялык өнүгүүдөгү коопсуздук алсыз экономиканын деңгээлин токтотуп, жетиштүү эмес техникалык өнүгүүгө, жана ошондой эле бул суроолордун эл аралык деңгээлде алсыз жөнгө салынуусуна, илимий башкаруунун уюшулуусунун жоктугуна алып келген шарттардын жана жашоо үчүн тийиштүү ядро болгон ички жана сырткы багыттарда аныкталган бутактары боюнча заманбап ар бир мамлекеттин саясаты айкалышкан жай болуп эсептелет, жаратылыштык техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жок кылуу чөйрөсүндөгү жагымсыз тенденцияларга социалдык укуктук каршылык көрсөтүү системасын

иштеп чыгуу формасында мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдерде коомдук экологиялык процесстердин илимий башкарылуусун уюштурууну талап кылат.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу концепциясын реалдуу жашоонун түшүнүгүнүн белгилүү ыкмасы, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу суроосу бобюнча жетектөөчү идея, негизги көз караштыкорголуунун мүмкүн болгон деңгээлин уюштуруу тууралуу негизги талкуулар. Бардык чөйрөлөрдө, анын ичинде экологиялык, коопсуздуктун каралып жаткан белгилерин жана бар болгон өзгөчөлүктөрүн белгилеп кетүү зарыл. Анын мүнөздөө менен алгач социалдык чындыктын абалын жана жоболорун, жана ошондой эле каалабаган кооптуулуктун мүмкүн болгон кесепеттерин жокко чыгаруу үчүн каржылык салымдарды талап кылган алсыз багыттардын экологиялык эсебин эске алуу менен мамлекеттин тандалган багыты менен бекемделелгн укуктук түзүмүнө ээ болгон документке токтолуп кетүү зарыл. Андан кийин анын социалдык саясий жана нормативдик укуктук мазмундан түзүлгөндүнүн көрсөтүү зарыл жана ал өлкөнүн калкынын жашоо чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатта камтылган анын саясий программалык маанисин тастыктайт. Жогоруда көрсөтүлгөндөй мамлекеттик саясат ишмердүүлүктүн түрдүү багыттарын өзүнө камтып, коомдун мүчөлөрүнүн түрдүү кызыкчылыктарын жана керектөөсүн камсыз кылат. Бул жерде көп аспектилүү коопсуздуктун маселелери, анын ичинде экология багытындагы ишке ашыруу, чогулган.

Мамлекеттин башкаруу мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүдө, коомдук көрүнүштөрдү социалдашуу жана жөнгө салынуу даражасын көтөрүүдө маанилүү орун туруктуулукту, жаратылышты коргоо түзүлүшүндө коопсуз бекемдикти сактоо, айлана чөйрөнүн бар болуусу үчүн жагымдуу жана зарыл болгон шарт үчүн керектүү жагдай катары бул процесстердин тартибине жана башкарылуусуна ээ. Ошондуктан коопсуз жана жагымдуу

шарттарды түзүү жалпысынан саясатта кабыл алынган ири багыттарда, мамлекет тарабынан пландаштырылган жана ишке ашырылган иш чараларда чагылдырылат. Коопсуздуктун экологиядагы башка түшүнүлүүсү катары анын кандай жол менен аткарылуусу жана камсыздалуусу ишке ашкандагы эсептелет. Бул жерде коопсуздук боюнча бутакталган укуктук мамилеге ээ болгон жаратылышты коргоо секторундагы укуктук тартип менен байланышкан шарттарды сактоо боюнча укуктук жөнгө салынуу туура ыкма болуп саналат. Ошону менен биргеликте бул багытта укуктук тартип анын маңызын түзгөн кабыл алынган нормаларга таянат, ал эми уюштуруунун жүрүшүндө ишенимдүү жана каалаган шарттарды түзүүдө көптөгөн катышуучулардын ортосундагы мамиле анын сырткы абалын түзөт. Укуктук тартип бул түшүнүктө бул абалга терс таасирин тийгизген тыюу салынган жана каалабаган аракеттерди аныктоо менен гана эмес, ошондой эле анын сакталуусу боюнча бекитилген милдеттерди бузуу учурунда жоопкерчиликти аныктоо жоу менен аткарылган коопсуз шарттарды түзүүгө чындыгында таасир тийгизе алган маанилүү бирдиктүү абал катары кабыл алынат. Талдоо көрсөткөндөй жашоо үчүн коопсуз шарттары түзүлгөн абал албетте көрсөтүлгөн укуктук талаптарды аткаруу боюнча милдеттенмелер менен байланышуусу милдеттүү, ошону менен бирге болгон өз ара байланышы концепциянын кармоо режиминин кээ бир элементтерин камтыгандыгында жана экологиялык мыйзамчыгаруучулуктун түшүнүк аппаратынын өнүгүүсүнүн жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун административдик укуктук режиминин нормативдик укуктук негиздирен түзүүнүн саясий укуктук негизи болуп эсептелгендигинде[88, 155б.].

Системанын логикасынын адекваттуу түшүнүүсүнө ээ болгон экологиялык өнүгүүнүн глобалдык башкаруусунун жаңы ыкмасын иштеп чыгуунун зарылдыгы, бул системанын иштөөсүн жана өнүгүүсүн

натыйжалуу башкаруусу төмөнкүлөрдүн аткарылуусун талап кылат: глобалдык социо-экологиялык системанын абалын жана анын критикалы абалга (дүйнөлүк катарстрофага) жакындоосунун даражасын ар тараптуу изилдөө үчүн глобалдык социо-экологиялык системанын же адамзатынын жашап кетүүсүнүн коопсуздугун камсыз кылуунун системалык программасын иштеп чыгуу үчүн эң жакшы илимий потенциалдык чакыруунун зарылдыгын жараткан тилдин жогорку логикалык деңгээлин жана башкаруу системасынын жакшыртылуусун; «жашап кетүү» концепциясын түзүү жана анын негизинде максаттык көйгөйдү чечүүчү глобалдык социалдык экологиялык системанын абалын иштеп чыгуу, анын тепкичтик иштелген көрсөткүчтөр түрүндөгү бүтүндөй курулуусу; алсызданган көрсөткүчтүн жакшыртылгын абалга заманбап методдорду кийирүү жолу менен акырындык менен өтүүнүн тактикалык курулуусун иштеп чыгуу.

Глобалдык катастрофанын болуусунун мүмкүнчүлүгү тууралуу изилдөөнүн жүргүзүлүүсүнүн тактыгынан жана тууралыгынан дүйнөлүк коомчулуктун аракеттеринин планын иштеп чыгуу көз каранды болгондугун белгилеп кетүү зарыл, ошол себептен системанын максаттуу келечектеги абалы тууралуу так айкын жетиштүү маалыматтарсыө натыйжалуу башкаруунун ишке ашыруу мүмкүн эмес, ал үчүн мындан ары коомдун кеңири катмары тарабынан конкреттүү практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу максатында дүйнөлүк илими коомчулукту негизинен даярдоого кошуу менен анын концептуалдык жоболорун иштеп чыгуудан башталган моделдөөнүн негизинде ишке ашат. Жашап кетүү боюнча эксперттик коом тарабынан иштелип чыккан программалар калктын түрдүү топтору тарабынан талкуулануга багытталып, андан соң программанын илимий негизделген варианты дүйнөлүк илимий коомчулуктун кароосуна, башкаруунун деңгээлиндеги вариант саясатчылардын, ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрүндө чечим кабыл

алган адамдарга соттоого кароосуна берилип, мындан соң программанын варианты массалык маалымат каражаттарында коомчулуктун ой пикирине экологиялык кооптуулук тууралуу маалымдоо, бул көйгөй боюнча коомдун көз карашын байкап билүү, бул суроолордун чечилүүсүндөгү кайтарылган байланышты жана кызыктар болууну алуу максатында таркатылат. Өз убагында жана кеңири масштабда болгон жана жакшы натыйжага алып келген ыкма бул адамзатынын жашап кетүүсүнүн жана туруктуу өнүгүү концепциясынын өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү боюнча интернет форумдарын уюштуруу.

Экологиялык коопсуздукту жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу чөйрөсүндөгү эл аралык документтердин ролун белгилеп кетүү абзел, анткени алардын институционалдык шарттарды түзүүсүсүз натыйжалуу башкарууну жана ийгиликтүү глобалдык коопсуздукту ишке ашыруу, анын ичинде экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө заманбап стратегиялык ыкмалардын калыптануусунун улуттук-мамлекеттик жана глобалдык деңгээлдерде шартталган айлана чөйрөгө басым жасаган жаңы, экологиялык натыйжалуу институционалдык шарттардын түзүлүүсү боюнча эл аралык келишимдерди жана конвенцияларды иштеп чыгуу, процесстерин аткаруу кыйын болуп эсептелет.

Туруктуу өнүгүүнүн концепциясы[89] эл аралык коомчулук тарабынан жарыяланып, таанылып, бүгүнкү күндө жаратылышты коргоо ишмердүүлүгү менен социалдык экономикалык чөйрөнүн ортосундагы тыгыз өз ара байланышты эске алган жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоо тармагындагы эл аралык жана улуттук саясатты иштеп чыгуу үчүн концептуалдык база болуп эсептелип, Бириккен Улуттар Уюмунун климаттын өзгөрүү боюнча Чектөө конвенциясы[40] парниктик газдардын чыгарылуусун башкаруу чөйрөсүндөгү саясаттын негиздерин камтып, жалпы негиз салган жоболор камтылып, глобалдык климаттын өзгөрүүсүнүн көйгөйлөрү боюнча эл аралык келишимдердин кабыл

алынуусунун кеңири ачыкталган негиздерин белгилеген, туруктуу өнүгүүнү жана климаттын өзгөрүүсүнүн көйгөйлөрүн чечүү боюнча ишмердүүлүктү камсы кылуу боюнча дүйнөлүк коомчулуктун аракеттеринин системасындагы маанилүү саясий документ болуп эсептелет.

БУУнун айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча конвенциясынан[90] кийин жаратылышты коргоо лексиконунда Туруктуу өнүгүүнүн концепциясы маанилүү орунду ээлеп, биричи аныктамасы боюнча туруктуу өнүгүү азыркы муундун жашоосуна маанилүү болгон керектөөлөрдү мындай мүмкүнчүлүктөн келечектеги муунду кур калтырбоо шартында канааттандыруу аркылуу ишке ашкан алдыга жылуунун моделин түшүндүрөт. Кеңири маанисинде туруктуу өнүгүүнүн стратегиясы адамдар, коом жана жаратылыш ортосундагы гармонияга багытталган[91].

Цивилизациянын өнүгүүсүнүн модели катары Туруктуу өнүгүүнүн концепциясы азыркы муундун жашоосуна маанилүү болгон керектөөлөрдү мындай мүмкүнчүлүктөн келечектеги муунду кур калтырбоо шартында социалдык экономикалык көйгөйлөрдүн чечилүүсүнүн жана айлана чөйрөнүн сакталуусунун ортосундагы дүйнөлүк балансты камсыз кылуу зарылдыгынан келип чыгып отурат. Бул документтин кабыл алынуусу илимий техникалык прогресстин негативдүү кесепеттери менен чакырылган, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө калктын өтө тез темпте өсүүсү менен күчөтүлгөн айлана чөйрөнүн деградациялоосунун жалпы планетардык коркунучу менен шартталып, жаратылыштын, адамдын жана коомдун ортосундагы дисбалансты оордотуп келет. Ошону менен биргеликте, туруктуу өнүгүүнүн жолуна түшүү улуттук мамлекеттик кызыкчылыктар жана дүйнөлүк коомчулуктун кызыкчылыктары, кээ бир өлкөлөрдүн жана региондордун кызыкчылыктары, туруктуу өнүгүүнүн талаптары жана трансулуттук

корпорациялардын ортосундагы тамырдуу карама каршылыктарды чечүү же болбосо жумшартыы менен байланышкан, ошондуктан мындай өзгөрүү жаңы ресурстарды сактаган жана экологиялык таза технологияларды өнүктүрүүнү өзүнө камтыган жаратылышты коргоону жөнгө салган натыйжалуу механизмдердин түзүлүүсүн талап кылат.

Ошондой эле БУУнун айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча конференциясында биздин цивилизация тарабынан туруктуу өнүгүүгө жетишүү боюнча негизги принциптер боюнча мамлекеттердин милдеттенмелерин жарыялаган Декларация кабыл алынган[31].

Кыргыз Республикасы эл аралык конвенцияларга (БУУнун чөлдөргө айлануу менен күрөшүү боюнча конвенциясы[92], Кооптуу таштандыларды трансчектик ташуу жана аларды жоку кылууну көзөмөлдөө жөнүндө Базелдик конвенциясы[93], жана ошондой эле Биологиялык түрдүүлүк тууралуу конвенцияларга[94] кошулуп, ратификациялаган) кол коюп жана аларды ратификациядан өткөрдү.

Кыргызстанда эл аралык келишимдерге ылайык субрегионалдык (Борбордук Азиялык региондо туруктуу өнүгүү боюнча мамлекеттер аралык комитеттин курамында[95]) жана улуттук деңгээлдерде Өнүгүүнүн комплекстик негиздери[96], 2003-2005-жылдарга Кыргыз Республикасынын жакырчылыгын кыскартуу боюнча Улуттук стратегия (адамдын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылган активдүү экономикалык жана социалдык реформаларды өткөрүү боюнча аракеттердин орто мөөнөттөгү программасы катары) [97] кабыл алынып, 1998-2001-жылдарга Жаратылышты коргоо ишмердүүлүгүн бекемдөө жана өнүктүрүү боюнча концепция (айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн негизги багыттарын аныктаган) [98], Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 23-ноябрындагы Экологиялык коопсуздук концепциясы[57] бекитилип, Туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук кеңеш[99] түзүлгөн жана ошондой эле 2013-2017-жылдар

мезгилине Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы[100] жана башкалар кабыл алынган.

Туруктуу өнүгүү бул адамдын жашоосунун шарттары жакшырган коомдун өнүгүүсү, ал эми айлана чөйрөгө таасирдөө биочөйрөнүн чарбалык тармагынын чегинде кала берүүдө жана адамзатынын иштөөсүнүн жаратылыштык негизи бузулбайт. Туруктуу өнүгүү шартында керектөөлөрдүн канааттандырылуусу келечектеги муун үчүн зыяны жок болуп ишке ашат. Туруктуу өнүгүүнүн концепциясы капиталдык көбөйүүсү жана экологиялык шарттардын жакшыртылуусу менен коштолгон адамзатынын узак мөөнөттөгү прогрессине өбөлгө катары каралат. Туруктуу өнүгүүнүн концепциясы региондун өнүгүүсүн чектик сырткы колдоодо анын кайтарылгыс деградация чөйрөсүнүн абалына өтүү мүмкүнчүлүгүн алдын алып, өзүн өзү уюштуруу түшүндүрөт. Адамзаты үчүн бул концепция экологиялык билимдер жана маалымат менен кеңир алмашуу шартында каржы ресурстарын бай региондордон жакыр райондорго өтүүсүн колдогон бөлүктүк, максатка ылайыктуу ишке ашуусун камтыйт[101].

Туруктуу өнүгүүнүн стратегиясын ишке ашыруунун алкагында Кыргызстан экология маселелерин экономикалык өткөөл процессинин борбордук компоненти жана коомдук саламаттык жана өндүрүш, жаратылыш ресурстарына калыбына келбеген жана кайтарылгыс зыян тийгизүү тобокели жана өнөр жай базасын диверсификациялоо болгон суроолор менен байланышкан калыбына келтирүүнүн пландашылуусунун алкагында суроолорду киргизүүсү зарыл. Экология суроолорунда коомчулуктун маалымдануусун жогорулатуу экологиялык көйгөйлөрдүн чечилүүсүнүн негизги каражаты болуп эсептелип, анын жүрүшүндө ошондой эле маанилүү орунду маалымдануудан аракеттерге өтүү ээлеп, бул мамиледе рационалдык экологиялык саясатты кабыл алуу үчүн маалыматтын жок болгондугу түрүндөгү чектөөлөр жана ошондой эле

экологиялык суроолор тууралуу коомдук маалымдануудан аракеттерге өткөрүү боюнча керек болгон саясий таандуулуктун жоктугу чектөөчү таасирге ээ. Ошону менен биргеликте, экология суроолору боюнча коомдун жетишсиз маалым болуусу жаратылыш ресурстарын булгоо, жок кылып түгөтүү жана деградация түрүндөгү негизги экологиялык көйгөйлөр жыйынтыгы болгон айлана чөйрөгө түйшүк алып келген адамдын ишмердүүлүгүнө алып келет.

Бүгүнкү мезгилде биздин республикабыздагы экологиялык шарттар коркунучтуу түргө айланып, экологиялык көйгөйлөрдү камтып, трансчектик жана глобалдык мүнөзгө ээ болуп, экономикалык өнүгүүнүн азыркы этабында жогоруда аталган көйгөйлөр көңүлдү жана каржылык колдоону талап кылат. Экологиялык инфраструктураны жакшыртуу максатында зарыл болгон инвестицияларды көбөйтүүдөгү кыйынчылыктарды белгилеп кетүү зарыл жана экономикалык жана экологиялык туруктуу негизге өтүү үчүн максатка ылайыктуу, эске алынуучу жана иш ашууга мүмкүн болгон ачык саясатты, пландардын жана программаларды иштеп чыгуу аркылуу түздөө зарыл.

Өзүнүн чечилүүсүн талап кылган көйгөйдү физикалык коопсуздукка, экономикалык ийгиликтүүлүккө жана региондун жакыр калкынын саламаттыгына коркунуч жараткан (жерлердин деградациясы стабилдүү эмес аба ырайынын шарттарынын натыйжасында жерлердин жана суу режиминин түшүмдүүлүгүнүн азаюусу түрүндө) экологиялык деградацияга алып келген айыл жергесинде гана эмес, ошондой эле шаар тургундарынын арасында жакырчылыктын деңгээлинин өсүүсүнүн кесепетинен айлана чөйрөнүн бузулуусу түзөт.

Республикада орун алган ички миграция адамдын өнүгүүсүндөгү дисбалански, кээ бир территориялардын депрессиясына алып келип, Бишкек шаарына жумуш издөө максатында калктын келүүсүн жаратты. Жакырчылык өзгөчө өлкөнүн калкына зыянын тийгизди. Калктын

жашоосунун деңгээлин өлчөөнүн алкагында үй чарбасын социологиялык изилдөө республикабыздын түндүгүнүн 37,5 пайызы жана түштүктүн 65,7 пайызы «жакырлар» категориясына киргендигин көрсөттү. Жалал-Абад жана Ош облустарында үй чарбаларынын 64 жана 66 пайыздан көбү жакырлардын категориясына кирет. Талас облусу – жакырчылыктын даражасы 53,6 пайызга жеткен республикабыздын түндүгүндөгү татаал регион болуп эсептелет. Ал эми Кыргызстан үчүн жакырчылыктын орточо деңгээли жалпысынан 49,2 пайызды түзөт. жакырчылык негизинен айылдык болуп эсептелет, шаардык деңгээлге караганда: ал айыл үй бүлөлөрүнүн 57,8 пайызын жана шаар үй бүлөлөрүнүн 38,9 пайызын өзүнө киргизет[102, 11б.].

Жерлердин деградациясы, чөлдөшүүсү жана кургакчылыгы менен күрөшүүнүн суроолоруна бир эле учурда жакырчылыктын масштабын кыскартууну эске алуу менен көңүлдүн бурулуусун күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар мезгилинде Туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясында айыл чарбасын өнүктүрүү, жерлердин жана айыл территорияларынын деградациясына каршылык көрсөтүү суроолоруна өлкөнүн туруктуулугунун базалык фактору катары биринчи кезектеги көңүл бөлүнгөн. Бул документте бүгүнкү күндө айыл чарба жеринин деградация процесстери өлкөнүн азык түлүктүн коопсуздугуна олуттуу коркунучту жараткандыгы жана экологиялык разряддан Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүнө коркунуч жараткан даражага өткөндүгү белгиленет[100]. Өлкөнүн чөлдөшүү жана кургакчылык менен күрөшүүнүн чараларын ишке ашыруу боюнча милдеттенмелери аткарылып

келип, республиканын башкы программалык документтерине киргизилген, бирок жерлердин, топурактын түшүмдүүлүгүнүн, убакытта жана мейкиндикте климаттын өзгөрүүсүнүн суроолорунун узак убакыттан бери талкууланып келүүсүнө байланыштуу бул суроолор туруктуу жана

көбөйүп келе жаткан режимде өлкөнүн өнүгүүсүнүн узак убакытка болгон стратегияларында жана пландарында каралып келет.

Акыркы он жылдык табигый климаттык шарттар жана адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары эрозия, булгануу, токойлордун кыйроосу, топурактын туздалуусу сыяктуу жердин деградациясынын көйгөйлөр менен айкын белгиленет. Ошону менен биргеликте жайыт запасынын азаюусу, жердин семиртүүсү деңгээлинин начарлоосу акыркы жылдарда байкалууда. Ошондой эле түшүмдүн мол болуусу туура эмес суугаруудан жана суунун бузулуусунун кесепети болуусу мүмкүн. Жердин сапатына жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрүнүн жок болуусу жана азаюусу чагылдырылды. Жердин абалынын начарлоосуна, анын сапаттынын алсыздоосуна алып келген негативдик өзгөрүүлөр сапаттык көрсөткүчтөргө жана мол түшүмдүүлүккө таасирин тийгизип, түшүмдүн азаюусуна, өз баасына туура келбеген аз кирешелерге алып келип, жашоонун төмөнкү көрсөткүчтөрү менен айыл калкынын көбөйүүсүнө алып келди.

Республикасынын жердик ресурстары жетишсиз жана айыл чарба жеринин жана мамлекеттик токой фондунун жерлери өзгөчө чектен ашык эксплуатацияга дуушар жана адамдын таасирдөөсү менен чакырылып, деградация процесстеринин өнүгүүсүндө жана алардын биологиялык жана экономикалык түшүмдүүлүгүнүн азаюусунда чагылдырылат. Ошентип
токойлордун кесилүүсү, сазга айлануу, туздалуу, күнгө дуушар болуп кургоо жана эрозия жыйындысында чарбалыктын жагымсыз социалдык-экономикалык факторлор менен биргеликте жердин биологиялык түшүмдүүлүгүн кескин кыскартып, азык түлүктүн бирдигин алууда жана жердин жогору эмес экономикалык түшүмдүүлүгүн алууга болгон чыгашаларды өсүүсүнө алып келет. Айыл чарба жеринин түшүмдүүлүгүнүн азаюусу региондогу азык түлүк коопсуздугу үчүн

олуттуу коркунучту жаратат. Көп облустарда чектешкен айыл чарба жерлери айыл чарба продукциясынын көлөмүн андан да көп кыскартуу менен өндүрүштөн алып салынган. Акыркы он жылдын ичинде Кыргызстанда 15 пайызга иштетилген жерлердин аянты кыскарган[103].

2000-жылы Кыргызстанда кабыл алынган Чөлдөшүү менен күрөшүүнүн аракеттеринин Улуттук программасы[102, 11б.] жана 2006-2016-жылдарга Жер ресурстарын туруктуу башкаруу боюнча Улуттук чектөө программасы[104] аз түшүмдүү өндүрүшкө, мамилелердин түшүмдүүлүгүн жогорулатууга алып келүүчү жаңы ыкмаларды колдонуунун тажрыйбалуу колдонуусусуз табигый шарттардын жана чарбалык эмес үзгүлтүксүз түрдө жердин колдонуунун натыйжасында анын арыктоосуна алып келген начарлоонун татаал абалына жеткирген жер фондунун этияттык менен колдонуусу менен байланышкан абалдын жакшыртылуусуна арналган. Жогоруда аталган маселелерди ишке ашыруу максатында кабыл алынган Жер ресурстарын туруктуу башкаруу боюнча Улуттук чектик программа республикадагы чөлдөшүүнүн жок кылуу жана анын масштабдарын кыскартуугу багытталып, чөлдөшүүнү кыскартуу боюнча төмөнкү чараларды өзүнө камтыйт:

- жер ресурстарын комплекстик пландоо жана башкарууну киийрүү үчүн потенциал түзүү;
- кайрак жана суугат жерлеринде айыл чарбасын туруктуу жүргүзүү;
- токой ресурстарын туруктуу башкаруу;
- жайыт жерлерин туруктуу башкаруу жана мал чарбачылыгын өнүктүрүү;
- суу жана жер ресурстарын туруктуу башкаруу[104].

2017-жылдын июлунда ПРООН-ГЭФтин «Экологиялык маалыматтын башкарылуусунун жана мониторингинин улуттук системасын жакшыртууну камсыз кылуу үчүн институционалдык жана укуктук потенциалды күчөтүү» долбоорунун колдоосу астында

Кыргызстанда жерлердин деградациясынын нейтралдык балансынын максатын бекитүү боюнча инициативаларды кийирүү жана ишке ашыруу суроолору талкууланган БУУнун чөлдөшүү менен күрөшүү боюнча конвенциясынын ишке ашуу суроолору ведомстволор аралык эксперттик топтун бешинчи отуруму орун алган[105].

Адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө кездешкен жана айлана чөйрөнүн бардык компоненттерине (жерге, абага жана суу ресурстарына) таасирин тийгизген айлана чөйрөнүн корголуусунун негизги суроолору болгон таштандыларды өндүрүү, сактоо, кайрадан иштетүү жана утилдешүү менен байланышкан экологиялык көйгөйлөрдүн комплекстик мүнөзүн эске алуу менен Кыргызстан Кооптуу таштандыларды трансчекти ташуунун жана аларды жок кылуунун үстүнөн көзөмөл жүргүзүү тууралуу Базелдик конвенциясына кошулган[106]. Республикадагы таштандыларды башкаруу менен байланышкан көйгөйлөрдү талдоодо республиканын территориясынын көпчүлүк бөлүгү бийик тоолуу экологиялык системаны
түзгөндүгүнө жана алардын жаратылыштык жана адамдын таасирдөөсүнүн астында өзгөчө аярлуу болгондугуна жана ошондой эле жер титирөө, жер көчкү, сел жүрүү, ташкындоо, суу ташкынында суунун жайылып кетүүсү, нормадана ашык нымдашуу, таштардын түшүүсү, кар көчкү сыяктуу табият кырсыгына көп ээ болуп келгендигине өзгөчө көңүл бөлүү зарыл. Таштандыларды башкаруунун жөнөкөй көйгөйлөрүнөн сырткары региондо советтик тоокен иштетүүчү жана тоокенин кайрадан иштетүүчү өнөр жайынан калган таштандылардын көйгөйлөрү бар, ошого байланыштуу Кыргызстанда полиметаллдардын жана радиоактивдүү кендердин кайрадан иштетилүүсүнүн таштандыларынын сактагычтарынын чоң көлөмү, жогорку сейсмологиялык көрсөткүчтөргө жана активдүү жер көчкү процесстерине ээ болгон райондордо жайгашкан сактагычтардын бузулуусунун кесепетинен мүмкүн болгон экологиялык

катастрофалардын туруктуу дайыма коркунучу бар. Мындан сырткары мындай коркунуч Кыргызстан менен чектешкен республикалардын коңшулаш территорияларга да таралуусунун экологиялык катастрофасынын потенциалдык мүмкүнчүлүгү орун алып келет.

Аталган экологиялык көйгөй төмөнкүлөргө багытталган тез арадагы зарыл чаралардын кабыл алынуусун талап кылат: таштандыларды башкаруу (саясатты жана укуктук жөнгө салууну аныктоо); экологиялык таза өндүрүштүн (технологиялардын) борборлорунун ишмердүүлүгүн колдоо; таштандылардын жайгашкан участкаларын инвентаризациялоо; таштандыларсыз жана аз таштанды чыгарган өндүрүштү кийирүү; тоокен өнөр жай жана энергетикалык сектордун таштандыларын утилдөөнүн заманбап методдорун колдонуунн кеңиртүү; катуу тиричилик таштандыларын чогултуунун жана кайрадан иштетүүнүн системасын уюштуруу; уулуу таштандыларды зыянсыздандыруунун жана кайрадан иштетүүнүн технологияларынын иштетилүүсүн жана кийирилүүсүн камсыз кылуу; утилдөөгө дуушар болбогон таштандыларды көмүүнүн борборлоштурулган участокторун түзүү; таштандылардын жылуусунун регионалдык каттоосун жүргүзүү.

Дүйнөлүк коомчулук тарабынан талкууланып келлген маанилүү багыттардын бирин биотүрдүүлүктүн кайтарылгыс жоголуу коркунучу түзүп, тоолуу экосистемага адамдын ишмердүүлүгүнүн кийлигишүүсүнүн да таасирин тийгизген өсүмдүктөрдүн кайрадан жаралуусу, алмашылуусу жана түрүнүн өзгөрүлүүсүнүн натыйжасында мал багуу үчүн территориялардын токтобогон кеңейүүсүнүн эсебинен айдоо жерлери кыскартылууда, анын натыйжасы катары чөлдөшүүгө алып келет. Бул процесстердин башка аргасыз натыйжасын тоолордун үстүнүн гидротермалдык режиминин олуттуу өзгөрүү, калыбына келүүчү суу ресурстарынын түгөнүүсү жана жаратылыш катастрофаларынын кооптуулугунун өсүүсү түзөт. Кыргызстанда биотүрдүүлүктүн абалына

таасир көрсөткөн жаратылыш факторлорунун ичинен биологиялык жандыктарды, коомчулуктарды экстремалдык жашоонун шарттарына койгон узак убакыттан бери улантылып келген климаттын өзгөрүүсүн жана чөлдөшүүсүн белгилеп кетүү зарыл. Чөлдөшүү өсүүчү катмарынын түшүмдүүлүгүнүн жок болуусуна – жашоонун кайрадан өндүрүүнүн негизин жоголуусуна алып келет. Ареалдардын бөлүнүүсү жана кыскаруусу, өлүп жоголуунун чегинде турган көптөгөн түрлөрдүн санынын жана көбөйүүсүнүн кыскаруусу орун алып келет[57].

Акыркы убакытта бүткүл дүйнөлүк коомчулукка реалдуу коркунучту генетикалык өзгөртүлгөн организмдердин жана азык түлүктөрдүн таркатылуусу түзгөндүгүн эске алуу менен 2005-жылы Кыргыз Республикасы Биокоопсуздук боюнча Картахен протоколуна[107] кошулуп, ага кол коюу Кыргыз Республикасы үчүн генетикалык өзгөртүлгөн организмдердин жана азык түлүктү трансчектик жылдыруу менен байланышкан ишмердүүлүктү жасоого; алардын өлкөгө киргизүүнү болтурбоо боюнча иш чараларды аткарууга; изилдөө иштеринде жана илимий техникалык иштелмелерди жасоодо жана ошондой эле биотехнология чөйрөсүндө маалымат алмашууда өз ара жардамды өзүнө камтыган тыгыз эл аралык кызматташтыкты камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет[57].

Ошентип, жогоруда айтылган биздин мезгилдин маанилүү өзгөчөлүгүн негизги керектөөгө кирген жана адамдын жашап кетүүсү менен түздөн түз байланышкан экологиялык коопсуздуктун камсыз болуусунда адамдын керектөөсүнүн пайда болуусу жана калыптануусу түзөт. Бүгүнкү мезгилде белгиленген тенденция заманбап коомдун баалуулуктар системасынын өзгөртүлүүсүнө алып келген, чарбалык жана маданий жашоонун экологиялык жөнгө салынган өтүүсүн ишке ашырган коомдун жашоосунун бардык багыттарын экологиялаштыруу үчүн негиз түзгөн укуктук жана формалдык эмес институционалдык өзгөрүүлөрдүн

чакырылуусун өзүнө камтыган адамдын керектөөсүнүн бардык түрдүүлүгүн маңыздуу трансформацияга алып келүүсү милдеттүү.

БУУнун айлана чөйрө жана өнүгүү боюнча документтери Кыргыз Республикасында бизди курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн жөнгө салынуусунун табигый механизминин бузулуусун чечилүүсүнүн алкагында

ишке ашкан азыркы жана келечектеги муундун адамдарынын керектөөсүн канааттандыруу максатында социалдык-экономикалык маселелердин жана жагымдуу айлана чөйрөнүн жана жаратылыштык ресурстук потенциалынын сакталуусунун көйгөйлөрүнүн балансталган чечилүүсүн камсыз кылган туруктуу өнүгүүгө ырааттуу түрдө өтүүнү ишке ашырууну мүмкүн болуусуна жол берип, адамдардын жашоосунун сапатынын жакшыртылуусу биочөйрөнүн чарбалык көлөмүнүн мүмкүн болгон чектеринде камсыз болот.

## 2.2. Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун камсыздалуусунун укуктук негиздери

Кыргыз Республикасы глобалдык жана регионалдык деңгээлдерде экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө, бисферанын функцияларын колдоодо республиканын территориясында планетанын биологиялык түрдүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү менен көрсөтүлгөн түрдүү жаратылыштык экологиялык системалар отурукташкандыгына жана жаратылыш системасын сактоо жана айлана чөйрөнүн тийиштүү сапатын колдоо шарттарынан калктын жана ошондой эле экологиялык коопсуздуктун жашоосунун жана саламаттыгынын сапаты көз каранды болгондугуна байланыштуу өзүнүн олуттуу салымын киргизип келет. Ошону менен биргеликте жаратылыш системаларын сактоо жана кайрадан жандандыруу, айлана чөйрөнү коргоого жана жаратылыштык ресурстарын рационалдык колдонууга багытталган экология чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгып, ирээти менен ишке ашыруу боюнча аракеттер мамлекет үчүн өзүнүн туруктуу өнүгүүсүнө жетүү үчүн приоритеттүү багыттарды түзүүсү абзел.

Бүгүнкү мезгилде Кыргызстандын экологиялык саясаты адамдын жана жаратылыштын ортосундагы карым катнаштын өзгөчөлүктөрүн, жаратылыш ресурстарынын экономикалык баалуулугун, айлана чөйрөнүн деградациясына алып келүүчү факторлорду экономикадагы ресурстарды табуучу жана ресурстарга бай секторлордун басымдуулугу катары жеңүүгө болгон аракеттерди колдонууну, жаратылыш ресурстарын колдонуудагы жашыруун экономиканын жогорку ордун, экология чөйрөсүндөгү республиканын калкынын маданиятынын төмөнкү деңгээлин эске алуу менен курулуп келет. Мамлекеттин экология чөйрөсүндөгү саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына,

айлана чөйрөнү сактоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдык колдонуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана башка нормативдик укуктук актыларга жана ошондой эле Кыргызстандын эл аралык келишимдерине негизделген. Бул жерде экология чөйрөсүндөгү илимий билимдердин маанилүүлүгүн жана фундаменталдуулугун жана чектеш илимдердин доктрина катары ордун БУУнун туруктуу өнүгүүсүн жана экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча суроолору боюнча конференцияларынын жана саммиттеринин сунуштарын эске алган биздин мамлекеттин идеологиясын билдирген мамлекеттик саясаттын негизги маселелерин жана принциптерин аныктоочу механизм катары болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Экология жаатында мамлекеттин, коомдун жана инсандын кызыкчылыктарынын бири бирин толуктаган мүнөзүн белгилейбиз, ошондуктан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 48-беренесинде[108] белгиленген ар бир адамдын айлана чөйрөгө, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнө болгон этияттык менен мамиле кылуу милдети ар бир инсанга даректелип, бул болсо ал жерде камтылган кызыкчылыктын жалпылыгын жокко чыгарбайт жана бүгүнкү күндө адамзатынын жашап кетүүсүнүн жана өз алдынча болгон инсандын, жарандардын жана жалпысынан коомдун экологиялык укуктарын камсыз кылуунун көйгөйлөрү буга чейин болуп көрбөгөндөй актуалдуулукка ээ.

Жогоруда айтылгандай, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу заманбап мамлекеттин өнүгүүсүнүн алдыңкы багыты болуп эсептелип, экологиялык чөйрөдөгү коопсуздук ажырагыс түрдө жүргүзүлүп жаткан экономикалык, социалдык, маданий билим берүүчүлүк, идеологиялык саясат менен байланышта болуусу милдеттүү. Бүгүнкү күндө экологиялык коопсуздукту укуктук камсыз кылуу суроолору, ишке ашырылуусунун негизи рационалдык жаратылышты коргоо жана айлана чөйрөнү коргоону нормативдик укуктук камсыз кылууну жакшыртуу болгон жаңы

уюштуруучулук укуктук чаралардын системасы актуалдуу болуп саналгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Биздин өлкөбүздүн экологиялык коопсуздуктун өсүп келе жаткан көйгөйлөрү чоң мааниге ээ болду. Экологиялык коопсуздуктун абалына негативдик таасирди минералдык сырьелок, суу жана биологиялык ресурстарынын запасынын азаюусу, жана ошондой эле экологиялык жагымсыз региондордун азаюусу тийгизет. Бул санитардык эпидемиологиялык жана санитардык гигиеналык стандарттарды бузууну камтыган экологиялык баланстын бузуусуна ишмердүүлүгү алып келген кооптуу өндүрүштөрдүн маанилүү санынын сакталуусу менен оордошот. Өлкөнүн маанилүү минералдык сырьелук ресурстарынын запастарынын жоголуусунун стратегиялык тобокелчилиги жогорулап, көптөгөн стратегиялык маанилүү пайдалуу кен байлыктарынын алынуусу төмөндөйт. Бул коркунучтарды жок кылуу үчүн бекем укук негиз талап кылынат.

Бүгүнкү күндө экологиялык коопсуздукту укуктук камсыз кылуунун түзүлүү стадиясында болгондугун констатациялоого аргасыз болуудабыз. Жаратылышты коргоо багытында коопсуз ишмердүүлүктүн маңызын түшүндүрүү зарылчылыгынан келип чыккан аткарылып жаткан аракеттер жашоого жагымдуу болгон жаратылыштын жана шарттардын сакталуу максатын көздөйт, ошого байланыштуу адамдардын жашоосу үчүн керектүү болгон сапаттуу чөйрөнү камсыз кылуу үчүн ишмердүүлүктүн бардык багыттарын бириктирген ичинде укуктук болгон каражаттарды аныктап, иштеп чыгуу маанилүү.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мамилелер болуп айлана чөйрөгө зыяндуу таасирин тийгизген жана айлана чөйрөнүн сапатынын мүмкүн болгон нормативдерин бузууга алып келген же бузуунун кесепетинен адамдардын жашоосуна жана саламаттыгына жана айлана чөйрөгө кооптуулукту жараткан чарбалык же башка ишмердүүлүктүн аткарууда пайда болгон айлана чөйрөнү жана

жаратылышты колдонууну коргоо боюнча коомдук мамилелер эсептелет. Ошону менен биргеликте, жагымдуу айлана чөйрөгө болгон укук калктын тийиштүү жашоо сапатын камсыз кылууга багытталган фундаменталдык укук болуп саналат. Бул укуктун ишке ашуусунун түзүмдүү элементи болуп рационалдуу жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоо эрежелерин сактоого негизделген экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу эсептелет. Бирок рационалдуу жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоо субъективдик экологиялык укукту ишке ашыруунун ыкмасы гана эмес, ошондой эле улуттук коопсуздуктун ажырагы бөлүгү катары каралуусу зарыл. Ошого байланыштуу, бул мамилелерди жөнгө салган укуктук актылардын натыйжалуу системасын түзгөн рационалдык жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоону нормативдик укуктук камсыз кылууну жакшыртуу өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Акыркы мезгилдерде рационалдык жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоону нормативдик укуктук камсыздоону жакшыртуу суроолору активдүү түрдө талкууга алынып, бирок көрсөтүлгөн чөйрөдөгү практикалык чечимдер так системалык мүнөзгө ээ эмес.

Жарандардын, коомдун жана мамлекеттин экологиялык коопсуздугу антропогендик ишмердүүлүктүн же атайын экологиялык диверсиялардын жасалуусунан же көзөмөлдөнбөгөн жаратылыш көрүнүштөрүнөн жана табият кырсыктарынын натыйжасында булганган жаратылыш объектилеринен келип чыккан коркунучтардан, жана ошондой эле жаратылыш объектилерин жок кылуу, бузуу менен шартталган, башкача айтканда коомдун жана мамлекеттин жаратылыш ресурстары менен камсыздалбагындыгынан келип чыккан коркунучтардан коомдун жана курчаган жаратылыш чөйрөсүнүн өз ара аракеттешүүсүнүн процессинде жарандардын, коомдун жана мамлекеттин жашоого маанилүү болгон кызыкчылыктарын корголуу абалы катары аныкталат.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун мазмуну булганган жаратылыш объектилери тарабынан болгон коркунучтарды нейтралдоого багытталган уюштурууучулук укуктук, экологиялык экономикалык, тарбиялык, илимий техникалык жана башка мүнөздөгү чаралардын комплексин өткөрүүдө, башкача айтканда калк, территориялар, техногендик жана жаратылыштык булганбаган объектилер үчүн коопсуз абалды камсыз кылууну түшүндүрөт. Ошону менен биргеликте, кабыл алынган деңгээлдеги корголууга жетүү максаты көздөлөт, анткени абсолюттук корголуунун жана абсолюттук түрдө коопсуз болгон ишмердүүлүктүн жана технологиялардын болуусу мүмкүн эмес.

Жарандардын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу оордошкон экологиялык кризис, курчаган жаратылыш чөйрөсүнө болгон техногендик ишмердүүлүктүн күчөгөн негативдик таасиринин жана эл аралык терроризм коркунучунун пайда болуу шарттарында жарандардын корголуусун жогорулатууда. Экологиялык коопсуздуктун адамдын жана жаратылыштын өз ара көз карандылыгын түшүнүүгө, жаратылыш объектилерин булгоону болтурбоого багытталган алдын алуучу экологиялык тыюулардын иштелип чыгуу зарылдыгын таанууга, ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн аткарууда экологиялык коопсуздуктун приоритетин шексиз түрдө таануу жана камсыз кылууга багытталган уюштурууучулук, тарбиялык, социалдык экономикалык жана укуктук мүнөздөгү чаралардын комплексин аткарууга жана табият кырсыктарына каршылык көрсөтүүгө жөндөмдүү болгон мамлекеттик механизмди түзүүнүн милдеттүүлүгүн түшүнүүгө негизделгендигин эскертип кетүү зарыл.

Келечектеги муундардын түртүү ресурстар боюнча кызыкчылыктарын бузбастан адамдардын азыркы муундарынын керектөөсүн канааттандыруунун фонунда коомдун жана биочөйрөнүн гармониялык өнүгүүсүн камсыз кылууга жөндөмдүү болгон ойлонулган

социалдык экономикалык жана экологиялык ресурстук саясатты өткөрүү маңызын түзгөн экологиялык коопсуздук жана социялык экономикалык жана экологиялык ресурстук саясат Туруктуу өнүгүү концепциясынын негизги түзүмү болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Биздин көз карашыбыз боюнча, айлана чөйрөнү коргоонун уюштуруучулук укуктук механизминин алкагында жарандардын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу үчүн колдонулган укуктук каражаттардын жыйындысы жетиштүү түрдө толук болуп эсептелип, бирок жетиштүү түрдө натыйжалуу колдонулбайт жана жарандардын экологиялык укуктарынын жана милдеттеринин комплексинен сырткары экологиялык пландоону жана айлана чөйрөгө болгон таасирдин баалоосун камтыйт.

Территориялардын жаратылыштык жана социалдык экономикалык өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде өзгөчө корголгон жаратылыш территорияларын, атайын корголууга дуушар болгон жаратылыш территорияларын жана био чөйрөлүк резерваторлорду колдонуу жана коргоо режимин, чарбалык жана башка ишмердүүлүктү пландоодо жана ишке ашырууда эске алуу башкаруунун функциясы болуп саналат, ал эми жарандардын жагымдуу айлана чөйрөгө жана бузуу менен тийгизген зыянды төлөп берүүгө болгон укук жарандардын негизги экологиялык укуктары болуп эсептелет[109, 39б.].

Заманбап экологиялык мыйзамчыгаруучулуктун талдануусу белгилүү жыйынтыктарды жана анын өнүгүүсүнүн тенденциясын белгилеп кетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок бүгүнкү күндө экологиялык мыйзамчыгаруучулуктун өнүгүүсүнүн так куралган тенденциялары тууралуу кеп кылуу жетиштүү түрдө татаалдыктарды жаратат, анткени анын абалын көз карандысыз эксперттер тарабынан ишенимдүү баалануусу зарыл. Бул тенденциялар мамлекеттин же эл аралык

коомчулуктун кызыкчылыктарынан келип чыккандыгын эске алуу менен түрдүү болуусу мүмкүн[110, 101б.].

Келечекте чечилүүсүн талап кылган маанилүү көйгөйлөрдүн акыркысы болуп экологиялык укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу чөйрөсүндөгү жарандардын активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн укуктук шарттарды түзүү көйгөйлөрү эсептелет. Мамлекеттин саясаты бүткүл калктын экологиялык сабаттуулугунун өнүгүүсүн жана ошондой эле экологиялык абалдын сакталуусуна аң сезисдүү көмөктөшүүнү камтыган эмес. Андан сырткары, жарандар тарабынан айлана чөйрөнү коргоо үчүн активдүү аракеттер үчүн стимулдарда жок болгон. Тажрыйбага ылайык жарандардын өздөрүнүн экологиялык укуктарын түшүнүүдө аларда бүгүнкү күндө көп учурда экологиялкы укук чөйрөсүндөгү аларга берилген укук тууралуу так эмес түшүнүктөрү бар, ошондуктан көрсөтүлгөн чөйрөдөгү калктын пассивдик аракеттерин белгилеп кетүүгө болот. «Жашоого жагымдуу болгон курчаган чөйрө» аныктамасынын мыйзамчыгаруучулук бекитилген так эместиги жагдайды оордотуп, субъективдик укуктардын түшүнүлүүсүнүн татаалдануусуна алып келет.

Мамлекеттик курулуштун бүгүнкү шарттарында экологиялык көйгөйлөр басымдуу мааниге ээ болуп, мамлекеттик укуктук чаралардын жана каражаттардын комплексинин иштелип чыгуусу жана жакшыртылуусу жарандардын экологиялык коопсуздугунун бар болгон системасын бекемдөөгө, анын натыйжалуулугун жогорулатууга жана жарандардын конституциялык бекитилген экологиялык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылууга мүмкүнчүлүк жаратат. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамчыгаруучулукта өзгөчө көңүл иштеп жаткан нормативдик укуктук актылардын милдеттүү аткарылуусу үчүн шарттардын түзүлүүсүнө бөлүнүүсү милдеттүү, анткени иштеп жаткан мыйзамдар алардын тийиштүү аткарылуу учурунда

экологиялык коопсуздуктун камсыз болуусунун зарыл болгон юридикалык негизин түзө алат.

Социалдык өнүгүүнү, экономикалык өсүүнү, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында айлана чөйрөнү коргоону жана рационалдык жаратылышты колдонууну укуктук жөнгө салуунун глобалдык негиздеринин эл аралык тажрыйбасын жана тенденцияларын эске алуу менен кайрадан ойлонуп чыгуу зарыл. Алгач, экологиялык укук илиминин андан аркы өнүгүүсү үчүн Мамлекеттик экологиялык саясаттын концепциясы заманбап талаптарга жана перспективаларга адекваттуу болуусу керек. Бул экологиялык доктрина туруктуу өнүгүү идеяларына, экологиялык зыянды болтурбоо, экосистемалык ыкма принциптерине адаптацияланган мамлекеттин жана коомдун заманбам идеологиясын чагылдырган документ болуп саналат. Андан мамлекеттик экологиялык саясаттын стратегиялык максаттары, маселелери, принциптерин бекитилүүсү керек. Маанилүү орун айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүн илимий камсыздоого, анын заманбап укуктук механизмин түзүүгө берилүүсү зарыл.

Концепцияны түзүүдө жана негиздөөдө өзгөчө көңүл укуктук категорияларга бөлүнүүсү милдеттүү. Айлана чөйрөнү коргоону жана рационалдык жаратылышты колдонууну натыйжалуу камсыз кылган укуктук категориялардын системасында өзгөчө орунда экологиялык укуктук тартип ээлейт. Экологиялык укуктук тартип жарандык коомдо адамдын жашоо чөйрөсүн коргоо, жаратылыш ресурстарын, объектилерин жана комплекстерин этияттык менен колдонуу боюнча пайда болгон, негизги максаты калктын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу түзгөн укуктук мамилелердин жыйындысынын жыйынтыгы жана абалы катары аныкталган укуктук тартиптин түрү катары каралат. Бул укуктук категория жетектөөчү түрлөрүнүн бири болуп, анын илимий иштелип чыгуусунан экология укугунун илиминин абалы жана

мыйзамчыгаруучулук тажрыйбанын жана экологиялык укуктук тартиптин ишке ашуусунун тажрыйбасынын абалы көз каранды[111, 129б.].

Кыргыз Республикасы өзүнүн туруктуу өнүгүүсүнө болгон жолдо коомдун бүгүнкү керектөөсүн канааттандыруусун өзүнүн вектору болгон чараларды иштеп чыгып, ишке ашырууга милдеттүү, бирок ошону менен биргеликте келечектеги муундун өздөрүнүн жеке керектөөсүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө коркунуч жаратпоосу абзел, ошого байланыштуу мамлекеттин өнүгүү стратегиясында төмөнкүлөргө багытталган чаралардын системасын өзүнө камтуусу талап кылынат: ар бир адамдын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө; социалдык чөйрөнүн жашоосунун шарттарын жана сапатын жакшыртууга; айлана чөйрөнүн сапатын жана адамдын жашоосунун экологиялык шарттарын жакшыртууга; айлана чөйрөнүн абалын жакшыртууга, экологиялык стандарттарды көтөрүүгө; өндүрүштүн таштандыларын утилдөөнүн жана анын керектөөсүнүн натыйжалуу системасын иштеп чыгууга; сапаттуу ичүүчү суу менен калктын камсыздалуусун жогорулатууга; экологиялык талаптарды так сактоого.

1998-2001-жылдарга жаратылышты коргоо ишмердүүлүгүн бекемдөө жана өнүктүрүү Концепциясында Кыргызстандын экологиялык системасынын өзгөчөлүктөрү аныкталып, антропогендик таасирдөөгө дуушар болгон, жаратылыш ресурстарын жырткычытык колдонуунун эсебинен экологиялык жагдайдын начарлоосуна алып келген мыйзамсыз аңчылык, токойлордун кесилиши, айдоо жерлерин экстенсивдик колдонуу жана башкалар белгиленип, ошол эле убакытта айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы ишмердүүлүктүн негизги багыттары аныкталган[112].

Экологиялык коопсуздук концепциясында бекитилген айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негиздери Кыргызстандын экологиялык приоритеттерин, анын ичинде жаратылышты коргоо мыйзамчыгаруучулугунун системасын түзүүнүн,

мамлекеттик көзөмөлдүн жана экспертизанын, экономиканын экологиялашуусунун, айлана чөйрөнүн мониторингинин суроолорун аныктайт[57].

Мамлекеттин суунун сапатынын начарлоосу жана ошондой эле анын баарына мүмкүн болуусу, автомобилдик транспорттун жана башка стационардык булактардын таштандыларды чыгаруусунун эсебинен абанын булгануусу, экологиялык системанын начарлоосу, жер ресурстарынын деградациялоосу, республиканын экологиялык абалын чагылдырган тиричилик таштандыларынын өсүүсү жана ошондой эле өзгөчө кырдаалдар, анын ичинде адамдын жашоо тиричилигине керек болгон жана анын жашоосуна жана өнүгүүсүнө коркунуч жараткан жаратылыштык мүнөздөгү көрүнүштөрдүн, маанилүүлүгү жана көйгөйлөрдү жараткандыгы Улуттук коопсуздуктун концепциясында[113] белгиленип, бүгүнкү мезгилде мамлекеттин маанилүү кызыкчылыктары катары жагымдуу айлана чөйрөнү узак мөөнөттөгү перспективага куруун шарттады.

Ошону менен биргеликте, экология жана жаратылыш ресурстарын колдонуу чөйрөсүндө бул багыттар перспективдүү катары эсептелинет:

- жаратылыш ресурстарын рационалдык колдонуу (ресурстарды үнөмдөп сактаган таштандысыз жана заманбап экологиялык технологияларды иштеп чыгуунун эсебинен);

- айлана чөйрөнүн булгануусун жокко чыгаруу (экологиялык таза технологияларды, энергиянын коопсуз булактарын жана башкаларды кодонуунун эсебинен);

- биологиялык түрдүүлүктү сактоо максатында өзгөчө коргоонун астында болгон жаратылыштык территориялардын зоналарын кеңейтүү;

- экологиянын жана трансчектик дарыялардын абалын дайыма байкап, талдоо;

- экологиялык абал менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү үчүн кошумча эл аралык инвестицияларды чакыруу;

- экологияга болгон сый мамилени тарбиялоо;

- климаттын өзгөрүлүүсүнө адаптациялоого багытталган улуттук стратегияны иштеп чыгуу жана ошондой эле анын кийирилүүсү;

- кооптуу мүнөзгө ээ болгон жаратылыш ресурстарын прогноздоо жана мониторинг жүргүзүү;

- экологиялык катастрофаларды алдын алууга жана жок кылууга багытталган натыйжалуулугу менен өзгөчөлөнгөн укуктук жана каржылык камсыздоонун системасын түзүү;

- уулуу жана ууктуруучу заттар менен иштеген өндүрүш объектилеринин туруктуулугун жакшыртууга максаттуу багытталган иш чараларды туруктуу негизде ишке ашыруу;

- жаратылыштык техногендик катастрофалардын коркунучунун пайда болуусун алдын ала аныктоо максатында мамлекеттер арасында аларды аныктоо жана алдын алуунун системасын иштетүү[113].

Экологиялык мыйзамчыгаруучулуктун бүгүнкү абалы экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн укуктук негизин жараткан мамилелерди жөнгө салган түз таасирдеги мыйзамдардын кеңири тобунун бар болуусу менен мүнөздөлөт. Ошону менен биргеликте, экологиялык коопсуздуктун камсыз кылуу чөйрөсүндө негиз салган мыйзамды экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга, чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн зыяндуу таасирин жок кылууга, жаратылыш ресурстарын кайрадан чыгарууга, айлана чөйрө үчүн кайтарылгын кесепеттерди болтурбоого багытталган Кыргыз Республикасынын «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы эсептелет. Бул маселени чечүүгө мыйзамда иштелип, камтылган айлана чөйрөнү коргоонун экономикалык механизми, айлана чөйрөнүн сапатын нормалоо,

экологиялык экспертиза, экологиялык аудит, өзгөчө экологиялык кырдаал, экологиялык стандарттоо жана сертификациялоо, экологиялык көзөмөл, экологиялык камсыздандыруу тууралуу негизги жоболор жана ошондой эле объектилерди жана ишмердүүлүктүн түрлөрүн орнотуу, проектирлөө, куруу, реконструкциялоо, эксплуатацияга киргизүүдөгү талаптар багытталган[114].

Бул мыйзамда коргоонун объектилерин мындай түрлөргө бөлүү ишке ашырылган: антропогендик таасирге дуушар болгон, башкача айтканда табигый экосистемалар, жаратылыштык ландшафттар жана жаратылыштык комплекстер, мамлекеттик жаратылыштык коруктар, анын ичинде биочөйрөлүк мамлекеттик жаратылыштык корукчалар, жаратылыш эстеликтери, улуттук, жаратылыштык жана дендрологиялык парктар, ботаникалык бактар, дарылоочу ден соолукту жакшыртуучу жерлер жана курорттор, башка жаратылыштык комплекстер кирген өзгөчө корголуучу объектилерди камтыган айлана чөйрөнүн компоненттер; өзгөчө жаратылышты коргоочу, илимий, тарыхый маданий, эстетикалык, рекреациялык, саламаттыкты жакшыртуучу жана башка мааниге ээ болгон объектилер жана ошондой эле сейрек кездешүүчү жана коркунучта болгон токойлор жана башка өсүмдүктөр, жаныбарлар жана кээ бир организмдер жана алардын жашоо чөйрөсү.

Айлана чөйрө адамдын көп түрдүү ишмердүүлүгүнүн операциялык базиси, жаратылыш менен жаратылган, көп же аз өлчөмдө адам тарабынан өзгөртүлгөн жана белгилүү жерде жана белгилүү убакытта адамдын жашоосунун шарттарын түзгөн табигый элементтердин жыйындысы; коомду курчаган, адамдын коомчулугунан сыртта болгон бардык материалдык дүйнө болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Ошондуктан айлана чөйрө анын территориясында жашаган адамдын жашоосунун шарты жана каражаты, мамлекеттик бийликтин ишке ашуусунун мейкиндиктүү чеги, өнөр жайдын, айыл чарбасынын, маданий тиричилик

багыттагы объектилердин орун алган жайы жана башкалар болуп эсептелет [114].

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамилелерди Кыргыз Республикасынын «Экологиялык экспертиза жөнүндө» мыйзамы жөнгө салып, ага ылайык чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн айлана чөйрөгө болгон негативдүү таасирин алдын алуу аркылуу жагымдуу айлана чөйрөгө болгон жарандардын конституциялык укуктарын ишке ашыруу бул мыйзамдын кабыл алынуусунун негизги максаты катары бекитилген. Ошондой эле мыйзамда экологиялык экспертизанын негизги мындай принциптери аныкталгандыгын белгилеп кетүү зарыл: ар бир пландалып жаткан чарбалык ишмердүүлүктүн потенциалдык экологиялык кооптуулугунун презумпциясы; экспертизанын объектисинин ишке ашуусу тууралуу чечим кабыл алууга чейин мамлекеттик экологиялык экспертизанын милдеттүү өткөрүлүүсү жана башкалар. Мыйзам жетиштүү түрдө буларды тереңирээк аныктайт: экологиялык экспертизанын чөйрөсүндөгү түрдүү органдардын ыйгарым укуктары; экологиялык экспертизанын объектилерин, мамлекеттик жана коомук экологиялык экспертизанын жүргүзүлүү тартиби; экологиялык экспертиза чөйрөсүндөгү жарандардын жана коомдук бирикмелердин укуктары[115].

Ошону менен биргеликте, коомчулуктун өкүлдөрүнүн бардык материалдар менен таанышуу укугу менен адис же байкоочу катары экспертизада катышуу мүмкүн болуп эсептелет, бирок мамлекеттик, коммерциялык же башка мыйзам менен корголгон сырды сактоо зарылдыгын эске алууну адистерди тандоо өткөрүлүүсү зарыл маселе болуп, сыр маалымат менен иштөөгө адистерди мүмкүнчүлүк алуу, мамлекеттик сыр жөнүндө мыйзамчыгаруучулук менен каралган алардын укуктарына чектөөлөрдү жана башка процедураларды колдонуу менен ишке ашууга болот.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын калкынын радиациялык коопсуздук тууралуу» мыйзамынын өзгөчө маанилүүлүгү анын калктын саламаттыгын коргоо максатында анын радиациялык коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктагандыгы менен түшүндүрүлөт. Мыйзамда мындай маанилүү негиздер бекитилгендигин белгилеп кетүү зарыл: калктын жана ишкерлердин шоолануусунун гигиеналык нормативдери (мүмкүн болгон дозанын чектери); радиациялык коопсуздукту камсыз кылуунун жалпы талаптары; радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү компетенттүү органдардын, кызмат адамдарынын жана калктын укуктарын жана милдеттери; радиациялык коопсуздукту камсыз кылууга коюлган талаптарды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик[116].

Кыргыз Республикасынын «Өндүрүштүн жана керектөөнүн калдыктары жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынуусунун максатын өндүрүштүн жана керектөөнүн калдыктарынын адамдын саламаттыгына жана бизди курчаган жаратылыш чөйрөсүнө болгон зыяндуу таасирин жок кылуу түзөт. Көрсөтүлгөн максат калдыктар менен иш жүргүзүү боюнча ишмердүүлүктү лицензиялоо, калдыктардын пайда болуусунун көлөмүн азайтуу максатында калдыктардын пайда болуусунун жана алардын орун алуусунун чектөө боюнча нормативдерин иштеп чыгуу; кооптуу калдыктар менен иш жүргүзүүнүн бардык этаптарында так талаптарды аныктоо менен ишке ашат[117].

Жаратылыштык жана техногендик мүнөзгө ээ болгон өзгөчө кырдаалдардын көбөйүү коркунучуна натыйжалуу жооп берүүнүн, чара көрүүнүн механизмдеринин жок болгондугу белгиленип, мамлекет тарабынан бул чөйрөнү жетиштүү көлөмдө каржылоону талап кылган аларды алдын алуу жана жок кылуу боюнча заманбап иш чаралардын курч зарылдыгы жаралат. Ошону менен биргеликте, колоссалдуу зыянын тийгизген, республикада орун алган өзгөчө кырдаалдардын

фактыларынын өсүү тенденциясына көрсөтүү зарыл. Сел жүрүүлөр, грунттук суулар менен чөгүү, кар көчкүлөр жана башка өзгөчө кырдаалдардан сырткары негизги суу артерияларга жакын жайгашкан жана табият кырсыктарынан жакшы корголбогон уулуу жана радиоактивдүү туюккаптардын олуттуу коркунучу бар. Кыргыз Республикасынын «Туюккаптар жана тоо катмары жөнүндө» мыйзам адамдардын азыркы жана келечектеги муунунун, айлана чөйрөнүн тюуккаптар жана тоо катмары менен иш кылууду коопсуздугун камсыз кылууга чакырылган. Анда туюккаптар жана тоо катмары менен иш жүргүзүү суроолору боюнча мамлекеттин саясаты ачыкталып, калкка жана айлана чөйрөгө анын зыяндуу таасиринин алдын алынуусу боюнча ишмердүүлүктүн укуктук негиздерик аныкталып, тийиштүү мамлекеттик органдардын коопсуздукту камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктары жана ошондой эле туюккаптар менен иш жүргүзүү чөйрөсүндө ишканалардын (уюмдардын жана башкалардын) жоопкерчиликтери бекитилген[118].

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салган нормалар ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде[119], Токой кодексинде[120], Суу кодексинде[121], Кыргыз Республикасынын «Жер казынасы жөнүндө» [122], «Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө» [123], «Кыргыз Республикасынын биочөйрөлүк территориялары жөнүндө» [124], «Жаныбарлар дүйнөсу жөнүндө» [125], «Өсүмдүк дүйнөсүн коргоо жана колдонуу жөнүндө» [126], «Кыргыз Республикасынын тоолуу территориясы жөнүндө» [127], «Озон катмарын коргоо жөнүндө» [128] жана башка мыйзамдарындка камтылган.

Жакырчылыкты кыскартууга, калктын азык түлүк камсыздалуусунун суроолорун чечүүгө багытталган, социалдык экономикалык чөйрөдө реформалардын өткөрүлүүсүн камтыган, адамдын

туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөгөн кабыл алынган стратегиялык документтерге 2003-2005-жылдарга Кыргыз Республикасынын Жакырчылыгын кыскартуунун Улуттук стратегиясы[129], 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өнүгүүсүнүн комплекстик негиздери кирип, жарандык коомдун жана мамлекеттин жана ошондой эле эл аралык коомчулук менен кызматташтыктын өнөктөштүгүн түшүндүргөн улуттук өнүгүү үчүн бар болгон потенциалды натыйжалуу колдонуу менен калыптанган кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүнчүлүк жараткан программалар катары кабыл алынгандыгын баса белгилеп кетебиз[130].

Калктын өсүүсү менен алардын керектөөсүнүн көбөйүүсү жаратылыш ресурстарына болгон жүктүн көбөйүүсүнө жана анын алсызданууусуна алып келип, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүнүн кыскаруусуна алып келип, экономикада, миграциянын өсүүсүндө жана коомдогу негативдик көрүнүштөрдө жана ошондой эле мамлекеттин алсызданууусунда натыйжа катары чагылдырылат. Бүгүнкү күнгө чейин региондордо суу керектөөсүнө суугаруу каналдарынан аккан суу колдонуп келишип, санитардык жана эпидемиологиялык жагдайдын начарлоосуна алып келет. Айыл жергесинин жашоочулары калктын алтымыш пайызынан ашыгын түзгөндүгүн эске алгандажана алардын жашоосуна зарыл болгон булакты негизинен жаратылыш ресурстары түзгөндүгүн белгилесек, башкача айтканда малын баккан жайыттарды, айыл чарбасынын азык түлүктөрүн өстүргөн түшүмдүү жерден көз каранды болгондугун баса белгилесек, анда жаратылыш ресурстарынын алсызданууусунун коркунучу табигый түрдө пайда болот. Ошондуктан республикада азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун кризисин чакырган жаратылыш ресуртарын рационалдык эмес колдонуунун көйгөйлөрү пайда болууда.

Эл аралык укуктук документтерде камтылган укуктук нормалар биздин мамлекетибиздин экологиялык коопсуздугунун камсыз болуусуна чоң таасирин тийгизет, себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинде эл аралык укуктун баарына таанылган принциптери жана нормалары Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүмдүү бөлүгү болгондугу аныкталат[108].

Конвенциялардын алкагында эл аралык кызматташтыктын пайдалуу жыйынтыктары улуттук мыйзамчыгаруучулуктун өнүгүүсүнүн алдын ала кадамдары менен даярдалган, Кыргызстандын эл аралык келишимдерге катышуу мүмкүнчүлүгүн аныктаган республиканын экологиялык коопсуздугунда чагылдырылат, антпесе биздин мамлекет өзүнүн эрки бар болгон учурда да эл аралык милдеттенмелерди аткарууга өз мойнуна алууга мүмкүнчүлүгү жок болот же бул милдеттенмелерди өзүнүн кызыкчылыктарынын зыянына аткарып калат, анткени эл аралык милдеттенмелердин ишке ашуусу улуттук мүмкүнчүлүктөр менен камсыздалбайт (нормативдик базанын бар болуусу жана керектүү каржылык каражаттар жана башкалар). Биздин республиканын Бүткүл Дүйнөлүк туруктуу өнүгүү боюнча Саммитте[131] катышуусу үчүн биздин республикабыздын Өкмөтү менен жактырылган 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүгө өтүүсүнүн концепциясы, Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүгө жылуусунун жыйынтыктарынын баалануусу жана 21-кылымга болгон Күн тартиби[132] кабыл алынып, биздин өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн шартын улуттук коопсуздуктун бөлүгү болгон жана анын негизинде жаратылыш системасын коргоо жана айлана чөйрөнүн тийиштүү сапатын камсыз кылуу болгон экологиялык коопсуздук болгондугу менен шартталып, жашоого жагымдуу болгон шарттардын биринчи даражада болгондугун бекитүүнүн тууралыгын дагы бир жолу белгилейт. Республиканын алкагында орун алган мезгилде бул жерде жашаган

адамдар үчүн чындыгында пайдалуу, бузуу жана башка каалабаган алардын саламаттыгына кесепеттерге алып келбеген жагдайдын сакталуусу абзел, себеби комплекстүү мүнөзгө ээ болгон коом менен мамлекеттин жашоо тиричилигинин түрдүү аспектилерин өзүнө камтыган конституциялык экологиялык кызыкчылыктардын сакталуусу туруктуу болуусу милдеттүү. Ошол эле убакытта экологиялык кызыкчылыктарды ишке ашыруу мамлекет тарабынан системалык ыкманы колдонуусун талап кылат. Маңызын, маанисин жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө экологиялык кызыкчылыктарын алардын айкалышуусу жана балансында ишке ашыруу суроолору өзгөчө актуалдуулукка ээ.

Жогоруда белгиленгендей, инсандын, коомдун жана мамлекеттин экологиялык коопсуздугуна маанилүү таасирди глобалдашуу процесстери тийгизип, чет мамлекеттердин тажрыйбасын чыгармачылык ойлонууну жана кабыл алууну жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктери менен экологиялык коопсуздуктун кызыкчылыктарынын ортосундагы акылдуу балансты аныктоо максатында биздин укуктук системага эл аралык укуктун нормаларын маани берүү менен имплементациялоо процессин ишке ашууну талап кылат. Глобалдашуу процесстеринин өнүгүүсүнүн маанилүү жыйынтыгын Киот протоколун ратификациялоо түзүп, бирок анын ратификациялануусу Кыргызстандын укуктук мейкиндигиндеги анын талаптарынын автоматтык түрдө ишке ашуусун кепилдебей, жетиштүү түрдө маанилүү мамлекеттик укуктук өзгөрүүлөрдү жүргүзүү үчүн кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу менен биргеликте өлкөнүн ичинде социалдык экономикалык ички өсүүсүн камсыз кылууга түрткү жараткан жагымдуу шарттарды түзүү болгон. Бүгүнкү күндө эл аралык деңгээлде глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү биргеликте чечүү үчүн эл аралык экологиялык коопсуздуктун камсыз кылган бардык өлкөлөр үчүн бирдиктүү укуктук талааны түзүү зарылчылдыгы пайда болду, ошого байланыштуу биздин

мамлекетибиздин регионалдык экологиялык коопсуздуктун бар болгон укуктук системасына интенсивдүү кирүүсү максатка ылайыктуу болуп эсептелет. Ошого байланыштуу жашоого жана келечектеги муун үчүн бул табигый шарттардын сакталуусунун татаал абалы тууралуу маселелерди мамлекеттер аралык мейкиндикте жалгыз гана республиканын катышуусу эмес, анын активдүүлүгү талап кылынат, ал эми экинчи жагынан – мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу маселелерин чечүүгө көмөктөшүү маанилүү, анткени ал экологиялык гана эмес, ошондой эле саясий мааниге ээ болуп, анын чечилүүсү калктын жашоосунун сапатынын жана деңгээлинин дайыма жакшыртылуусун камсыз кылган прогрессивдүү жана динамикалык өнүгүүсүнүн туруктуу моделине биздин мамлекетибиздин реалдуу жана ырааттуу өтүүсү үчүн керектүү шарттардын түзүлүүсүн талап кылган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жана ошондой эле коомчулуктун ортосундагы кызматташуунун негизинде анын чечилүү мүмкүн болгондугу анык маселени жаратат.

Жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөрүүсү, жер ресурстарынын бузулууга дуушар болуу мүмкүнчүлүгүнүн жогорулоосу, жердин эрозиясы, сел жана жер көчкү болгон жагымсыз көрүнүштөр токойлордун абалынан көз каранды болгондуктан, токойлордун кыйроосу менен күрөшүүнүн актуалдуулугуна байланыштуу туруктуу өнүгүүнүн принциптерине жооп берген токой өндүрүшүнүн сакталуусун камсыз кылууну өзүнүн вектору катары аныктаган 2025-жылга чейин Кыргыз Республикасынын токой тармагын өнүктүрүүнүн концепциясы, 2005-2015-жылдарга Улуттук токой программасы кабыл алынган.

Кыргызстан кыска мөөнөт ичинде эл аралык жаратылышты коргоо боюнча конвенцияларды жана протоколдорду колдоодо өзүнүн туруктуу ырааттуулугун жана туруктуу өнүгүү жолу менен жүргөндүгүн тастыктап, бул чөйрөдөгү аткарылган багыттардын, анын ичинде өзүнүн нормаларындагы социумдун өзгөрүүсүн так чагылдырган

мыйзамчыгаруучулуктун камтыган милдеттенмелердин жаратылышты коргоочулук андан ары иштелүүсүн жана конкреттелүүсүн талап кылган маанилүү жагдай болуп эсептелет. Алдыдагы пландаштырууда бардык багыттар жана ресурстар өзүнүн чагылышын керек экендигин көрсөтүү зарыл. Программдык документтерди негизги басым өлкөнүн келечектеги мууну үчүн жаратылыш ресурстарын стратегиялык аяныч менен мамиле кылууга жана сактоого багытталуусу абзел. Кабыл алынып жаткан нормативдик укуктук актыларды толук кандуу аткаруу үчүн мамлекет тарабынан реалдуу колдоо жана мамлекеттин масштабында экология чөйрөсүндөгү өткөрүлүп жаткан иш чаралар тууралуу калкты маалымдоону ишке ашырган, анын ичинде жаратылышты коргоо суроолоруна, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу көйгөйлөрү чоң мааниге ээ, массалык маалымат каражттарын каржылык камсыз кылуу түзгөн зарыл шарттардын милдеттүү түрдө болуусун баса белгилеп кетүү абзел. Экология чөйрөсүндөгү өткөрүлүп жаткан реформалардын ишке ашуусу үчүн экологиялык мыйзамчыгаруучулукту сактоо, даярдоо жана кайрадан даярдоо жана ошондой эле жаратылышты коргоо түзүмдөрүнүн адистеринин деңгээлин жогорулатуу жана андан ары жаратылыш ресурстарына аяр мамиле кылгандарды жана экологиялык коопсуздуктун чараларын аткаргандар үчүн аларды стимулдоо боюнча жалпы экологиялык укуктук окутуу жана тарбиялоосусуз мүмкүн эмес.

Ошентип дүйнөдө орун алып жаткан процесстердин таасири астында экология чөйрөсүндөгү эл аралык мамилелер жана ошондой эле туруктуу жаратылышты колдонуу жолунда мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарын жана керектөөсүнүн эске алынуусу жана оптималдуу айкалышуусуна багытталган натыйжалуу чечимдердин иштелип чыгуусун гармонизациялоо процессинде талап кылган айлана чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндө эл аралык жана улуттук мыйзамчыгаруучулук активдүү түрдө өнүгүп келет.

Иштелип жаткан укуктук негиздер жагымдуу айлана чөйрөгө болгон укукту ишке ашыруу, айлана чөйрөнүн сапатын жакшыртуу жана туруктуу жаратылышты колдонууга жетүү чөйрөсүндө экосистеманын азыркы абалын эске алуу менен жаратылыш ресурстарын кодонуудагы мамилелердин өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө алып келип, Кыргыз Республикасында жана глобалдык масштабда экологиялык коопсуздукка талашсыз таасирин тийгизет.

### 2.3. Экологиялык коопсуздуктун өнүгүүсүнүн тенденциясы

Бүгүнкү мезгилде экологиялык коопсуздуктун маселелери илимий техникалык төңкөрүштүн, экологиялык системанын натыйжасы катары адамдын ойлонулбаган аракеттеринин кесепети катары бузуунун адамзатынын жашоосуна коркунуч туудургандыгы тууралуу түшүнүккө алып келгендиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан дээрлик дүйнөнүн бардык жеринде экологияны сактоо боюнча чараларды издөө иштери, пайда болгон абалды объективдүү баалоо, талап кылынган тез арадагы сунуштамаларды иштеп чыгуу жана ошондой эле экология чөйрөсүндөгү кризисти жана катастрофаларды токтотуунун тездетилген масштабдык чараларынын кабыл алынуусунун максатында экологиянын кыйроо коркунучуна алып келген детерминанттык белгилерди аныктоо ишке ашып келет.

Жаратылышка болгон мамлекеттин жана коомдун отурукташкан жана көнүмүштүү мамилеси, жаратылыш ресурстарына жетүү жана аларды коротуу идеологиясы экологиядагы кризистин пайда болуусунун жалпы мүнөздөгү себеби болуп, айлана чөйрөгө жок кылуусу таасирди көрсөткөн экономикалык, социалдык технологиялык чөйрөлөрдөгү көйгөйлөрү эске алынбай, концептуалдык эмес чечилүүсүнүн акыркы он жылда орун алгандыгын тастыктайт. Ошону менен бирге жер фондунун эрозияга жана анын запастарынын жок болуусу, арыктоосуна алып келген рационалдык эмес колдонуу, ичүүгө максатталган суунун булгануусу жана алардын көлөмүнүн азаюусу, калыбына келүүсү мүмкүн болбогон фаунанын жана флоранын кээ бир түрлөрүнө ойлонулбаган мамиленин натыйжасында алардын жок болуусу экологиялык билимдердин жана аң сезимдин жетишсиздигинин себебинен адамдын айлана чөйрөгө болгон тең эмес таассирдөөсүнүн түрлөрү болуп саналат. Калктын экологиялык

коопсуздукка окутуусунун заманбам системалуу ыкмаларынын жоктугу экологиялык баланстын бузулуусуна шарт түзүп, жаратылыш чөйрөсүнүн туура эмес иштөөсүнө алып келип, андан соң жаратылышты коргоонун нормаларынын бузулуусунун күчөтүлүүсүнүн натыйжасы болуп саналат. Адамдын чарбачылык ишмердүүлүгүнүн таасири астында экологиялык тең салмактуулуктун жок болуусу, анын калыбына келүүсүнүн кепилдиктеринин системасынын жоктугу жашоо чөйрөсүнүн бузулуусу түрүндө тескерисинче натыйжа берип, оорулардын көбөйүүсү, балдардын төрөлүүсүнүн кыскаруусу, саламаттыктын алсыздануусу жана калктын өлүмүнүн өсүүсү түзгөн начар экологиянын кесепеттерине алып келет.

Адамзатынын антиэкологиялык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында туулган көйгөйлөр жана алардын мамлекет тарабынан тийиштүү түрдө бааланбоосу цивилизациялык талаптарга жооп бербейт жана планетардык жашоого коркунуч жаратат. Ошого байланыштуу, мамлекеттик саясаттын бөлүгү катары экологиялык саясат мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары (идеологиялык маданий, илимий техникалык, социалдык, экономикалык жана башкалар) менен координацияда курулуусу зарыл. Ал эми экология чөйрөсүндөгү саясаттын маанилүү багыты болуп булар саналат: жагымдуу айлана чөйрөнүн сакталуусу жана камсыздалуусу, жаратылышты рационалдык колдонуу жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу[133, 37б.].

Азыркы мезгилде коомдун жашоосунун бардык аспектилери экология менен байланышкан, ошол себептен аны эске албоо, аракетсиздик жана ошондой эле айлана чөйрөнү сактоо жана жаратылышты рационалдуу колдонууну камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүктүн натыйжалуу ишке ашыруунун жоктугу дестабилдешкен экологиялык абалдын факторлорунун пайда болуусуна шарт түзүүсү мүмкүн. Бул жерде туура эмес социалдык мамлекеттик жана укуктук

ишмердүүлүктүн иштери боюнча абалдын жана анын кесепеттеринин масштабын объективдүү баалуу маанилүү.

Биз жасаган талдоонун жыйынтыгы көп учурда экология чөйрөсүндөгү нормативдик көрсөтмөлөр ишке ашпай калгандыгын көрсөттү. Мисалы, Ысык-Көл[134], Сары-Челек, Арсланбаб, Чаткал[135] көлдөрүн, жайларын коргоого багытталган айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү кабыл алынган токтомдор жана программалар аткарылган эмес жана адистердин баалоосу боюнча республикадагы экологиялык абал башкарылбай калган бойдон кала берүүдө. Ал эми бул кабыл алынган нормативдик документтер алардын ишке ашырылуусунун андан аркы жолдорун, процедураларын жана механизмдерин жөнгө салып, декларативдик бойдон кала бергендигин тастыктайт.

Жаратылышты колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик башкарууну мындан аркы оптимизациялоо боюнча кабыл алынган чаралар бул чөйрөдөгү натыйжалуу жыйынтыктарды бербергендигин жана бул чөйрөдөгү мамлекеттик органдардын кайрадан уюшулуусуна алып келип[136], бүгүнкү мезгилде орун алган абалды жакшыртуу боюнча ыйгарым органдарынын башкарылуусунун оптималдуу системасын иштеп чыгуусунун маанилүүлүгүн тастыктагандыгын белгилеп кетүү зарыл.

Жаратылыштын мүмкүнчүлүктөрүнө, жалпысынан экологияга болгон зыян катары биринчи орунга экономикалык өнүгүүдөгү коомдук керектөө чыгат, анткени жаратылыш ресурстарын ойлонбостон үнөмсүз колдонуунун активдүү ишмердүүлүгүн өзүнө камтып, айлана чөйрөнүн сакталуусу жана анын этияттык менен колдонуусу жөнүндө кызыкчылыктар мамлекеттик деңгээлдеги экономиканын өнүгүүсүнүн пландарын иштеп чыгууда жана кабыл алууда эске алынбагандыгын тастыктагандыгын белгилеп кетүү абзел. Аны менен бирге, экологиялык мүнөздөгү программалардын жана долбоорлордун каржылануусунан көз

каранды болгон жаратылыш чөйрөсүн коргоого багытталган чаралардын жетиштүү түрдө кабыл алынбай жаткандыгын белгиленет. Бул абалдын татаалдыгы экологиялык чөйрөдөгү билимдин жана маданияттын төмөндүгү, квалификациялуу адистердин жетишсиздиги менен оордошуп, экологиялык мыйзамчыгаруучулукту колдонуу жана сактоо боюнча кабыл алынып жаткан нормативдик укуктук актыларда чагылдырылат.

Адамдын ишмердүүлүгү менен аныкталган процесстер бүгүнкү мезгилде бизди курчаган айлана чөйрөгө коом тарабынан терс мамиледе негизделген жана концептуалдык ыкмалардын талап кылган экологиялык коопсуздуктун өнүгүүсүнүн тенденциясын көрсөтөт.

Жаратылышка жана анын ресурстарына коомдун керектөөчүлүк, колдонуучулук мамилесинин концепциясы анын алсыздануусуна, деградациясына алып келип, тийиштүү түрдө адамдын жана коомдун жашоосунда чагылдырылат. Адистердин пикири боюнча коомдун экономикалык байлыгы жаратылыштык байлыкты жокко алып келет. Экономикалык байлыктын жогорулоосу жаратылыш чөйрөсүнүн сапатынын төмөндөөсүнө жеткизип, жашоонун экологиялык сапатынын төмөндөөсүн чакырат. Анын натыйжасында жашоонун экономикалык жана экологиялык сапаттарынын ортосунда карама каршылыктар пайда болот [137, 142-150б.]. Материалдык баалуулуктарды өндүрүү керектөөнүн токтоосуз өсүүсүнө түрткү жаратат жана баюуга болгон умтулууну жана конкуренциянын өсүүсүн камсыз кылат. Ал эми бул болсо экосистемалардын экологиялык потенциалын бузуп (чарбалык көлөм), кайра калыбына келүүчү ресурстарды азайтып, жалпысынан айлана чөйрөнүн сапатын төмөндөтүп, биочөйрөнүн ресурстарынын алсыздантуучу эксплуатацияланууусуна алып келет[138, 257б.].

Таза теоретикалык аспектиде жаратылыш чөйрөсүнө кийлигишпөө идеясы карап кетсе болот, бирок адам өзүнүн коомдук өнүгүү процессинде олутуу кесепеттерге алып келген жаратылышка таасирдөөсүз жашап кете

албайт. Адам үчүн маанилүү болгон бул өнүгүүнүн натыйжасында бузуучу таасирге дуушар болгон бир да чөйрө калган жок – атмосферанын озон катмарынан, ландшафттардын бош калуусу жана дүйнөлүк океандын экосистемасынын кедейүсүнөн тартып айлана чөйрөнүн булгануусу менен чакырылган геномдун бузулуусуна чейин. Бүгүнкү мезгилде өнүгүүнүн мындай мүнөзүнүн сакталуусу экологиялык катастрофага алып келүүсү эч бир шекти жаратпайт[137, 142б.].

Адамдын жалпы планетардык өнүгүүсүндө орду тууралуу кеп кылып отуруп, айлана чөйрөнүн абалы менен байланышкан локалдык маселелерди чечүү менен адамзаты өзүнүн келечегине умтула албагандыгын белгилеп кетүү зарыл. Адам жаратылыштын өнүгүүсүнүн келечеги үчүн өзүнө жоопкерчиликти алган ыкма, жол тууралуу кеп бул жерде орун алууда. Бул окуунун тарапкерлери, колдоочулары тирүү жандыктарды жок кылуу же басмырлоо үчүн адамдын акылынын күчүн колдонбоонун мүмкүн эместиги тууралуу көз караш менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп, адамдын, жаратылыш жана коомдун, дүйнөнүн органикалык жана органикалык эмес, аң сезимдүү жана аң сезими жок күчтөрү ортосундагы гармониялууу илимий ойлонулган мамилелерди колдошот. Ага ылайык адам жаратылышты өздөштүрүп, жаратылыштын мыйзамдарына, жаратылыштык императивдерге ылайык өзүн жаңылантып, социалдык жана табигый процесстердин үстүнөн жөнгө салуу функциясын өзгөрүп келген ар бир тарыхый этапта сактоого мүмкүнчүлүк алат. Глобалдык экологиялык кризистин шарттарында неосфера тууралуу бул окуу өтө маанилүү потенциалды өзүнө камтыйт жана экологиялык кризистен чыгуунун жалпыга таанымал жана колдоого ээ болгон жолдорун түзөт[139, 209б.].

Экологиялык кризистин фонунда жана орун алган көйгөйлүү абалдын шартында экономикалык өнүгүүнүн, керектөөнүн жана калктын жайгашуусун чектөө идеясы пайда болууда. Бул концепция көп

талкуулоого алынып, сындарга ээ болду, анткени экологиялык катастрофаларды алдын алуу максатында адамзаты өзүнүн керектөөсүн чектөөсү зарыл жана экономиканын өнүгүүсү бул керектөөлөрдү канааттандырууга багытталуусу керек[140, 13-14б.]. Мындан сырткары, туруктуу өнүгүүгө өтүү жолунда экологияда белгилүү стадияларга экологиялык өнүгүүгө каршылык, тоскоолдук жаратпаган социалдык экономикалык өнүгүү ээ болуп келет. Бул жерде техночөйрөнүн мындан аркы экспансиясы экологияга анын катастрофасына алып келген коркунуч жаратат.

Ошол эле убакытта экологиянын көйгөйлөрүн чечүү үчүн экологиялык технологияларды түзүү каралып, алардын жаратылышка коомдун керектөөсүн чечүүдө этияттык мамиле кылууга мүмкүнчүлүк бергендиги, айлана чөйрөнүн жаратылыштык потенциалын сактоого, экологиялык процесстердин туруктуу факторлору катары калыптанып куралган түзүмдөрүнө жана фукнцияларына, жаратылыш ресурстарын кайрадан жандандырууну жана аларды реконструкциялоону сунуштаган адамдын жаратылышты куруу тажрыйбасын түшүндүргөн коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн кайрадан калыбына келүүчү маанилүү булагы боло алган глобалдык масштабдагы айлана чөйрөнү стабилдештирүүгө негизделген түрдө жашап кетүү стратегиясын иштеп чыгуу белгиленген.

Экологиялык коопсуздуктун маанилүү маселесин өнүгүүнүн экологиялык, социалдык жана экономикалык аспектилеринин ортосунда туура балансты табуу түзөт. Ошого байланыштуу жакырчылыкты туруктуу жана узак мөөнөткө кыскартуу төмөнкүлөрдү ишке ашырып, камсыз кылуусуз мүмкүн эмес: - айлана чөйрө азыркы жана келечектеги муундарга негизги экологиялык кызмыттарды камсыз кылуусу милдеттүү; - адамдын саламаттыгы булгануунун зыяндуу таасиринен корголгон; - экологиялык кызматтар (суу менен камсыз кылуу, канализация,

таштандыларды чогултуу жана жок кылуу) коомдун бардык катмарына» анын ичинде өзгөчө жакыр жашагандарга, жеткиликтүү болуусу зарыл; - жаратылыш ресурстары туруктуу жана узак мөөнөттөгү өнүгүүгө зыянын тийгизбесин үчүн рационалдык түрдө колдонулуусу керек; - экологиялык тобокелчиликтердин башкарылуусу[141, 13-17б.].

Глобалдык деңгээлде экологиялык коопсуздуктун камсыз кылынуусунун зарыл шарты болуп бир жагынан материалдык керектөөнүн өсүүсүнүн темпин азайтуу жана экинчи жагынан – жаратылыш чөйрөсүнүн кайрадан өндүрүлүүсүн табигый түрдө бузбаган механизмдер гана эмес, ошондой эле биочөйрөнүн өнүгүүсүнө түрткү жараткан жаратылышка туура келген технологияларды колдонуу эсептелет. Экологиялык коопсуздукту башкаруунун стратегиясы материалдык чөйрөнүн басымдуулук кылгандыгынан өтүүнү, адамдын жашоо турмушундагы материалдык жана руханий чөйрөлөрүнүн ортосунда балансты табууну жана биочөйрөгө туура келген, ылайыктуу технологияларга өтүүнү камтыйт.

Дүйнөлүк коомчулук менен колдоого ээ болгон жаратылыштын жана коомдун өз ара аракеттешүүсүнүн заманбап багыттары туруктуу өнүгүүнүн концепциясын түзүп, БУУнун айлана чөйрөнүн тармагында натыйжалуу узак мөөнөттөгү стратегияларды иштеп чыгуу боюнча жаратылышты коргоо ишмердүүлүгү менен байланышып пайда болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Ал эми өнүгүүнүн негизги маселесин адамзатынын керектөөсүн жана умтулууларын канаатандыруу түзүп, туруктуу өнүгүү келечектеги муундардын өздөрүнүн керектөөсүн канааттандырууга болгон мүмкүнчүлүгүнө коркунуч жаратпагандай болуп, азыркы убактагы керектөөлөрдү канааттандыруу катары аныкталат[142]. Ошентип, туруктуу өнүгүү биздин көз карашыбыз боюнча жалпысынан экологиялык убакыттык багытты эске алуу менен экологиялык негизделген экономикалык жана социалдык өнүгүүнү

түшүндүрөт.

